Долбоор

# 2018-2040-жылдарга КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

## «ТАЗА КООМ - ЖАҢЫ ДООР»

МАЗМУНУ

**НЕГИЗДЕМЕ** .... 4

**2040 КӨЗ КАРАШЫ** .... 8

**Стратегияны ишке ашыруунун программалык-максаттык ыкмасы** .... 14

**1. Стратегиялык негиз** .... 19
**1.1. ТАЗА КООМ – МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫН ЖАНА КООМДУН ЖАШОО-ТУРМУШУН САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО** .... 19
**1.2. ӨНҮГҮҮНҮН ДЕМОКРАТИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ** .... 21
ЖАРАНДЫК ШАЙКЕШТИК – КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ .... 21
ТАЗА ШАЙЛОО – ТУРУКТУУ МАМЛЕКЕТ .... 23
ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИНСТИТУТТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ .... 25
**1.3. ЭЛИМЕ КЫЗМАТ – МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ** .... 27
ПРЕЗИДЕНТТИК ИНСТИТУТ .... 27
ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮҮ БИЙЛИК .... 28
АТКАРУУ БИЙЛИГИ .... 30
**1.4 ЭКОНОМИКАЛЫК СЕКИРИК ҮЧҮН НЕГИЗДИ КАЛЫПТАНДЫРУУ** .... 33
ЖАГЫМДУУ БИЗНЕС-ЧӨЙРӨ .... 34
САПАТТУУ ИНФРАСТРУКТУРА .... 39
МЫЙЗАМДЫН ҮСТӨМДҮГҮ ЖАНА СОТ АДИЛЕТТИГИ СИСТЕМАСЫНА ИШЕНИМ .... 44
**1.5.СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗИ** .... 47
БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР – ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗ .... 47
ДЕН СООЛУККА ИНВЕСТИЦИЯЛОО ЖАНА САЛАМАТТЫК САКТОО КЫЗМАТТАРЫН КӨРСӨТҮҮНҮ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО .... 50
БЕЛ БОЛЧУ БИЛИМ, ИЗ КАЛТЫРЧУ ИЛИМ – САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ СИСТЕМАСЫ .... 55
ЭМГЕК ЖАНА ДӨӨЛӨТТҮҮ КАРЫЛЫК .... 61
**1.6 ТҮЗҮҮЧҮ ТЫШКЫ САЯСАТ** .... 64

**2. ЭЛДИН БАКУБАТТЫГЫ – ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ** .... 66
**2.1. СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ** .... 67
**2.2. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАР** .... 68
ЭМГЕК РЕСУРСТАРЫ ЖАНА ЖУМУШЧУ КҮЧҮНҮН САПАТЫН КӨТӨРҮҮ .... 68
ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КЛИМАТТЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА ЭКСПОРТТУН ӨСҮШҮ 71
ӨЛКӨНҮН РЕГИОНДОРУН ӨНҮКТҮРҮҮ .... 73

**2.3. ӨЛКӨНҮН ӨНӨР ЖАЙ ПОТЕНЦИАЛЫН ӨНҮКТҮРҮҮ** .... 75

**2.4. АГРОӨНӨР ЖАЙ КОМПЛЕКСИН ЖАНА КООПЕРАЦИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ** .... 78

**2.5. ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙ КЛАСТЕРЛЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮ** .... 81

**2.6. ТУРУКТУУ ТУРИЗМ** .... 84

**3. Адамдык өлчөө – өнүгүүнүн негизи** .... 87
**3.1. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТ** .... 87
**АДАМДЫК ПОТЕНЦИАЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ** .... 87
**3.2. МАДАНИЯТТУУ КЫРГЫЗСТАН** .... 92
**3.3. СВЕТТИК ӨЛКӨДӨ ДИНИЙ КӨП ТҮРДҮҮЛҮК** .... 95

3.4. АЛТАЙ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ЭЛДЕРИНИН ФОРУМУ ........................... 98

4. Коопсуздук ........................................................................................... 100
4.1. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТЫ ....................................................................... 100
4.2. КООПСУЗДУК ......................................................................................... 101
4.3.ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК ЖАНА КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮЛӨРҮНӨ АДАПТАЦИЯЛАНУУ ........................................................................................ 105

5.Өнүгүүнү башкаруу ................................................................................. 109
5.1.БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫН ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮГҮҮ ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ТУЗҮҮ ................................................................. 109
5.2.СТРАТЕГИЯЛООНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ ................................................. 111
МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО ...................................................................... 112

## НЕГИЗДЕМЕ

Бүгүн Кыргыз Республикасы тарыхынын маанилүү этабынан өтүүдө, мында биринчи жолу өлкөнү саясий жактан туруктуу, экономикалык кубаттуу жана социалдык жоопкерчиликтүү мамлекет катары өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлдү.

Соңку жети жылда Кыргыз Республикасынын Президентинин жана башка мамлекеттик органдардын ишиндеги артыкчылык саясий туруктуулукту, тынчтыкты жана этностор аралык өз ара түшүнүшүүнү сактоо, институттук системаны турукташтыруу, диний чөйрөдөгү кырдаал боюнча позицияны иштеп чыгуу жана терең саясий кризистерден кийин мамлекеттин сакталышын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон башка шашылыш маселелерди чечүү боюнча кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү милдеттерди аткарууга берилди. Бул туруктуу өнүктүрүү үчүн стратегиялык негиздерди 2013-2017-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук стратегиянын алкагында аныктоого мүмкүндүк берди.

Коррупцияга каршы системалуу күрөшүү, судьялар корпусун жаңылоо, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын, укук коргоо органдарынын ишин оптималдаштыруу, өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу боюнча олуттуу иштер аткарылды. Кыргыз Республикасын Евразия экономикалык биргине интеграциялоо, Европа Союзунун өлкөлөрүнө экспорттоо үчүн жеңилдетилген бажы тарифтерин белгилөө (ВСП+) боюнча иштерде жакшы ийгиликтерге жетишилди, алар республиканын тышкы соодадагы жана экономикалык кызматташтыктагы мүмкүндүктөрүн кеңейтет. Өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иштер башталды, бир катар инфраструктуралык долбоорлор ишке киргизилди, жол-транспорттук тармак жакшырууда, калкты биометрикалык идентификациялоо системасы киргизилди. Өлкөнүн бардык региондорунда мектептер ачылды жана сапаттуу кылып оңдолду, илим системасын реформалоонун негизи түзүлдү, калкты социалдык коргоону жакшыртуу жана иш менен камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлүп жатат.

Өлкөнүн маданий жана экологиялык мурасын кайра калыбына келтирүү боюнча масштабдуу демилгелердин биринчи цикли ийгиликтүү өткөрүлдү, аларга “Ак илбирсти жана анын экосистемасын сактоо”, “Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары, “Алтай цивилизациясы жана алтай тектүү элдер” форуму кирет, алар улуттук баалуулуктарды кайра жаратат жана өлкөнүн тышта белгилүү болуусун жаратат, ошондой эле эл аралык коомчулук менен маданий-гуманитардык кызматташтыктын маанилүү багыты болуп калды.

Өлкөнүн экономикасы дүйнөлүк экономикалык жана финансылык кризиске, энергия алып жүрүүчүлөргө болгон баанын төмөндөшүнө жана геосаясий процесстердин таасирине карабастан туруктaшууда. Кыргызстандын ИДПсы соңку төрт жылда туруктуу өсүштү көрсөтүүдө, ал орточо алганда 5,7%ды түздү. Беш жылда жакырчылык 4,5 эсе кыскарды, улуттук валюта туруктуу бойдон калды. Экономиканын капиталдашуусу 2013-жылдагы 23,3 %дан 2015-жылдагы 29,6%га чейин өстү, ал эми тикелей чет элдик инвестициялардын түшүүсү 2013-жылга салыштырганда 2015-жылы 1,6 эсе көбөйдү.
Ошол эле мезгилде Кыргыз Республикасынын рыноктук экономикасы өнүгүүнүн баштапкы стадиясында турат жана экономиканын түзүмдүк проблемаларын чечүүдө жаңы ыкмаларды талап кылууда. Республика ППС боюнча (ЭВФ, 2017) калктын жан башына ИДПнын деңгээли боюнча рейтингде 193 өлкөнүн ичинен 146-орунду ээледи, бул ички рыноктун алсыз жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү төмөн экендигин көрсөтүп турат. Калктын кирешелеринин бирдей эместигин көрсөтүүчү Джинни коэффициенти 2014-жылы 26,8% болду (ДБ, 2016), мунун өзү өлкөдө киреше деңгээли кыйла төмөн болгондугуна карабастан кирешелердин теңдешүүсү жогорку деңгээлде экендигин билдирип турат.
Тышкы соода чөйрөсүндөгү түзүлгөн кырдаал экспортту өнүктүрүү боюнча жаңы чечимдерди талап кылууда (2015-жылы товарлардын экспортунун көрсөткүчү 22,5% төмөндөгөн, ЮНКТАД, 2017) жана ишкердик чөйрөсүн жакшыртуу боюнча шашылыш чараларды көрүүнүн зарылдыгын шарттап жатат (2016-2017-жылдары Глобалдык аттандаштыкка жөндөмдүүлүк индексинде өлкө 111-орунду ээлеген, башкача айтканда өткөн мезгилге салыштырганда 9 позицияга төмөн болгон, ДЭФ, 2017).
Экономиканын мындан аркы өсүшү эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү, квалификациялык кадрлардын жана эмгек ресурстарынын кетүүсү, Кыргыз Республикасынын ишкерлер чөйрөсүнүн келишимге жөндөмдүүлүгүнүн төмөн болушу, ошондой эле өлкөдө деңизге чыгууга жол жок болуп, жердеги транспорттук катнаштардын начар өнүккөндүгү менен басаңдоодо. Мындан тышкары, финансылык жана энергетикалык ресурстарды алуунун проблемалуу болушу, өндүрүш кубаттуулугунун натыйжасынын төмөндүгү, инфраструктуралык жана логистикалык тоскоолдуктар, аларды коштогон чыгымдар өлкөгө экспортту толук өнүктүрүүгө мүмкүндүк бербей жатат. Кыргызстандын экономикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү КМШ өлкөлөрүнүн ичинен кыйла начар деп бааланат, бул мамлекеттик институттардын ишинин, саламаттык сактоонун жана билим берүүнүн системасын башкаруунун сапатынын,

технологиялык өнүгүүнүн начардыгынын жана бир катар башка факторлордун айынан болууда (ДЭФ, 2017).

Ири инвесторлор үчүн Кыргыз Республикасынын тышкы чөйрөдө жагымдуулугунун төмөндүгүнөн улам, өлкөнүн экономикасы жаратылыш ресурстарын жана кендерди пайдаланууда ашыкча пайда күткөн, т.а. кыйла тобокелдикке барган инвесторлорду кызыктырууда. Кыргыз Республикасынын экономикасында калктын басымдуу бөлүгү ири салымды, өзгөчө билимди жана көндүмдү талап кылбаган майда дүң соода, базалык кызмат көрсөтүү, айыл чарбасы сыяктуу иштин түрлөрү менен эмектенүүдө. Мындай экономикалык иштин бир бөлүгү формалдуу эмес сектордо болуп жатат, бул бюджетке акчанын түшүүсүнүн өсүшүн гана басаңдатпастан, ишкерлердин, иштеген калктын укуктарын коргоого бөгөт болууда.

Калктын чет өлкөгө кеткен эмгек миграциясындагы үлүшүнүн өсүп жатышы, акча которуулардын масштабын алганда, өлкө үчүн кыска мөөнөттүү мезгилде пайда бергени менен узак мөөнөттүү өнүктүрүүдө өлкөнүн өндүрүштүк жана инновациялык потенциалын начарлатууда (ЕАӨБ, 2013). Ошондой болсо да миграциянын узак мөөнөткө туруктуу болушуна байланышкан бир катар коркунучтар бар. Эмгек миграциясы кайрылып келүүчү миграция болгону менен, көп учурда ал кайтып келбей турган миграцияга айланууда, себеби адамдар барган өлкөгө туруктуу жашап калууда. Ошентип, экспортер-өлкө үчүн акча которуулар кыска мөөнөттүү мезгилде жакшы эффект берет, бирок узак мөөнөттүү келечекте акча которуулар кыскарат деген коркунуч бар.

Кыргыз Республикасынын калкы 2017-жылдын башына карата 6 млн 140 миң адам болду, азыркы 2%дык өсүш темпи менен калктын санынын мындан ары да өсүшүн эске алуу керек. Мындан тышкары, БУУнун болжолуна ылайык 2030-жылга карата өлкөдөгү улгайган адамдардын саны дээрлик эки эсе көбөйөт, бул татыктуу карылыкты камсыз кылуу үчүн кошумча күч-аракетти талап кылат.

Келечекте калктын санынын абсолюттук өсүшү орточо алганда жылына 100 миң адам болот. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасы Борбордук Азиядагы элинин саны аз өлкө бойдон калат. Өлкөнүн калкы эки очокко топтолот: борбордук регионго, Бишкек шаарына жана Чүй облусунун жанаша жаткан райондоруна жана Ош-Жалал-Абад багыты боюнча топтолуу жүрөт. Азыркы мезгилде жылына дээрлик 20-30 миң жаңы жумуш оруну талап кылынууда. Жаңы жумуш орундарын түзүү муктаждыгы өсөт жана 2030-жылдардын ортосунда максимумуна жетет. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын эмгек рыногуна чыккан жаштардын контингентинин саны жылына 350 миңден

ашууда, жакынкы жылдары ал өсүп, ишке орноштуруу, кесипке багыт берүү кызматтарына жана башкаларга олуттуу талаптар жарала баштайт[1].

Келечектин чакырыктарынын арасында экология, курчап турган чөйрө, климаттын өзгөрүүсү сыяктуу маселелер өзгөчө орунду ээлейт, алар калктын жашоосуна жана саламаттыгына чоң таасир тийгизет. Республиканын суу ресурстары кыйла аялуу болот, демек дүйнөдөгү суу ресурстарынын тартыштыгынын күчөшүнө ар тараптан даяр туруу керек. Бул чакырыктарга жооп катары экосистеманы туруктуу өнүктүрүүнү, суу пайдаланууну камсыз кылуу жана айыл чарбасында жаңы, суу үнөмдөөчү технологияларды пайдалануу боюнча азыркы практиканы өзгөртүү зарыл.

Тамак-аш азыктарына дүйнөдөгү сурамдын өсүп жатканын эске алганда, айыл чарбасы жана агроөнөр жай сектору республика үчүн стратегиялык мааниге ээ болот. Жакынкы отуз жылга болжолдор көрсөткөндөй, дүйнөнүн калкынын өсүшү уланат, ал эми 2050-жылга карата Кытай, Индия жана АКШ экономикалык өнүгүүнүн деңгээли боюнча дүйнөнүн экономикасында лидер болушат, алар дүйнөлүк керектөөнүн жарымын камсыз кылат. Кыргызстан керектөөлөрү өсүп жаткан эки ири дүйнөлүк рынокко географиялык жактан жакын экендигин натыйжалуу пайдаланууга тийиш.

Дүйнөдө технологиялар ылдам өнүгүп жатканын эске алганда, Кыргызстан санариптик жана инновациялык технологияларды ар тараптуу колдонууну киргизип калууга тийиш. Бул негизги ресурстарды – табигый, финансылык, эмгек ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууну күчөтүүнү камсыз кылат.

Акыркы жылдары Кыргызстан тышкы саясий аренада саясий диалогду түзүүгө жетишти, анын натыйжасы практикада ишке ашып жатат. Бул чөйрөдөгү өнөктөштөр менен мамилелер мындан ары да Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын коргоонун принцибине таянат. Ошол эле учурда Кыргызстан региондук кызматташтыкты активдештирүүнүн маселелерин кыйла активдүү илгерилетет. Биринчи кезекте борбордук азия өлкөлөрү менен коопсуздук чөйрөсүндө коркунучтарды эртелеп алдын алуу жана талдоо системасын күчөтүү, ошондой эле кызматташтыкты ургалдаштыруу зарыл.

АКШнын Республикалык эл аралык институтунун заказы боюнча 2017-жылы Гэллап институту өткөргөн Кыргыз Республикасынын

[1]“Кыргыз Республикасында калк жайгаштыруу жаатында кырдаалдык талдоо” баяндамасы.

резиденттеринин коомдук пикирин сурамжылоого ылайык респонденттердин 65%ы өлкө туура багытта өнүгүп жатат деп эсептейт. Ошол эле учурда алар үчүн кыйла маанилүү проблемалар болуп төмөнкүлөр эсептелет деп белгилешкен: жумушсуздук (52%) жана коррупция (40%). Жалпысынан элдин негизги үмүтү экономикалык маселелер менен байланышкан, себеби респонденттер санаган проблемалардын 96%ы экономиканын проблемаларына тиешелүү болгон: жумушсуздуктан тышкары, элди баалардын жогору болушу, экономикалык кризис, эмгек акынын төмөндүгү, миграция жана өлкөнүн экономикасынын маселелери тынчсыздандырат. Өзгөчө белгилөөчү нерсе, экономикалык бакубаттуулук баалуубу же демократиябы деген суроого респонденттердин 68%ы биринчиси маанилүү деп, ал респонденттердин 27%ы демократия маанилүү деп жооп берген. Алсак, сурамжылоонун катышуучуларынын 77%ы өлкөгө реформа керек деп эсептеген, ошол эле учурда алардын 45%ы өлкө кескин, башкача айтканда түзүмдүк жана системалуу реформаларга муктаж деп эсептеген.

**“Таза Коом-Жаңы Доор”** 2018-2040 стратегиясы биринчи кезекте амбициялуу, бирок аткарыла турган Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүү боюнча милдеттерди ишке ашырууга багытталган, алар санарип технологиясын киргизүү, стратегиялык пландоого программалык ыкманы колдонуу, ошондой эле салыштырмалуу түрдө өлкөнүн артыкчылыгы бар жана өлкөнүн калкынын жашоо-турмушуна жакшы социалдык натыйжа берүүгө жөндөмдүү болгон тармактарда өлкөнүн экономикасынын прогрессивдүү адистешүүсү менен аткарылат.

Калктын саламаттыгына, ресурстарды кайра бөлүштүрүүнүн эсебинен гана эмес, иш менен камсыз болуунун активдүү саясатынын эсебинен социалдык жактан камсыз кылуу каралган социалдык коргоонун алдын алуучу жана трансформациялоочу чараларын күчөтүүгө, социалдык камсыздандырууга, социалдык колдоонун активдүү чараларын өнүктүрүүгө тиешелүү социалдык проблемаларды чечүү калктын аялуу катмарына өнүгүүнүн кеңири мүмкүндүгүн ачат.

Чыгармачылык жана жаратмандык, эмгекчилдик жана өз ара сый мамиле, патриотизм жана социалдык жоопкерчилик өнүгүүнүн стратегиясын коштогон негизги элемент болуп калышы керек, стратегияны ишке ашырууга өнүгүүнүн жаңы мезгилинде – экономикалык бакубат, социалдык байгер жана коопсуз өлкөдө жашоону каалаган коомубуздун ар бир мүчөсү катышууга тийиш.

## 2040 КӨЗ КАРАШЫ

Кыргызстан – дүйнөлүк маанидеги күчтүү экономикасы бар, жашоосу мыкты, атаандаштуу адамдык капиталы бар жана дүйнөлүк маданиятка жаңы салым кошуусу таанылган эркин өлкө.

Мамлекет менен коомдун жетишкендиктеринин, чакырыктарды биргелешип ийгиликтүү жеңүүнүн натыйжасында кыргызстандыктардын туруктуу жана иштиктүү жарандык коому түзүлгөн, алар кыргыз элинин уникалдуу баалуулуктарын сактайт жана өлкөсү үчүн сыймыктанат.

2018-2040-жылдарга стратегия ыраттуу экономикалык өсүштүн, татыктуу жумуш орундарын түзүүнүн жана сактоонун, региондорду бирдей өнүктүрүүнүн, өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана экспорттук потенциалын күчөтүүнүн, өлкөдөгү өндүрүш потенциалын жана инновациянын сапатын жакшыртуунун эсебинен элдин татыктуу жашоосуна шарттарды түзүп берүүгө багытталган.




2018-2040 стратегиясынын борборуна Кыргыз Республикасынын ар бир жараны үчүн тынчтык жана бакубаттык коюлган жана өлкөнүн төмөнкү максаттарга жетишүүсү каралган:

1. **Элдин экономикалык бакубаттыгы,** иш менен камсыз кылган жана туруктуу киреше берген өндүрүштөгү жумуш орундарын түзүүнүн эсебинен болот. Бул стратегиялык максатка жетишүү 2040-жылы кирешеси орто деңгээлден жогору болгон өлкөлөрдүн Дүйнөлүк Банк түзгөн тизмесине кирүүгө мүмкүндүк берет.

1.1. **Өндүрүштөгү жумуш орундарын түзүү,** татыктуу эмгек жана туруктуу киреше. Эмгектин жагымдуу шарттарын жана татыктуу эмгек акыны камсыз кылган туруктуу иш менен камсыз кылуу элдин бакыбаттыгын гана көтөрбөстөн, коомдогу социалдык

байгерчиликти жана туруктуулукту жакшыртат. Максат 2040-жылга карата өлкөнүн эмгекке жарамдуу калкынын 80%ы өзүнүн кесибине ылайык татыктуу эмгек акысы жана эмгек шарттары бар иштерде иштесе жана Кыргызстан ПРООНдун Адамдык өнүгүүнүн индекси жогору болгон биринчи 60 өлкөнүн тизмесине кирсе жетишилет (2015-жылы Кыргыз Республикасы 188 өлкөнүн ичинен 120-орунду ээлеген).

1.2. **Экономиканын эмгек сыйымдуу секторлорунун экспорттук потенциалын көбөйтүү.** Ички рыноктун масштабын эске алганда, Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоонун потенциалын толук өнүктүрүү жана пайдалануу керек. Бул бюджеттин киреше бөлүгүнө акчанын түшүүсүн көбөйтүүгө, өлкөнүн калкын иш менен камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Кыргызстан 2040-жылга карата ИДПдагы экспорттун үлүшүн олуттуу көбөйтүүгө тийиш жана Дүйнөлүк банктын бизнести жүргүзүүнүн жеңилдиги боюнча рейтингинде (2017-жылдагы 75-орундун ордуна) биринчи 40 өлкөнүн тизмесинде турушу керек. Глобалдык аттандаштыкка жөндөмдүүлүк индексинде жана ВЭФтин Дүйнөлүк соодага тартылуусу рейтингинде Кыргызстандын позициясы үч эсе жакшырууга тийиш (2016-2017-жылдары 111-орун жана тишелеүү түрдө 113-орун болгон).

1.3. **Өлкөнүн региондорун өнүктүрүү.** Өлкөнүн калкынын негизги бөлүгү региондо жашагандыктан жана жашоо шарттарында, кирешелеринде региондор аралык айырма бар болгондуктан мамлекеттик саясат төмөнкүлөргө багытталат: региондордун социалдык жана базалык инфраструктурасын өнүктүрүү, таяныч шаарларды - өсүш орундарын өнүктүрүү, өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар бир региондун өнүгүүсүнүн артыкчылыгын аныктоо, агроөнөр жай чөйрөсүндө, токой чарбасында региондук кооперативдерди, ири фермердик чарбаларды, агроөнөр жай кластерлерин өнүктүрүү үчүн ар бир региондун атаандаштык артыкчылыгын аныктоо, өлкөнүн коопсуздугун, идеологиялык бүтүндүгүн, маданий өнүгүүсүн камсыз кылуу, жергиликтүү тургундар менен өз ара аракеттенүүнүн жана башкаруунун натыйжалуу системасын камсыз кылуу. 2040-жылга карата региондун калкынын жан башына алганда региондук дүң продукттун чоңдуктарынын айырмасы шаар менен айылдын ортосунда 2 эседен ашпоого тийиш.

Жумуш орундарын түзүү, региондордо экспорттук потенциалды колдоо жана өнүктүрүү үчүн жакынкы жылдары экономиканын стратегиялык тармактарында – айыл чарбасында жана агроөнөр жай секторунда, ошондой эле жеңил өнөр жайында жана туризмде тармактык түзүмдүк саясат жүргүзүлөт. Бул үчүн майда чарбаларды ирилештирүүнүн кооперациялык принцибинде

агроөнөр жай комплексин кластердик өнүктүрүүнүн долбоорлору ишке ашырылууга тийиш. Бул азык-түлүк коопсуздугунун жана экспорттун көрсөткүчүн жакшыртууга алып келет. Тышкы соода иши жана иш менен камсыз болуу көрсөткүчтөрү жеңил өнөр жайын кластердик жана инновациялык өнүктүрүүнүн эсебинен жакшырууга тийиш. Туристтик тармак туристтик кызмат көрсөтүүнүн кыйла артыкчылыктуу түрлөрүн өнүктүрүүгө адистештирилген жана стратегиялык ыкманы колдонуунун эсебинен калктын кирешесинин өсүшүнө жана иш менен камсыз болушуна өбөлгө болгон сектор болуп калат.

1.4. **Социалдык байгерчилик.** 2040-жылга карата Кыргыз Республикасында жарандын жаңы тиби – өсүп-өнүгүүгө умтулган, өзүнө жана үй-бүлөсүнө жашоонун татыктуу деңгээлин камсыз кылган потенциалы бар адам калыптанат. Бул адам өзгөрүп жаткан дүйнөгө ыңгайлашып, өлкөдө жана анын чегинен тышкары жерлерде өз жолун таап, кылган аракети үчүн коом алдында жооптуу болот. Коом эрежелердин бузулушуна чектөө коёт. Жарандык шайкештик өлкөнүн эгемендигин бекемдөөнүн жана анын бакубаттыгынын, кыргыз тилин сактоонун негизи болуп калат. Ал руханий баалуулуктар кыргыз элинин тарыхына, маданиятына, каада-салттарына негизделген адилет коомдо жашайт. Ар бир кыргызстандык үчүн үй-бүлө руханияттын, билимдин, тарбиянын, жашоонун жана сергек жашоо ыңгайынын өзөгү болот. Социалдык секторду мамлекеттин ролу кызмат көрсөтүүчү провайдерден саясатты, ченемдерди жана алкактарды иштеп чыгуучу, кадрларды даярдоочу жана кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоочу регуляторго ыраттуу өзгөртүлөт.

1.5. **Калктын саламаттыгына жана билимине инвестициялар.** Мамлекет саламаттыкты чыңдоо, калкты таза суу, коопсуз тамак-аш менен камсыз кылуу, дене тарбияны өнүктүрүү, адамдын салматтыгынын негизги фактору катары экологияны сактоо программаларына көңүл бурат. Жаңы билимге, сергек жашоого умтулуу адамдын өнүгүүсүнүн башкы фактору, демек Өнүгүү секторунун башкы артыкчылыгы болуп калат. Билим берүү жана саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрү бир эле мезгилде коомдук жакшылык жана экономикалык ресурс болуп эсептелет. Минималдуу социалдык стандарт мамлекеттин кепилдигин, демек Кыргыз Республикасынын калкынын сапаттуу комплекстүү интеграцияланган биринчи медициналык-санитардык жардамды, тез медициналык жардамды, коомдук саламаттык сактоонун кызматын алуусун, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын шарттарында тез медициналык жардамды алуусун камсыз кылган каржылоонун артыкчылыктарын камтыйт. Мектепке чейинки даярдык жана баштапкы, негизги билим берүү

мамлекеттин кепилдиги менен камсыз кылынууга тийиш. Көп түрдүү, көп кырдуу жана ачык-айкын билим берүү ресурстары билим берүү системасынын негизи болуп калат.

**1.6.** **2040-жылы саламаттык сактоо системасы** – жеткиликтүү, сапаттуу, коопсуз болот, инновациялык ыкмалар колдонулат жана Кыргызстандын калкынын саламаттыгы мыкты болуп, алдын алуучу медицинанын жана баштапкы медициналык-санитардык жардамдын күчтүү системасы иштейт. Мамлекет Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына саламаттык сактоонун базалык кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылууга кепилдик берет, аларга төмөнкүлөр кирет: медициналык-санитардык жардамды көрсөтүүнүн баштапкы деңгээлинин маалыматтык-коммуникациялык, профилактикалык, дарылоо-диагностикалык кызматтары, ошондой эле тез жардам көрсөтүү жана өзгөчө кырдаал учурунда медициналык жардам көрсөтүү. Адистештирилген стационардык жардамдын системасын модернизациялоодо, оптималдаштырууда, рационалдаштырууда олуттуу прогресс болот. Саламаттыкты коргоо чөйрөсүндө адамдын өзүнүн ден соолугуна жана жакындарынын ден соолугуна кам көрүүсү, чыңдоосу жана дарылануусу, сергек жашоосу негиз болуп калат. 2040-жылга карата жергиликтүү деңгээлде, ошондой эле улуттук деңгээлде саламаттык сактоонун натыйжалуу, жеткиликтүү, сапаттуу жана коопсуз кызмат көрсөтүүсүн пландоонун жана көрсөтүүнүн адамга багытталган системасы түзүлөт.

2040-жылга карата Кыргызстан дем алуу жолдорунун ооруларынын санын, ошондой эле ДСУнун жугуштуу эмес оорулардан каза болуунун тобокелдигинин көрсөткүчүн (2012-жылы 172 өлкөнүн ичинен 161-орун болгон) жана ПРООНдун билим берүү деңгээлинин индексин (2013-жылы 187 өлкөнүн ичинен 125-орун болгон) эки эсе кыскартат. Өлкөдө мектеп окуучуларынын академиялык жетишүүсүн баалаган PISA рейтингинде биринчи кырк орунга жетишүү боюнча амбициялуу милдет коюлат. Кыргызстан INSEAD жана Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун Глобалдык инновациялык индексинде (2016-жылы 103-орун болгон) жана Илимий макалалардын цитата кылынышы боюнча индексте (2013-жылы 236 өлкөнүн ичинен 142-орунда болгон) биринчи 70 өлкөнүн арасындагы позицияга жетүүсү керек. Бул үчүн илимге жана инновацияга мамлекеттик, ошондой эле жеке сектордун чыгымы минимум алганда ИДПнын 2%ын түзүүгө тийиш.

**1.7.** Ар бир жаранга **сапаттуу билим алуу** мүмкүндүгү берилет. Кесип алууга багытталган билим берүү адамдын статусун билдирген формалдуу түрдө болбой калат, ал түшүнүү менен тандоо катары каралат, бул тандоо ийгиликтүү жашоого алып

келиши зарыл. Идеологиялык штамптардан арылган билим берүү саясий, социалдык жана экономикалык өзгөрүүлөрдүн негизги мотиви болот. Көп кырдуу, көп түрдүү жана ачык-айкын билим берүү ресурстары инсанды ар тараптан шайкеш тарбиялоого, ар бир адамдын дараметин ачууга, билимди жана компетенцияны практикада колдонууга багытталган билим берүү системасынын негизи болуп калат. Кепилдик берилген жана акысыз мектепке чейинки даярдыкты жана мектептеги билим берүүнү камсыз кылуу, анын ичинде инклюзивдик билим берүүнү камсыз кылуу социалдык адилеттикти камсыз кылуунун, мамлекеттин конституциялык милдеттерин аткаруунун өзөктүү шарты болот. Кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде кесиптик билим берүү системасынын ийкемдүүлүгүн, анын ар кандай багыттагы даярдыктан өткөн адистерге болгон сурамдын өзгөрүүсүнө тез ыңгайлашкан жөндөмүн күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

1.8. **Бирдей мүмкүндүктөр жана бекем үй-бүлө институту,** ал ата-эненин жоопкерчилиги жана социалдык сектордун бардык аспекттеринде үй-бүлөнүн ролун күчөтүү аркылуу коомдун маанилүү институту болот жана өсүп-өнүгүүнүн чөйрөсү болуп эсептелет.

Социалдык коргоонун жана камсыздандыруунун маселелерин чечүүнүн маанилүү принциптери болуп үй-бүлө куруу укугун сактоо жана оор турмуштук кырдаалда, кризистик жагдайда шериктеш жоопкерчилик эсептелет. Мамлекеттин күч-аракети энеликти жана балалыкты колдоого, эмгекке жарамсыз жарандарды колдоого, мамлекет кепилдик кылган социалдык коргоонун базалык минималдуу деңгээлин камсыз кылууга жумшалат. Мамлекеттик саясаттын чаралары интернаттык мекемелерге альтернатива болгон реабилитациялык мүнөздөгү күндүз же убактылуу болуунун социалдык кызматтарын көрсөтүүнүн рыногун өнүктүрүүгө багытталат. Пенсиялык системада камсыздандыруу механизмдери күчөтүлөт. Кыргызстан Savethe Children энелердин индексинде өзүнүн позициясын эки эсе жакшыртууга тийиш (2013-жылы 107-орун болгон, ал эми КМШ өлкөлөрүндө көрсөткүчтүн орточо мааниси 66). Жашоо минимумунан төмөн пенсия алган пенсионерлердин үлүшү пенсионерлердин жалпы санында нөлдүк мааниге жакындашы керек. Социалдык прогресс индексинде (Социалдык Прогресстин Императиви) Кыргызстан биринчи 50 өлкөнүн катарына кирүүгө тийиш (2014-жылы Кыргыз Республикасы 132 өлкөнүн ичинен 93-орунду ээлеген).

1.9. **Маданий кайра жаралуу.** Элдин аң-сезиминин өсүшү өнүгүү үчүн негизги шарт болуп эсептелет. Жалпы өнүгүүнүн жакшы

максаттарын көздөө – бул маанилүү милдет, ал маданий коддорго киргизүү жолу менен аткарылат.

Ошол эле учурда бай маданий мурас Кыргызстанга искусство чөйрөсүндө региондук борбор болууга, ири масштабдагы иш-чараларды, конкурстарды жана чет өлкөдөн көптөгөн элди тарткан башка окуяларды өткөрүү үчүн борбор болууга мүмкүндүк берет. Өлкөдө технологиялык жактан жабдылган музейлер, театрлар иштейт, Кыргыз Республикасынын искусство ишмерлери эл аралык даражада таанылат. Өлкөнүн региондорунда маданият жана искусство продукттарын билүү жана алар жөнүндө кабардар болуу деңгээли 20 эсе өсүшү керек. Өлкө 500 миңден ашык чет элдик коноктордун келүүсүн камсыз кылган маданий иш-чараларды жыл сайын өткөрүп турууга тийиш.

2. **Коопсуздук.** 2040-жылга карата Кыргыз Республикасындагы ар бир адам светтик жана туруктуу коомдун бир бөлүгү болуп калат, тынчтыкта жана коопсуздукта болот, анын укуктары жана эркиндиктери дайыма сакталат, өлкөнүн коомчулугу ынтымакта жана биримдикте жашайт, экологиялык жана климаттык өзгөрүүлөрдү азайтуу жана аларга ыңгайлашуу боюнча чаралар дайыма өткөрүлүп турат.

2.1. **Коопсуздук, тынчтык жана тартип.** Стратегиянын максаттарын ишке ашыруу үчүн коопсуздукту камсыз кылуу, укук тартиби системасына жана сот адилеттигине болгон ишенимге жетишүү зарыл. Кыргызстан Мыйзамдын үстөмдүгү индексинде жана Укук тартиби индексинде (World Justice Project маалыматы боюнча 2014-жылы 97 өлкөнүн ичинен 78-орунда болгон) биринчи отуз өлкөнүн катарына кирүүгө умтулат. 2040-жылга карата Кыргызстан Transparency International Коррупцияны кабыл алуу индексинин рейтингинде биринчи 60 өлкөнүн катарына кирүүгө тийиш (2013-жылы 177 өлкөнүн ичинен 150-орун болгон).

2.2. **Экологиялык коопсуздук.** Стратегияда экологиялык коопсуздук өзгөчө орунга ээ. Кыргызстандын табигый ресурстары жана биосферасы элдин сейрек жана бөтөнчө байлыгы, демек, экология өлкөнү өнүктүрүү боюнча бардык кабыл алынган чаралардын жана саясаттын негизги критерийи болушу керек. Мөңгүлөрдүн эришин алдын алуу, сейрек жаныбарларды сактоо, токойлорду көбөйтүү жана жашылдандыруу боюнча чаралар көрүлөт. Парник газдарын 2020-жылга карата 20%га кыскартуу жана 2040-жылга карата $CO_2$ чыгаруунун үлүшүн 1 адамга 1,7 тоннадан ашпаган эквивалентке жеткирүү максат болуп эсептелет.

**Стратегияны ишке ашыруунун программалык-максаттык ыкмасы**

2018-2040 Стратегиясынын милдеттерин жана максаттарын аткаруу үчүн системалуу программалык-максаттык ыкма колдонулат, анда коюлган максаттарды жана милдеттерди аткарууга таасир тийгизүүчү бардык элементтердин бүтүндүгү, өз ара шартталуусу жана өз ара байланышы каралат. *Реформа программалары* чектеш секторлордо ишке ашырылат, алар жарандардын турмушунун бардык чөйрөсүн камтып, Стратегиянын максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн туруктуу жана стабилдүү стратегиялык негизди камсыз кылат. *Өнүгүү программасы* өлкөнүн экономикасынын, калктын социалдык жашоосунун өсүш жана өнүгүү процесстеринин динамикалуулугун камсыз кылууга, ошондой эле жарандар үчүн тынч жана коопсуз жашоо шарттарын түзүүгө багытталат. Программалык-максаттык ыкма программалык аракеттердин максаттуулугун камсыз кылат, аларга жетишүү боюнча артыкчылыктуу милдеттердин жана пландардын чөйрөсүн чектейт. Программанын алкагында беш жылдык өнүгүү долбоорлору ишке ашырылат, алар программанын милдеттерин этап-этабы менен аткарууга мүмкүндүк берет. Программалык милдеттерди аткаруунун долбоордук ыкмасы стратегиялык жана программалык максаттарга жетишүү боюнча процесстерди уюштурууну жана ресурстарды колдонууну оптималдаштырууга мүмкүндүк түзөт.

2018-2040 Стратегиясынын стратегиялык максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу төмөнкүлөрдөн турган бекем негизди түптөгөндөн кийин гана мүмкүн болот:

1) өнүккөн маалыматтык-коммуникациялык технологияларды;

2) натыйжалуу мамлекеттик кызматты;

3)ден-соолукка инвестицияларды жана саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүү системасын модернизациялоону;

4) өнүгүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууну жана үй-бүлө институтун бекемдөөнү;

5) натыйжалуу эмгек саясатын түзүүнү жана татыктуу карылыкты;

6) сапаттуу илим жана билим берүү системаларын жана алардын экономиканын артыкчылыктары менен иш жүзүндөгү байланышын;

7)жагымдуу бизнес-чөйрөнү;

8) өнүккөн инфраструктураны;

9) укук тартиби системасына жана сот адилеттигине ишенимди;

10) жаратман тышкы саясатты.

Бул стратегиялык негизди куруу үчүн **БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕГИ ПРОГРАММАЛАР** ишке ашырылат:

- **“Таза Коом” –** мамлекеттин экономикасын жана жашоо-турмушун санарипке өткөрүү, бул үй чарбаларынын, фирмалардын, мамлекеттин өз ара байланышын оптималдаштыруу, коррупцияны жоюу, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун көбөйтүү, өнүгүү үчүн инфраструктуралык базаны жакшыртуу үчүн санарип технологияларынын мүмкүндүктөрүн дайыма колдонуу.
- **Өнүгүүнүн демократиялык негиздери:** жарандык шайкештикти, ачык-айкын жана таза шайлоо системасын түзүү, анда ар бир жарандын добушу эсепке алынат. Жарандык коомду өнүктүрүү жана жергиликтүү коомчулуктардын жоопкерчилигин жергиликтүү өз алдынча башкарууну бекемдөө аркылуу күчөтүү.
- **Мамлекеттик башкаруу институттарынын натыйжалуулугу:** мамлекеттик башкаруу институттарын бир системага трансформациялоо, анда өнүгүүнү жана иштөөнү камсыз кылуунун алкагында жоопкерчиликтер так чектелет. Мамлекеттик кызмат кардарга багытталган форматка өтөт.
- **Социалдык өнүгүүнүн негизи –** мамлекет адамдын дараметин өнүктүрүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзөт, билим берүүнүн көп кырдуулугун, көп түрдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылат, өлкөнүн кесиптик жана илимий потенциалы өнүктүрүлөт: калктын билими, көндүмдөрү жана компетенциялары жакшыртылат, өлкөнүн билим берүү, илим системалары менен экономикалык артыкчылыктардын ортосундагы өз ара байланыш күчөтүлөт, бул ченемдик-укуктук, институттук жана финансылык базаны өркүндөтүүнүн, ошондой эле мамлекеттин турмушу үчүн пайдалуу болгон натыйжаны алуу үчүн илимди башкаруунун долбоордук жана конкурстук ыкмаларын киргизүүнүн эсебинен болот. Жергиликтүү жана улуттук деңгээлде саламаттык сактоонун натыйжалуу, сапаттуу жана коопсуз кызматтарын көрсөтүүнү пландоонун адамга багытталган системасы түзүлөт.
- **Экономикалык секирик үчүн негиз:** мамлекет жөнгө салынуучу мейкиндикте бизнес үчүн жагымдуу шарттарды түзөт, бул дем берүүчү жеңилдиктерди колдонуу, менчик укугун коргоонун жана инвесторлордун жана ишкерлердин коопсуздугуна мамлекеттин кепилдигинин натыйжалуу системасын түзүү, сот адилеттиги системасына, жалпысынан укук коргоо системасына ишенимди көтөрүү, калкты негизги иш менен камсыз кылуучу катары чакан жана орто ишканаларды колдоо, кредиттердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, бизнести жөнгө салуунун алдын алуучу ыкмасын киргизүү жана минималдаштыруу, транспорттук-логистикалык, энергетикалык инфраструктураны куруу жана анын сапатын жакшыртуу, ошондой эле таза сууну жеткиликтүү кылуу, региондорду бирдей өнүктүрүү аркылуу болот. бул шарттарда

бизнес өзүнүн экономикалык ишин ачык-айкын жүргүзүп, социалдык жактан жоопту жана саясий жактан нейтралдуу болушу керек.

- **Тышкы саясат:** көз карандысыз жана жаратман тышкы саясат, ал белгиленген улуттук кызыкчылыктардын негизинде Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыктарынан жана максаттарынан келип чыгат.

2018-2040 стратегиясынын максаттарын аткаруу үчүн реформалар программалары менен катар эле **ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ**ишке киргизилет:

**Экономикалык өнүгүү программалары, элдин бакубаттыгын көтөрүүгө** багытталып, төмөнкү стратегиялык багыттардан турат:

- **Өлкөнүн өнөр жайлык потенциалын өнүктүрүү:** көптөгөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, өнөр жай экономиканы динамикалуу өнүктүрүүдө олуттуу ролду ойнойт, жумуш орундарын түзөт, илимди жана технологияларды өнүктүрүүгө өбөлгө болот. Кыргыз Республикасы зарыл болгон табигый жана адамдык ресурстарга ээ, алар өнөр жайдын атаандаштыкка жөндөмдүү тармактарын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берип, экономикалык жана социалдык маанилүү маселелерди чечет.
- **Агроөнөр жай секторун жана кооперацияны өнүктүрүү:** агроөнөр жай кооперативдик комплекстеринин пилоттук долбоорлорун иштеп чыгуу жана киргизүү, алар иштөөнүн кооперативдик принциптеринин негизинде пландоону, өндүрүүнү, кайра иштетүүнү, транспортту, сактоону, маркетингди жана сатып өткөрүүнү камсыз кылат. Ошондой эле фермердик жана сервистик чарбаларды ирилештирүүнү жана адистештирүүнү колдоо, алар ички рыноктун жана экспорттун муктаждыктарын камсыз кылуудан алынган кирешелерди региондордун тургундарына тикелей түрдө кайра бөлүштүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, бул жергиликтүү элдин жогорку деңгээлде иш менен камсыз болуусун жана бакубаттыгын, ошондой эле дүйнөлүк рынокко АӨКнын экологиялык жактан таза, органикалык, тоодон өндүрүлгөн продуктун жеткирүүнү камсыз кылат.
- **Жеңил өнөр жайынын кластерлерин өнүктүрүү:** өлкөнүн бардык региондорунда жеңил өнөр жайынын кластерлерин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, алар мындан ары ички жана тышкы рыноктордо талап кылынган текстилдик, тигүү, булгаары, бут кийим жана башка инновациялык продукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү үчүн “буладан дүкөнгө чейин” деген принцип боюнча технополистерге өнүгүүгө жөндөмдүү болушат, өлкөнүн бардык региондорунда татыктуу жумуш орундарын камсыз кылат.

- **Туруктуу туризм:** туруктуу туризмдин принциптерин аныктоо жана киргизүү, бул өлкөнүн экосистемасына аяр мамиле кылуу жана жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык турмушун жакшыртуу, өлкөнүн бардык региондорунда туризм чөйрөсүндө ишкердикти өнүктүрүү жана жумуш орундарын түзүү үчүн стратегиялык багыттарды киргизүү, чет элдик туристтерди кабыл алуунун инфраструктурасын жана тейлөө сапатын жакшыртуу, туристтик тармакты экологиялык өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн ченемдерди киргизүү, медициналык, корпоративдик, билим берүүчүлүк туризмди кошкондо, туризмдин туруктуу жана жогорку кирешелүү түрлөрүн өнүктүрүү үчүн жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу дегенди билдирет.

**Адамдык өнүгүү программасы**

- **Калктын саламаттыгын** камсыз кылууга алдын алуучу ыкмаларды киргизүү, инновациялык ыкмалардын негизинде диагностиканын жана дарылоонун сапатын жакшыртуу, медициналык кызматкерлерди даярдоонун сапатын камсыз кылуу, калктын өзүнүн саламаттыгына кам көрүүгө жана саламаттык сактоонун кызматтарын көрсөтүү системасына активдүү катышуусу, башкаруу системасынын натыйжалуулугун көтөрүү жана оптималдаштыруу, медицина менен башка чектеш секторлордун ортосундагы ишти координациялоону жакшыртуу. Эмгектин узактыгына жана адилет пенсиялык кирешеге дем берүү үчүн **пенсия менен камсыз кылууну** трансформациялоо. Мамлекеттик жана жеке сектор тараптан **колдонмо илимий иштелмелерди** каржылоонун системасын түзүү. **Таланттуу жаштарды** колдоо. Өнүгүү бюджетин адам капиталына инвестициялар менен байланыштыруу.
- Маданий Кыргызстан:маданиятты өнүктүрүү, алэкономикалык өнүгүүнүн жана калктын иш менен камсыз болуусунун маанилүү вектору катары руханий жана адеп-ахлактуу коомду, саясий этиканы түзүүдө маанилүү ролду ойнойт.

**Коопсуздукту жана жарандардын жашоосу үчүн жагымдуу чөйрөнү камсыз кылуу боюнча программа**

- **Коопсуздук:** мамлекет өлкөнүн ар бир жашоочусунун коопсуздугун жана өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн камсыз кылат, террордук коркунучтарды жоёт, улуттун кызыкчылыгында технологиялык, эл аралык жана башка чакырыктарга өз убагында чара көрөт.
- **Экологиялык коопсуздук жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу:** өлкөнүн экосистемасына зыян келтирбеген социалдык-экономикалык динамикалуу өнүгүүнү камсыз кылган ченемдерди жана стандарттарды киргизүү, өлкөнүн табигый ресурстарына аяр мамиле кылуу жана өлкөнүн туристтик, өнөр

жай, айыл чарба, кен казуу жана башка тармактарын өнүктүрүүдө климаттык өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу механизмдерин иштеп чыгуу.

## 1. Стратегиялык негиз

Туруктуу өнүгүүнүн үч максатына жетүү үчүн стратегиялык артыкчылыктар болуп төмөнкү негизги реформалардын улуттук программаларын камсыз кылуу эсептелет:

### 1.1. ТАЗА КООМ – МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫН ЖАНА КООМДУН ЖАШОО-ТУРМУШУН САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО

**2040 көз карашы:** Кыргызстан – өнүккөн маалыматтык коомдун акылдуу өлкөсү, ал инновациялар жана билимдер, коррупциясыз, натыйжалуу, ачык-айкын жана отчеттуу мамлекеттик башкаруу аркылуу түзүлөт, анда кеңири санариптик контент болот жана өлкөнүн жарандары санарип технологияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн колдонуучулар катары активдүү катышат.

Экономиканы санарипке өткөрүү жана инновациялык, алдыңкы технологияларды ар тараптуу пайдалануу өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө жана элдин бакубаттыгын жана коопсуздугун арттырууга дем берет.

“Таза Коом” – бул мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу жана ачык-айкын системасы, ал маалыматты, санариптик инфраструктураны, санариптик кызмат көрсөтүүнү ар тараптан алууга жана заманбап санарип технологияларды пайдалануу аркылуу коом менен өз ара шайкеш байланышты түзгөн инновацияларга, технологияларга, санарип экономикага негизделет. Мамлекеттин турмушунун бардык чөйрөлөрү заманбап технологиялар менен жабдылат, бул өлкөдөгү экономикалык бакубаттыктын, социалдык байгерчиликтин, тынчтыктын жана тартиптин максаттарына жетишүүнү камсыз кылат. Программа мамлекеттик башкаруу системасына жана экономикага гана жакшы таасир тийгизбестен, билим берүү жана саламаттык сактоо, социалдык кызматтарды көрсөтүү системаларына, соттук жана укук коргоо системаларынын натыйжалуугунун камсыз кылууга жакшы таасир тийгизет. “Таза

Коом” мамлекеттик сектордогу коррупцияны жоюу үчүн натыйжалуу инструмент болуп калат, бул административдик процесстерди жана жол-жоболорду автоматташтыруу жана санариптик мамлекеттик кызмат көрсөтүү аркылуу адам факторунун таасирин азайтуу жолу менен аткарылат.

“Таза Коом” төмөнкү жети максаттан турат:

1. дүйнөлүк класстагы санарип инфраструктурасын куруу, ал “жашыл” технологияларга жана таза энергетикага негизделет;
2. жагымду чөйрөнү түзүү, ал инновациялык туруктуу өнүгүүгө өбөлгө болот;
3. бардыгы үчүн санариптик мүмкүндүктү, санариптик экономика үчүн көндүмдөрдү берүү;
4. ар бир кыргызстандыктын зарыл билими жана мүмкүндүгү бар санариптик жаран болушу үчүн көмөк көрсөтүү;
5. ачык санариптик коомду түзүү, анын кыймылдаткыч күчү болуп маалыматтар индустриясы эсептелет;
6.Кыргызстанды реалдуу мезгилдин (on-line) режиминде жашоо жана иштөө үчүн коопсуз өлкөгө айлантуу;
7. санарип бизнес жана санарип инновациялар үчүн Кыргызстанды санарип Жибек жолунун региондук хабына айлантуу.

Жогорку технология жана адам капиталы экономиканын бардык тармактарында жаңы продукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү түзүүгө мүмкүндүк берилет, алар өлкөдөн тышкары сурамга ээ болот жана жогорку кошумча наркты камсыз кылат. Алар Евразия экономика бирлигине мүчөлүктүн жана “Бир алкак – бир жол” долбоорунун мүмкүндүктөрүн Кыргызстанды кайра жаралган Жибек жолунда эл аралык сооданын, транзиттин, билим берүүнүн жана маданий-саламаттыкты чыңдоонун борборуна айлантуу үчүн толук пайдаланууга мүмкүндүк берет.

“Таза Коом” санариптик трансформациянын улуттук программасы жаркын келечекке жана санарип экономикадагы жаңы мүмкүнчүлүктөргө жол ачат.

Мамлекет 2023-жылдын аягына карата кадамдык жекткиликтүүлүк, санариптик ажырымды жоюу принциптери боюнча санарип экономиканы, санарип коомду өнүктүрүү, инновацияларды киргизүү, адамдардын мүмкүндүктөрүн кеңейтүү жана санариптик маалыматтык-коммуникациялык инфраструктураны түзүү үчүн ченемдик, жөнгө салуучулук жана институттук, гендердик-айкын алкактарды белгилейт.

**Индикаторлор:**

● Кыргыз Республикасы БУУнун Электрондук өкмөттү өнүктүрүү индексинде топ 50 өлкөнүн тизмесине кирет;

● Кыргыз Республикасы Маалыматтык коомдун индексинде топ 50 өлкөнүн катарына кириши керек (МТО методикасы боюнча);
● Кыргыз Республикасы тармактык даярдык индексинде топ 50 өлкөнүн катарына кирет (ДЭФ методикасы боюнча);
● Кыргыз Республикасы Өлкөлөрдүн глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү рейтинги боюнча топ 50 өлкөнүн тизмесине кирет (ДЭФ методикасы боюнча);
● Кыргызстан ИКТ өнүктүрүүнүн глобалдык индексинде 50-орунду ээлейт.
● Кыргызстан МСЭ Киберкоопсуздук боюнча глобалдык рейтингде 29 өлкөнүн ичинен 12-орунга чыгат.

## 1.2. ӨНҮГҮҮНҮН ДЕМОКРАТИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАРАНДЫК ШАЙКЕШТИК – КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ

**2040 көз карашы:** Кыргыз Республикасынын жарандары бирдиктүү саясий-укуктук мейкиндикте жашайт, алар этностук, маданий, диний көп түрдүүлүктү сактайт, жалпы жарандык шайкештикте болот жана өзүнүн өлкөсү үчүн сыймыктануу менен биригишет. Өлкөнүн жарандары жынысына, расасына, тилине, саламаттыгына, этностук таандыктыгына, ишенимине, курагына, саясий жана башка ишенимдерине, билимине, тегине, мүлктүк абалына карабастан бирдиктүү, ынтымактуу, жарандын жалпы баалуулуктары менен бириккен улут – “Кыргыз жараны” болуп калат.

Көп кылымдардан бери Кыргызстандын этностук жамааттары бирге жашоонун, кызыкчылыктарды бирге көздөөнүн, тышкы жана ички коркунучтарга каршы туруунун баа жеткис тажрыйбасын топтошту. Эгемендик алгандан бери демографиялык кырдаалда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү. Кыргыз Республикасынын калкынын этностук түзүмүн талдоо көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасы – полиэтностук мамлекет, анда 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча 100дөн ашык ар кандай этностордун өкүлдөрү жашайт.
Эгемендик жылдары Кыргыз Республикасында көп түрдүүлүктү башкаруу боюнчаар кандай моделдер колдонулду, этностук, жарандык ыкмаларды бир мезгилде, аларды мультимаданияттын

айрым элементтери менен айкалыштырып колдонуу аракеттери болду.

Этностор аралык мамилелердин чөйрөсүндөгү мамлекеттин так саясатынын жоктугу жана ага жетиштүү көңүл бурбагандыгы коомдун этностук улутчулдуктун өсүшүнө жана сегрегацияга каршы туруусун начарлатты. 2010-жылдан кийин этностук саясаттын негиздерин кайрадан карап чыгуу жана “Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди бекемдөө концепциясын” ишке ашыруу мамлекеттик саясаттын векторун жарандык улутту калыптандыруу багытына бурду.

**Максат:** өлкөнүн биримдигин бекемдөө, мындан аркы жарандык интеграция үчүн шарттарды түзүү, коомдогу сабырдуулукту күчөтүү, бул бардык мамлекеттик органдардан жана ар бир жарандан чоң күч-аракетти талап кылат. Албетте, бирдиктүү жарандык улутту калыптандыруу этностук негизде эмес, саясий негизде лоялдуу болууну билдирет.

Бул максаттарга жетишүү үчүн төмөнкү маселелерди чечүү зарыл:

- “Элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди бекемдөө концепциясын” ишке ашыруунун жыйынтыгын баалоонун негизинде жаңы программалык документти иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл, ал жарандык интеграцияны күчөтүүгө багытталышы керек;
- өлкөдө жашаган ар кандай этностордун өкүлдөрүнүн этностук, тилдик, маданий өзгөчөлүгүн сактоого жана өнүктүрүүгө өбөлгө болуу;
- социалдык-экономикалык саясатты ишке ашыруу, ал ресурстарды жана сапаттуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү бирдей алууга жана адилет бөлүштүрүүгө негизделиши керек;
- басмырлоо учурларына, анын ичинде укук коргоо органдарында жана коопсуздук секторунда жол бербөө;
- билим берүү секторун трансформациялоо, ага тил саясаты кирет, аны Кыргызстан элинин маданий мурастарын аярлап сактаган, көп тилди билген, иш жүзүндө сабаттуу, атаандаштыкка жөндөмдүү жарандардын муктаждыктарына жана сурамдарына ыңгайлаштырылат;
- маалыматтык саясатты түзүү, ал коомду интеграциялоо үчүн шарттарды түзүп, өлкөнүн биримдигин, жарандык патриотизмди, сабырдуулукту жана маданий плюрализмди күчөтүүгө өбөлгө болгон символдорду жана продукттарды жайылтат;
- мамлекеттик жана муниципалдык кадр саясатын жүргүзүү, ал кесипкөйлүккө, компетенттүүлүккө, мамлекеттик, расмий жана чет тилдерин билүүгө, кандай гана болбосун басмырлоону жоюуга негизделет.

- интеграциялоочу маданий саясатты өнүктүрүү, ал улуттук нарк-насилди жана көп түрдүүлүктү сактоого, сабырдуулукту күчөтүүгө, маданияттар ортосундагы диалогду өнүктүрүүгө багытталат.

## ТАЗА ШАЙЛОО – ТУРУКТУУ МАМЛЕКЕТ

**2040 көз карашы:** Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоого катуу ишенет. Мамлекетте биометрикалык маалыматтар менен иштөө үчүн платформа бар, анда биометрикалык жеке маалыматтарды пайдалануу менен адамдарды аралыктан аутентификациялоо жана идентификациялоо мүмкүндүгү болот, бул онлайн шайлоого мүмкүндүк берет.

Демократиялык укуктук мамлекеттин негизги милдеттеринин бири болуп эркин жана таза шайлоолорду камсыз кылуу эсептелет. Кыргызстандын коому жана саясий уюмдары эркин жана таза шайлоо бийликке демократиялык жол экенин түшүнүүгө тийиш. Таза жана акыйкат шайлоо менен келген бийлик күчтүү жана туруктуу өлкөнү курууга, өлкөдө ачык-айкын жана адилет саясий системаны түзүүгө негиз болот. Шайлоо элдин эгемендигин ишке ашыруунун жана коомдук пикирди билдирүүнүн, туруктуулуктун жана мамлекеттик механизмдин натыйжалуу иштөөсүнүн негизги инструменти болуп эсептелет.

Киргизилген жаңы технологиялар урнага бюллетендерди топтоп салуу жана “айлампа” сыяктуу добуш берүүнүбурмалоонун методдорун толук жойгонго мүмкүндүк берди. Шайлоонун жыйынтыктары добуш берүү аяктагандан кийин эки сааттын ичинде 95% ыктымалдуулук менен белгилүү болууда. Азыркы өзгөртүүлөр мындан ары да өркүндөтүүнү талап кылат.

Калктын аялуу катмарынын, аялдардын, улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнүн, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын шайлоо укуктарын жана шайланууга болгон укуктарын камсыз кылуу үчүн мыйзамдардын ченемдерин өркүндөтүүнү улантуу зарыл. Иш жүзүндө шайлоону байкоонун техникалык каражаттары (байкоо үчүн видеокамералар, биометрикалык паспорттор, элетрондук добуш берүү ж.б.) менен

камсыз кылуу зарыл. Бул таза шайлоону контролдоонун натыйжалуу каражаттарынын бири болот.

Өткөн жылдары Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын тизмесинин актуалдуулугу жагында олуттуу проблемаларга туш болгон, ошондуктан шайлоочулардын тизмесин биометрикалык маалыматтардын негизинде түзүү чечими кабыл алынды. Бул “бир шайлоочу – бир добуш” принцибин ишке ашырууга мүмкүндүк берди.

Шайлоо процессин мындан ары да ийгиликтүү реформалоо үчүн Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын реформалоонун стратегиясын иштеп чыгууну 2020-жылга чейин аяктоо керек.

Шайлоо процессин мындан ары да ийгиликтүү реформалоо үчүн төмөнкү маселелерди чечүү зарыл:

- жаңы модель боюнча өткөрүлгөн өнөктүктүн практикасынын негизинде шайлоо мыйзамдарын талдоо жана сунуштарды иштеп чыгуу, бул ишти ЖОЖдорду жана илимий мекемелерди тартуу менен илимий эксперттик негизде аткаруу;
- шайлоо системасын реформалоо системасы боюнча, ошондой эле мыйзамдык камсыз кылуунун актуалдуу маселелери боюнча үзгүлтүксүз коомдук талкууларды өткөрүү;
- шайлоо округдарын жана шайлоо участокторун түзүүнүн тартибин өркүндөтүү;
- Комиссиянын мүчөлөрүнүн туруктуулугун жана компетенциясын көтөрүү аркылуу шайлоо комиссияларынын ишин өркүндөтүү;
- маалыматтык-коммуникациялык шайлоо системасынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуу;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жөнүндө өзүнчө жобону иштеп чыгуу жана кабыл алуу;
- жарандардын, анын ичинде чет өлкөдө жүргөндөрдүн маалымат алуусун жакшыртуу;
- шайлоо мыйзамдарын бузууларга бөгөт коюу механизмин иштеп чыгуу, мониторингдин жана шайлоо талаштарын чечүүнүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу.

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИНСТИТУТТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

---

**2040 көз карашы:**адам укугун жана Кыргызстандын элинин улуттук каада-салтын коргоонун эл аралык системасынын жетишкендиктерин жана шаймандарын айкалыштырган жарандык коомдун заманбап моделин куруу. Жарандык коом институттарын, анын базалык багыттамаларын жана максаттуу ниеттерин жарандардын кыйла жашоо-турмуштук кызыкчылыктарын илгерилетүү жана коргоо жагына коррекциялоо каралат.

---

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдары жарандык сектор өнүгүүнүн бир нече этабын башынан кечирди, алардын ар биринде алдыңкы планга уюмдардын ар кандай типтери чыгып турду. Жарандык коомду түзүүнүн башатында 90-жылдардын башталышындагы демократиялык кыймыл турган. Кийин өнүгүүнүн ар кандай эл аралык программаларынын колдоосунда түзүлгөн жана иштеген уюмдар өнүгүү алышты. Акыркы жылдары өздүк туруктуулугун суроо-талап кылынган кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн, ошондой эле улуттук кайра жаралуу идеяларына багыт алган, кайдыгер эмес жарандардын күч-аракетин волонтердук кыймылга топтоонун эсебинен камсыз кылган уюмдардын позициясы күч алды.

Жарандык коом уюмдарынын юридикалык бекитилген классификациясы Кыргызстанда жок. Өткөндөгү биргелешкен аракеттердин калыптанган практикасы экологиялык, социалдык (балдардын, улгайгандардын, ден соолугунун жана менталдык мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын, мигранттардын, качкындардын укуктарын коргоо); укук коргоочу (адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин илгерилетүү, укук коргоо органдарынын системасында алардын корголушуна мониторинг жүргүзүү; бизнести жана ишкерликти колдоого багытталган уюмдар; журналисттердин жана ЖМКлардын укуктарын коргоого багытталган бирикмелер; аялдардын укуктарын жана гендердик теңдештик идеяларын жылдырган уюмдар сыяктуу; маданий мурасты сактоо жана өнүктүрүү боюнча; ошондой эле жарандык коомдун уюмдарынын өнүгүшүн шарттоо максатында түзүлгөн уюмдардын тобу калыптанды.

Чыгармачылык союздардын; Кыргызстандын калкы ассамблеясынын курамына кирген жана кирбеген этностук жамааттардын; кайгылуу окуялардын курмандыктарын жана алардын

тугандарын бириктирген уюмдардын; ар кандай улуттук-патриоттук кыймылдардын кызыкчылыктарын да эске алуу зарыл.

Көз карандысыз эксперттердин жана мамлекеттик органдардын жарандык кызматташуусунун жаңы формасы 2010-жылы түзүлгөн министрликтердин жан ведомстволордун алдындагы коомдук кеңештер болуп калды.

Азыркы учурда Кыргызстанда күчтүү жана көз карандысыз жарандык коомдун болушу  талашсыз факт жана артыкчылык болуп калды.Жарандык сектордун улуттук экономикага, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, адамдардын укуктук аң-сезиминин бекемделишине тикелей жана кыйыр  салымы  талашсыз.

ЖӨБ мындай башкаруунун социомаданий формаларына максималдуу таянат. Урук-тугандык мамилелердин салтын эске алат, ЖӨБга аксакалдар институтун киргизет.

Мамлекет финансылык жана башка жүйө түзүүчү шаймандардын жардамы менен жер-жерлерде реалдуу өз алдынча башкарууга суроо-талапты калыптандырат.

ЖӨБ иштебеген айылдык аймактардын айрым жерлеринде тикелей башкарууну киргизүү мүмкүн. Мында өкмөттүн өкүлүнө белгилүү-бир мезгил аралыгында  өз алдынча башкаруу принциптерине өтүүгө даярдык көрүү милдети коюлат.

ЖӨБ аймагында мыйзамдардын аткарылышын жана жарандардын укуктарын камсыз кылууга мамлекеттик контроль күчөтүлөт.  Ошол эле учурда жергиликтүү жарандык уюмдар үчүн өкүлчүлүктүү органдарда квоталарды мыйзамдуу бекитип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында саясий түзүүчүсүн ылдыйлатууга жетишүү зарыл.

Бирдиктүү позиция жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын добушу ЖӨБО менен күчтүү ассоциация аркылуу камсыз кылынат.  Мамлекет аны өнүктүрүү, анын ичинде анын статусун мыйзам менен аныктоо  менен ар тараптуу колдоо көрсөтөт.

Бюджеттик саясат калдык принцибине эмес, аймактын суроо-талабына негизденет.

Ошондой эле айылдык аймактар ирилештирилет.

## 1.3. ЭЛИМЕ КЫЗМАТ –МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

**2040 көз карашы:**Өлкөнү башкаруу ар бир кыргызстандыктын катышуусуна жана жетишилген ишеничине негизденет жана кесипкөй компетенцияны жана жогорку моралдык-адеп-ахлак сапаттарды айкалыштырган Кыргызстандын мыкты өкүлдөрүнө ишенип берилген. Мамлекет өзүн жана өзүнүн кызыкчылыктарын коргоого жана өзүндө да, эл аралык деңгээлде өз жарандарынын коопсуздугун камсыз кылууга жөндөмдүү.
Мамлекеттик жана муниципалдык органдар элдин кызыкчылыгында иштейт, иштөөнүн ачык принциптерине ээ, өлчөнүүчү натыйжаларга жетишүүгө багыт алган, чечимдер коллегиалдуу жана ачык-айкын принциптерде иштөө процессинде кабыл алынат.

### ПРЕЗИДЕНТТИК ИНСТИТУТ

Элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигинин органы катары Президенттик институттун трансформациясы бүткүл коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн 20 жылдык мезгилге трансформациясын бир эле маалда аныктоо жана уюштуруу менен ишке ашырылат. Президенттик институт учурдагы башкаруу органынан башка мамлекеттик институттар менен кесилишүүчү жана кайталоочу органдан өлкөнүн **улуттук биримдигин, стабилдүүлүгүн, коопсуздугун жана өнүгүүсүн стратегиялык башкаруу органына кайра түзүлөт.**

Тийиштүү түрдө президенттик ишмердүүлүктүн функциялык маңызы өзгөрөт. Президенттик институттагы өзгөрүүлөр ыйгарым укуктардын кыскарышын карайт, алардын бөлүгү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Өкмөтүнө өтөт.

Президент мамлекеттин башчысы бойдон калат жана эл менен мамлекеттик бийликтин биримдигин билдирет. Президент конституциялык түзүлүштүн негиздерин сактоонун жана саясий туруктуулукту камсыз кылуунун, жарандарын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышынын кепилдиги, мамлекет башчысынын өкүлчүлүктүү функцияларын аткарат.

Президенттик институт бийликтин башка бутактары, жарандык коом менен бирдикте ушул стратегияны ишке ашыруу процессин уюштурууда негизги болот. Калктын ар кандай топторунун, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарынын саясий турмушка реалдуу катышуусун жана реалдуу өкүлчүлүгүн камсыз кылуу, зарыл ченемдик актыларды аларды колдонууга киргизүү үчүн даярдоо менен саясий туруктуулуктукамсыз кылуу үчүн саясий мейкиндикти трансформациялоо боюнча сунуштар даярдалат.

- Калк жактаган жана ченемдик тартипте кабыл алынган Стратегия 2040.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин аппараты үчүн функционалдык топтомду өзгөртүү.
- Жарандык коом уюмдары жана ЖӨБО менен Президенттик өз ара аракеттенүү институттарынын жана регламенттердин болушу.
- Бийликтин башка бутактары жана уюмдары менен жумушчу процесстерди жана өз ара аракеттенүү процесстери «санарипке» өткөрүү.
- Укуктун үстөмдүгүнүн интегрирленген индекси–адамдардын мыйзамга мамилесин чагылдырган коомдун маанайынын өзгөрүү динамикасынын жалпыланган көрсөткүчү.

## ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮҮ БИЙЛИК

Парламенттик система өкүлчүлүктүү функциянын күчөтүлүшү аркылуу жана башкарууда, анын ичинде курултайларда жарандардын катышуусунун коом тааныган улуттук форматта жүргүзүү багытында өзгөрүлөт. Бул калктын керектөөлөрүн жана маанайын кыйла адекваттуу чагылдырууга мүмкүнчүлүк берет, бул бүгүнкү кырдаалда мүмкүн эмес, анткени калктын керектөөлөрүнүн ордуна партиянын керектөөлөрү каралат.Саясий партиялар бүгүн депутаттык мандаттарды, мамлекеттик кызматтарды,мамлекеттик институттарга таасир көрсөтүү механизмдерин табуу жана кармап туруу боюнча өзүнчө бир акционердик коомдор. Андыктан саясий чөйрө жана саясий агенттер да өзгөрөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жаңы шарттарда коомдук легитимдүү топтордун кызыкчылыкатрын реалдуу чагылдырат жана билдирет. Бул укуктук мыйзамдуулукка жана

адилеттикке негизденген реалдуу демократияны камсыз кылуунун шарты болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бийлик системасында үстөмдүгүн ачык жана көрүнүктүү кылуу зарыл. Анын мыйзамдык иштеги, бюджетти түзүүдө, Өкмөттү түзүүдө жана анын ишинин үстүнөн контролдоодо кеңири укуктары коомдогу туруктуулуктун өсүшүн камсыз кылат. Мында парламент коомдун жана экономиканын өнүгүүсүнүн натыйжасы үчүн адекваттуу жоопкерчилик тартышы керек.

Өкүлчүлүктүү бийлик органдары кайра уюштуруу – узакка созулган саясий циклдер менен байланышкан процесс, ал өкүлчүлүктүү органдарды түзүү принциптерин өзгөртүү, ыйгарым укуктарды жана функциялардын чөйрөсүн тактоо, жумушчу процесстерди санариптештирүү, бийликтин башка бутактары жана уюмдары мененөз ара аракеттенүү аркылуу ишке ашырылат.

Мында кыска мөөнөттүү мезгилдин бир катар милдеттерин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин учурдагы конфигурациясында чечүү керек:

- бийликтинбашка бутактарынын жана уюмдарынын ишине кийлигишүү жана оперативдүү ишин кайталоо жана контролдоо практикасын ырааттуу алуу;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктарынын эсебинен жеке жана өзүнчө маселелерди чечүү практикасын ыраттуу жоюу;
- бийликтин башка бутактары жана уюмдары менен өз ара аракеттенүүсүн ченемдик регламентөө;
- өкүлчүлүктүү бийлик органдарынын уюштуруу формаларын, функцияларын жана ыйгарым укуктарын акырындык менен өзгөртүү үчүн шарттарды түзүү;
- бийликтин башка бутактары жана уюмдары менен жумушчу процесстерди жана өз ара аракеттенүү процесстерин технологиялаштыруу жана санариптештирүү;
- мыйзам чыгаруу ишинин - алдыдагы реформаларды ченемдик камсыз кылуунун жаңы тартибин кабыл алуу;
- өз ишинин натыйжалары үчүн адекваттуу жоопкерчиликтин шаймандарын ыраты менен киргизүү;

- өкүлчүлүктүү функцияларды аткаруунун көлөмүн жана сапатын жогорулатуу, жарандык коом жана ЖӨБО менен өз аракеттенүү институттарын куруу;
- жергиликтүү кеңештин депутаттарынын талапкерлеринин квалификациясына жана билимине талаптарды мыйзамдык бекитүү.

**Индикаторлор:**

- жарандык коом уюмдары жана ЖӨБО менен өз аракеттенүү институттарынын жана регламенттердин болушу;
- бийликтин башка бутактары жана уюмдары менен жумушчу процесстер жана өз ара аракеттенүү процесстери «санарипке» которулат;
- жалпы улуттукка зыян келтирүү менен жеке жана өздүк маселелерди чечүүлөрдүн саны кескин кыскарат;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бийликтин бардык бутактары менен макулдашылган регламенттери жана өз ара аракеттенүү институттары түзүлөт;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине тапшырмалардын көлөмү 70%га төмөндөйт;
- боло турган реформаларды ченемдик жактан камсыз кылуу боюнча мыйзам чыгаруу ишинин планы кабыл алынат.

## АТКАРУУ БИЙЛИГИ

Аткаруу бийлигинин органдарынын системасында мамлекеттик башкаруунун компакттуу, мобилдүү жана ачык модели өлкөнүн кабыл алынган жана макулдашылган өнүгүү моделине карай түзүлүшү керек жана өлкөнүн жарандарынын бакубаттыгынын деңгээлин туруктуу жогорулатууга багытталат.

Аткаруу бийлигин трансформациялоо башкаруудагы тармактык мамиледен баш тартуу, башкаруу обьекттерин ирилештирүү жана алмаштыруу, аткаруу бийлигинин органдарынын функцияларын, көрсөтүлгөн мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн жана жол-жобосун, административдик жол-жоболордун көлөмүн жана жол-жобосун кайра карап чыгууну караган чаралардын комплекси катары ишке ашырылат. Трансформациялоонун максаты өз жарандарына кызмат кылган, калктын социалдык суроо-талабына таянган жана бийлик үстүнөн коомдун контролдошунун аракеттүү

механизмдерин камсыз кыла турган башкаруунун моделин түзүү жана ишке киргизүү болуп саналат.

Парламенттик көпчүлүк тарабынан түзүлгөн аткаруу бийлиги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши белгилеген приоритеттерге ылайык өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылышы керек.  Өкмөт бийликтин башка бутактары тарабынан анын оперативдүү ишине кийлигишүүдөн бошотулат. Өкмөт жана парламенттик көпчүлүк өз ишинин натыйжасы үчүн саясий жоопкерчиликти тартууга тийиш. Мында Өкмөт,  министрликтер жана ведомстволор кууш партиялык жана бизнес кызыкчылыктардан алганда кабыл алынган чечимдерден корголушу керек.

Аткаруу бийлигинин системасынын түзүмүнө жана уюштурулушуна саясатты калыптандыруунун функцияларды бөлүштүрүү принцибине (программаларды иштеп чыгуу, пландаштыруу, контролдоо-көзөмөл функциялары, мониторинг жана баалоо) негизделген чатырча моделин колдонуу жана жүзөгө ашыруу,ошондой эле учурдагы иштөөсү башкаруу системасынын функцияларын кайра карап чыгууну, тармактык принциптен мейкин-аймактык принципке өтүүнү талап кылат.

МКТ колдонуу менен мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү оптимималдаштыруу кызмат көрсөтүүлөрдүн бөлүгүн жеке секторго өткөрүп берүүгө мүмкүнчүлүк берет, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун жакшыртат. Калктын керектөөлөрүн эске алуу жана керектөөчүлүктүн кошумча критерийлерин иштеп чыгуу менен стандарттар жана регламент жеткире иштелип чыгат, натыйжалуулугун баалоо системасы киргизилет..

Мониторингжүргүзүү жана баалоо системасы, анын ичинде коомдук мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы кабыл алынган программаны ишке ашыруунун натыйжалуулугун аныктоого жана тез өзгөргөн кырдаалдардын жана дүйнөлүк жана региондук тренддердин шартында максаттарды жана милдеттери түзөтүүгө жардам берет.

Стратегиялык пландаштыруу жөнүндө кабыл алынган мыйзам аткаруу бийлигинин стратегиялык максаттар жана милдеттер боюнча отчеттуулук режимин бекемдейт.

Жарандык коомдун уюмдары жана ЖӨБО менен өз ара аракеттенүү регламенттери жана институттары иштелип чыгат жана киргизилет.

ЖӨБО ишин өркүндөтүү - мындан ары борбордон ажыратуу, бирок жергиликтүү деңгээлде ресурстарды тескөө жөндөмдүүлүгүнө жана алардын колдонулушу үчүн кошумча жоопкерчиликке басым кылынат. Мында саясат борбордук бийлик тарабынан аныкталат. Бийликтин вертикалын чыңдоо. Компетенцияны бекемдөөгө көмөк көрсөтүү.

Мамлекеттик кызматтехнократиялуулук, кесипкөйлүк, компетенттүүлүк принцибине негизденген, натыйжага багытталган. Кабыл алынган чечимдер жана иштин натыйжасы үчүн кызматчынын жеке жоопкерчилиги максаттарды жана милдеттерди так коюу жана каржылоо аркылуу камсыздалышы керек. Саясий жана административдик кызматтарды бөлүү боюнча колдонуудагы ченемдер так колдонулат. Мамлекеттик кызматчылардын санын кыскартуу натыйжалуулук критерийлери аркылуу жана технологиянын дивиденддерине байланыштуу гана ишке ашырылат. Эмгек акы фондун жеке сектор менен атаандаша алгыдай кылуу зарыл.

Белгиленген максаттарга жетүү үчүн төмөнкү натыйжаларды камсыз кылуу зарыл:

- системада саясий кызматтарды минималдаштыруу. Өкмөттүн мүчөлөрү гана саясий дайындалыштагылар болуп саналат;
- бийлик бутагынын бардык кайталоочу жана атаандашуучу функцияларын жоюу;
- бийликтин башка бутактары жана уюмдары менен өз ара аракеттенүүлөрүн ченемдик жактан регламентөө, т.а. регламенттер өз ара макулдашылган жана бирдей юридикалык күчкө ээ;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламентине депутаттардын аткаруу бийлигинин учурдагы ишине жана кадр саясатына кийлигишүүсүнө тыюу салуу жана мындай бузуулар үчүн жоопкерчиликти белгилөө;
- жарандык коомдун уюмдары менен ЖӨБОнун өз ара аракеттенүү институттарын ыңгайлаштыруу;

- АТУ негизине административдик чектерди эмес, мындай бирдиктин өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү, технологиялык, экономикалык, маданий жана башка процесстерге кошулуусу көз карашынан алганда жалпылыгын негиз кылуу;
- мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун баалоо ролун жана анын башкаруучулук чечимдерге таасирин жогорулатуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызматкерлеринин мотивациясын жогорулатуу;
- максаттар (натыйжалар) боюнча башкаруу принцибин жана тийиштүү программалык бюджеттөөнү киргизүү.

**Индикаторлор:**

- аткаруу бийлигиндеги министрликтердин жана ведомстволордун санын 44 төн 20 бирдикке чейин кыскартуу;
- ведомствого караштуу мекемелерди 50%га кыскартуу;
- «тапшырмалар» боюнча иштин көлөмүн 75%га төмөндөтүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызматкерлери 100% мамлекеттик тилди, 1 же 2 дүйнөлүк тилди, анын ичинде орус тилин билүүсү керек;
- аймакты өнүктүрүүнүн бирдиктүү планын иштеп чыгуу;
- мамлекеттикинституттарга карата жарандардын ишенич деңгээлин жогорулатуу;
- мамлекеттик аппараты күтүүгө чыгымдардын салыштырмалуу көрсөткүчүн төмөндөтүү.

## 1.4 ЭКОНОМИКАЛЫК СЕКИРИК ҮЧҮН НЕГИЗДИ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**2040 көз карашы:**Дем берүүчү жеңилдиктерди түзүү, менчиктин укуктарын коргоо жана мамлекеттиккепилдиктер жана колдоо системасын түзүүнүн натыйжасында Кыргызстанга чет өлкөлүк инвестициялардын агымы өстү. Бизнес-чөйрөнү жакшыртуу боюнча иш-чаралардын комплекситатыктуу жумушчу орундарын түзүүгө, экспортту көбөйтүүгө, өлкөнүн инфраструктурасын, билим берүү, саламаттык сактоо системасын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берди; агроөнөр жай комплексинде, өнөр жайда, туристтик тармакта обьекттерди курууда жана башка тармактарда ишкерлик

активдүүлүк өсүүдө, бул калктын экономикалык бакубаттыгынын жана социалдык бакубаттыгынын өсүшүнө өбөлгө болууда.

## ЖАГЫМДУУ БИЗНЕС-ЧӨЙРӨ

Чакан жана орто бизнес өлкөнүн экономикасында маанилүү ролду ойнойт, ИДПнын олуттуу бөлүгүн түзүп жана жумушчу орундар менен камсыз кылуу менен калктын экономикалык бакубаттыгынын жана социалдык бакубаттыгынын өсүшүнө өбөлгө болууда.

Мамлекеттик саясаттын максаты ЧОИ стабилдүү өнүгүүсүн администрациялык кысымдан коргоонун, бийликтин жана бизнес-ассоциациялардын өз ара өнөктөш мамилелерин орнотуу, бизнес-чөйрөнү жакшыртуу, экономиканын ар кайсы тармактарындагы ишкерлердин ишин кеңейтүү жана региондордо жумушчу орундарын түзүүнү колдоонун эсебинен камсыз кылуу саналат.

Ишкерлердинжөнөкөй жана түшүнүктүү иш эрежелери менен **комфорттуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү чөйрөнү түзүү –** мамлекеттик **с**аясаттын маанилүү багыты болуп саналат. Келечектеги экономикада, санариптик экономикада өнүгүүнүн негизги фактору адам болуп саналат, адам – ишкер, жаратман. Мамлекет менен ишкердин өз ара мамилеси өнөктөш болуу, ал эми мамлекеттин бизнестин ишине кийлигишүүсү минималдуу болууга тийиш. Мамлекет активдүү жана эркин ишмердик ишти колдоо жана кубаттоо менен өлкөнүн экономикасынын өсүшүнө, калктын жашоо-турмушунун сапатынын жакшырышына түрткү берүүдө. Ишкерлерди коргоону камсыз кылуу максатында экономикалык кылмыштар толугу менен декриминалдаштырылат. Бийликтин жана бизнестин мындай мамилелери ишкерлердин ачык жана социалдык жоопкерчиликтүү иши үчүн дем болуп, формалдуу эмес экономиканын деңгээлин төмөндөтөт.

**Мамлекет ишкерлердин чыгымдарын бизнеске административдик кысымды** азайтуу аркылуу төмөндөтүүнү камсыз кылышы керек. Чакан бизнес үчүн текшерүү эрежелери жумшартылат жана коопсуздукка жөнөкөйлөтүлгөн талаптар киргизилет. Ишкерлик чөйрөсүнүн максималдуу саны мыйзамдардын сакталышы үчүн бизнес-ассоциациялардын жоопкерчиликти кабыл алуусун эске алуу менен өзүн-өзү жөнгө салууга которулат. Жөнгө салуучулук саясаттагы өзгөрүүлөр

бизнестин ишине атайын жолтоо болгон чиновниктердин жоопкерчилигин күчөтүүнү камтыйт.

**Мамлекеттикжана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык чөйрөсүндө “бирдиктүү терезе” принциби мыйзамдык бекемдөө алат.**Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө ишкерлерден кандай болбосун документтерди же башка мамлекеттик органдан маалыматты суроо-талап кылууга мыйзамдык тыюу киргизилет. Электрондук отчеттуулукка өтүү жана ишкерлер менен ведомстволордун өз ара аракеттенүүсү аяктайт. Мамлекет жана муниципалитет тараптан ишкерлерге көрсөтүлүүчү бардык кызматтар электрондук формага которулат, бул ресурстарга жетүүгө да тиешелүү (жер казынасы, мамлекеттик сатып алуулар, финансы, мамлекеттик мүлктү сатып алуу жана ижаралоо ж.б.). ишкер менен мамлекеттик органдардын маалыматтык өз ара аракеттенүүсүнүн өнүгүүсүн эске алуу менен ар кандай кагаз түрүндөгү отчетторду берүү зарылчылыгы өзүнөн өзү жок болот.

**Рынок шарттарында атаандаштыкты колдоо үчүн** мамлекеттикменчикке карата саясатмамлекеттикишканалардын санын жана мамлекеттик жана муниципалдык менчикте болгон мүлктүн көлөмүн чарбалык субьекттерге көмөк көрсөтүү критерий боюнча минималдуу деңгээлге чейин кыскартууга, иштөөнүн конкреттүү максатына жетүүгө топтолот. Бизнестин инфраструктурага (электр тармактары, суу жабдуу жана канализация)жетүү жол-жобосу жеңилдетилет жана кызматтарды төлөөнүн ачык системасы киргизилет. Региондордо ЧОИ айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү жана ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспортко коюусун уюштуруу үчүн транспорттук-логистикалык борборлорунун санын кыскартуу зарыл.

Бизнести өнүктүрүү үчүн стимул болуп**жер рыногун либералдаштыруу** жана жерди сатуу жана сатып алуу үчүн шарттарды түзүү, бул рынокко жеткиликтүүлүккө чектөөлөрдү алып салуу жана жергиликтүү жана чет өлкөлүк инвесторлор үчүн бирдей шарттарды түзүүболуп калат. Атамекендештер үчүн «Кыргызстандан/Kyrgyzorigin ата-энелер» укугу боюнча жерге жеке менчик укугун киргизүү, ошондой эле чет өлкөлүк инвесторлор үчүн айыл чарба жерлерине узак мөөнөттүү ижаралоо укугун киргизүү сунушталат.

Мамлекетчакан жана орто ишкерлик субьекттерин узак мөөнөттүү кредиттөөнү өнүктүрүү, банктык кредиттөөнүн жаңы түрлөрүн өнүктүрүү үчүн чараларды кабыл алат. Бул үчүн мамлекеттик финансылык колдоо каражаттары, Россия-Кыргыз өнүгүү фондунун (РКӨФ) жана банктын каражаттары колдонулат, ислам финансы продукттарын колдонуу менен кредиттөө өнүгөт. Айыл чарба өндүрүшүн көбөйтүү, айылдык региондордогу ЧОИлердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана тармактын структурасын жакшыртуу үчүн айылдык ишкерлер үчүн кооперативдик банкты түзүү мүмкүнчүлүгү каралат.Чет өлкөдө иштеген жарандар үчүн, ошондой элекаражаттарды экономикага инвестициялоо үчүн шарттар түзүлөт. Мамлекеттик ресурстарды тикелей кредиттөө үчүн эмес, пайыздык ставкаларды субсидиялоо максатында колдонуу приоритет болуп калат. Мамлекет бөлгөн ресурстарды максаттуу пайдаланууну камсыз кылуу үчүн чаралар кабыл алынат.

Капиталдык сыйымдуу продукция (жогорку технологиялуу продукция/кызмат көрсөтүүлөр) үчүн жогору нарккошулган продукцияларга преференцияларды берүү боюнча **салык жүгүн төмөндөтүү боюнча чараларды** иштеп чыгуу жана кабыл алуу каралууда. Бул ишканалар үчүн жогорку технологиялуу жабдуулардын тездетилген амортизациясы, илимий-изилдөөчүлүк, тажрыйбалык-конструктордук иштеп чыгууларга, кызматкерлерди даярдоого жана окутууга чыгымдарды эсептен алып салуу өлчөмүн жогорулатуу боюнча 70%га чейин жеңилдиктер берилет. Мына ошентип ишканаларга жеңилдиктер берилет, мисалы мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган жерге же кыймылсыз мүлккө ижара акынын фиксирленген өлчөмү 5 жылга чейинки мезгилге белгиленет, ошондой эле социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча иш берүүчүнүн төлөмдөрүн төмөндөтүү сунушталат, бул жогору өндүрүмдүү жумушчу орундарын түзүүгө дем берет. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортун колдоо максатында экспортго багытталган жана жогорку технологиялуу өндүрүштөрдү кредиттөө үчүн өзүнчө финансылык институт түзүлөт.

Талаптарды жөнөкөйлөштүрүү жана ЧОИ катышуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү үчүн МЖӨ жана инвестициялар боюнча мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү ишкерлик чөйрөнү өнүктүрүүнүн чараларынын бири болуп калат.Бул бизнеске жеке-

мамлекеттик өнөктөштүктү өнүктүрүүгө активдүү тартылууга мүмкүнчүлүк берет жана бир эле маалда мамлекеттик чыгымдардын азайышына алып келет. Экономиканын түзүмүндө ЧОИ үлүшү 60%га чейин көбөйөт, мамлекет тарабынан ишкерликтин айрым чөйрөлөрүн өзү-өзү жөнгө салууга өткөрүп-берүү практикасы киргизилет. Бизнес-чөйрөнү жакшыртуунун эсебинен өлкө Дүйнөлүк банктын бизнести жүргүзүүнүн жеңилдиги боюнча рейтингинде биринчи 40 өлкөнүн тизмесине кирет.

**Жеткиликтүү кредиттөө системасын өнүктүрүү.** ЧОИ кредиттөө экономиканын учурдагы жана келечектеги өсүшүнө дем берет, учурдагы өндүрүштүк жана инвестициялык ишти колдойт. Ушуга байланыштуу кредиттик ресурстардын (анын ичинде «узун ресурстар») көлөмүн көбөйтүү аркылуу бардык экономикалык агенттер үчүн кредиттөнүн жеткиликтүүлүгүнүн өсүшү, ошондой эле нарктык билдирилишинде жеткиликтүүлүгү мамлекеттин экономикалык саясатынын артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп саналат. Мамлекет узак мөөнөттүү кредиттин жеткиликтүүлүк мөөнөтүн кредитордун тобокелдигинин бөлүгүн өзүнө алып же өлкөнүн экономикасын андан ары өнүктүрүү үчүн маанилүү тармактарды жана ишканаларды кредиттеген банктарга кредиттерди берүү жагында мыйзамдарды өркүндөтүү аркылуу жогорулата алат.

ЧОИнин өнүгүүсүн продукциялардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, инновацияларды киргизүү, материалдык-техникалык базаны жаңылоо, өндүрүштү кеңейтүү үчүн финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн инфраструктурасыз мүмкүн эмес. Кредиттердин шаарларда жана райондук борборлордо топтолушуна, жогорку пайызды ставкаларды жана кредиттөө системасынын бизнестин туруктуу формаларын өнүктүрүүгө оң таасиринин жоктугуна байланыштуу айыл региондорунда кредиттик ресурстарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү зарыл. Айыл жергесинде төмөн кирешелүү калктын тобу жашайт. Күрөө мүлкүнүн төмөн наркы же жоктугу, начар менеджмент айыл чарба тармагындагы салттуу болуп калган тобокелдик – бул факторлордун бардыгы айыл калкын банктар үчүн жагымсыз кылат жана МФУдан кредиттердин жогорку пайыздык ставкалары менен түшүндүрүшөт. Кредиттер боюнча пайыздык ставкаларды төмөндөтүү стратегиясын тандоодо

финансы кооперативдеринин тажрыйбасы, кредиттөөнүн ислам принциптери кызыктуу көрүнөт.

Мамлекет мындан ары да кредиттин төмөнкү наркын жылына 6-7 пайыздык өлчөмдө кыска мөөнөттүү келечекте сактоо менен 5 жылга чейин жакшы кредиттик таржымалы бар зайым алуучулар үчүн кыйла узак мөөнөттөргө кредиттик ресурстарды берүү аркылуу айыл чарба өндүрүүчүлөрүн жеңилдетилген кредиттөө системасын мындан ары да колдойт. Мындан тышкары, мамлекет тарабынан чакан жана орто бизнестин субьекттери үчүн кредитти так коюлган жана ойлонуштурулган жол-жоболорун камсыз кылууда күрөөнү камсыз кылуу жагында кепилдөө механизмдери берилет. .

Ири бизнес субьекттери үчүн да, ошондой эле чакан жана орто ишкерликтин субьекттери үчүн да жеңилдетилген шарттарда жана алуунун узак мөөнөтөрүнө кредиттөө максаттары үчүн (Россия-Кыргыз Өнүктүрүү Фонду сыяктуу) өнүктүрүүнүн жаңы фонддору түзүлөт.

Жүгүртүү каражаттарын толтурууга жана учурдагы карызды финансылоого уюмдардын кредиттери боюнча пайыздарды субсидиялоо механизми түзүлөт.Финансылык сектордун колдоосунда мамлекет тарабынан чакан жана орто бизнести колдоо үчүн бир катар шаймандар иштелип чыгат, бул оболу чийки заттык эмес экспорт менен иштеген ишканаларга, ошондой эле долбоорлук финансылоо механизмдерин колдонгондорго тиешеси бар.Макроэкономикалык шарттардын жакшыруусу жана республиканын банк системасы үчүн узак мөөнөттүү ресурстарга кеңейтилген жеткиликтүүлүк тобокелдиктердин ырааттуу азайышына жана тиешелүү түрдө зайым алуучулар үчүн зайым каражаттарынын наркынын кыскаруусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатат.

Чакан жана орто бизнести өнүктүрүүдө жана жагымдуу бизнес-чөйрөнү түзүүдө **максаттуу багыттар** төмөнкүлөр болот: өлкөнүн ИДПсында ЧОБнын үлүшүнүн өсүшү, Дүйнөлүк банктын бизнести жүргүзүү жеңилдиги боюнча рейтингинде биринчи 40 өлкөнүн тизмесине кирүү; ЧОБ жөнгө салуунун айрым түрлөрүн бизнес-ассоциацияларга өзүн-өзүн жөнгө салууга өткөрүп берүү; коммерциялык банктардын портфелинде ЧОБ үчүн кредиттердин үлүшүнүн өсүшү жана кредиттер боюнча пайыздык коюмдардын

төмөндөшү; экспортко багытталган ишканаларды кредиттөнүн көлөмүнүн өсүшү.

**Индикаторлор:**

- кредиттик ресурстардын наркы(кредиттер боюнча пайыздыккоюмдар) жылына 4-5 пайыздан ашык эмес;
- айыл региондорунда кредиттөөнүн көлөмүнүн өсүшү.

## САПАТТУУ ИНФРАСТРУКТУРА

**2040 көз карашы:**социалдык-тиричилик инфраструктурасынын талаптагыдай сапаты жана жеткиликтүүлүгү продуктивдүүлүктүн жана өндүрүштүн өсүшү үчүн талап катары таанылат жана жалаң экономикалык ишти колдогон инфраструктурадан бөлүнгүс.

Мамлекеттин артыкчылыктуу максаты калктын үзгүлтүксүз электр энергиясына, жылуулукка, таза сууга, сапаттуу билим алууга, саламаттыкты сактоого, транспортко, байланыш кызматтарына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жолу менен алардын татыктуу жашоо-турмушунун деңгээлин жогорулатуу жана жагымдуу шарттарды түзүү болуп саналат. Инфраструктурага инвестициялар экономика үчүн үч эселик мультипликативдик эффектисинин генератору сыяктуу.Бул ошондой эле өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жакшыртууга, өндүрүштүк процесстерди жана тышкы дүйнө менен бизнес мамилени оптималдаштырууга мүмкүнчүлүк берет, бул өз кезегинде жумушчу орундарды түзүүнү жана калктын жашоо-турмушунун сапатын жакшыртууну шарттайт.

**Транспорттук инфраструктура.**Транспорттук инфраструктура чөйрөсүндө негизги милдет калктын ары-бери жүрүү эркиндигин камсыз кылуу жана транспорттук туңгуюктанөлкөнү чыгаруу болуп саналат Бул чөйрөдөгү мамлекеттик саясат инфраструктуранын зарыл сапатын камсыз кылууга багытталган, анткени ташууларды жүргүзүү үчүн экономикалык райондордун ортосундагы ары-бери жүрүүдө экиден кем эмес атаандашуучу маршрут болуп, ал эми кургактыктагы транспорттун орточо ылдамдыгы Баткенден Караколго 12 сааттан ашык эмес убакытта жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүшү керек.

Транзиттик потенциалды өнүктүрүү транспорттук-логистикалык борборлорду түзүү, автомобилдик транзиттик каттамдарды өнүктүрүү, ошондой эле  коомдук транспортту өнүктүрүү, тейлөө сапатын жакшыртуу аркылуу ишке ашырылат.

Мамлекет жүргүнчүлөрдү ташуу чөйрөсүндө өзүнө жалаң гана жөнгө салуучунун ролун калтырат. Мамлекеттин менчигинде калган активдер жакынкы убакта толугу менен менчиктештирилет. Мында  инновациялык технологиялар аркылуу алардын коопсуздугун жана сапатын камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү зарыл. Мамлекет жерде жүрүүчү транспорттун экологиялык таза түрлөрүнө өтүүнү дем берет, ошол эле маалда экологиялык талаптарды катуулатат.

Жүргүнчүлөрдү ташуулар алдын-ала аныкталган маршруттар жана кетүү-келүү убактысын көрсөтүү менен бүткүл өлкө боюнча бирдиктүү диспетчердик кызматтарга бириктирилет жана онлайн режиминде жеткиликтүү болот.

Транспорттук коридорлорду өнүктүрүү жана жаңы жана мурда болгон коридорлорго бириктирүү Борбордук Азиядагы жол каттамдарын жакшыртуу программалары, ЦАРЭС программасы, Жибек жолунун жана башка интеграциялык бирикмелердин экономикалык тилкесин ишке ашыруунун алкагында өзгөчө актуалдуу.  Албетте дүйнөлүк транспорттук каттамдарга ийгиликтүү интеграциялануу үчүн транспорттук ташуулардын мультимодалдуулугун камсыз кылуу зарыл экендиги айкын.

Транзиттик темир жол тармагы жана өлкөнүн түндүк жана түштүгүн бириктирген темир жол бутагы түзүлөт. Ушуга байланыштуу республиканын темир жолдорун электрлештирүү, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жол магистралын куруу, өлкөнүн түндүк менен түштүгүн бириктирген ички темир жол тармагын түзүү (анын ичинде Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече) пландаштырылууда. Ошентип, өлкөнүн региондорунун ортосунда түз жана ишеничтүү транспорттук байланыш жана эл аралык темир жолдорго чыгуу камсыз кылынат, бул ташуулардын наркын арзандатууга жана атамекендик товарлардын экспорттук рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Өнүккөн темир жол тармагын куруутранспорттук-логистикалык борборлорду түзүүгө жанаэкспедитордук жана транспорттук

компаниялардын иштөөнүн интегрирленген системасын калыптандырууга, мультимодалдык ташууларды өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө өбөлгө болот.

Кыргыз Республикасынын аба учууларын жана аба мейкиндигин тейлөө системасы модернизацияланат, радиотехниалык каражаттарды жаңылоо, эл аралык аэропорттордо жана ички каттамдар аэропортторун реконструкциялоодо, өнүктүрүүдө же курууда радиолокациялык, навигациялык жана байланышуу жабдууларын сатып алуу же алмаштыруу каралууда.

«Манас», «Ош», «Ысык-Көл» аэропортторун эл аралык стандарттарга чейин реконструкциялоо жана модернизациялоо жүргүзүлөт Инвестицияларды тартуу менен жаңы «Ош» эл аралык аэропортун куруу пландаштырылууда, ошондой эле чакан авиацияны өнүктүрүү үчүн авиациялык ташуулар рыногун жана абада жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуунун түйүндүк борборун аба мыйзамдарын либералдаштыруу жана «аба эркиндиги» максималдуу саясатын киргизүү менен өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт.

**2040-жылга карата негизги индикаторлор Кыргыз Республикасын** жүргүнчүлөрдүн, товарлардын жана жүктөрдүн транзити үчүн коопсуз жана суроо-талап кылынган коридорлору бар транзиттик өлкөгө айлантуу болуп саналат.

**Энергетикалык инфраструктура**. Энергетика негизги инфраструктуралык тармак болуп саналат, бирок жоготуулардын оң динамикасына карабастан сектор финансылык жактан туруктуу эмес бойдон калууда, энергосистеманы модернизациялоого жана өнүктүрүүгө инвестицияларды жана капиталдык салымдарды, башкарууга жаңы ыкмаларды талап кылат. Мында жүргүзүлүп жаткан тарифтик саясат баа түзүүнүн экономикалык ыкмаларына жооп бербейт, инфляциянын өсүү тенденциялары жана көмүртек отунуна баалардын өсүшүнүн дүйнөлүк тенденцияларыэске алынбайт, бул потенциалдуу инвесторлор үчүн оздуктоочу кошумча фактор болуп саналат.

Стратегияны ишке ашыруунун биринчи жылдары энергетикалык инфраструктураны өнүктүрүү энергоэффектүүлүктү жогорулатуу жана баа түзүүдө экономикалык эмес факторлорду четтетүү аркылуу секторду экономикалык жандандырууга багытталат.

Мындан тышкары көмүртектүү эмес энергетиканы андан аркы өнүктүрүү аркылуу энергогенерациянын диверсификациясын баштоо зарыл. Ошондой эле мамлекеттик саясат энергиянын микро жана чакан генерациялоо булактарын өнүктүрүүгө багытталат.

Энергетика чөйрөсүндө мамлекет алдында турган маанилүү милдет тарифтик реформа менен айкалышта жоготууларды кыскартуу болуп саналат, анткени инвестициялык приоритеттер жоготууларды кыскартуу боюнча чараларды дайыма аткарууну жана кеңейтүүнү камтышы керек. Бул суроо-талапты аткаруу үчүн өндүрүштүн көлөмүн азайтууга жардам берет жана ушуну менен коюулардын адекваттуулугун жакшыртат жанааварияльк өчүрүүлөрдүн мүмкүндүгүн азайтат.

Тарифтер ийкемдүү болуп жана керектөө убактысына жана мезгилине, керектөөчүлөрдүн ар кандай категорияларынын суроо-талаптарынажараша туруктуу кайра жаралып туруучу болушу керек. Мамлекет жаңы орто мөөнөткө тарифтик саясатты иштеп чыгат жана ишке ашырат, ал ырааттуу жана тиричиликтик керектөөчүлөрдөн түшүүлөрдү жогорулатууга багытталышы керек, алардын көпчүлүгү үчүн өздүк наркынан төмөн тарифтер пайдалуу. Ушуга байланыштуу субсидияланган электр энергиясынын жеңилдетилген керектөөлөрүнүн кепилденген көлөмүнүн деңгээлин төмөндөтүү жолу боюнча жүргүзүү зарыл.

Мамлекеттик саясаттын энергетикалык секторду финансылык жандандырууга багытталган чаралары өзгөрүүсүз, мында артыкчылыктар капиталдык салымдар жана сектордун активдерин реконструкциялоо менен аныкталат. Жаңы генерациялануучу, берүүчү жана бөлүштүрүүчү инфраструктураны реконструкциялоого да, ошондой эле курууга да инвестицияларды камтыган экономикалык максатка ылайыктуу жана пайдалуу инвестициялык артыкчылыктарды так аныктоо зарыл.

Узак мөөнөттүү келечекте энергетиканын туруктуу өнүгүүсүн, өлкөнүн жана региондордун энергетикалык коопсуздугун, экономиканын реалдуу секторунун энергоэффективдүүлүгүн, ар бир керектөөчү үчүн энергия алып жүрүүчүнүн жеткиликтүүлүгүн камыз кылуу жана курчап турган чөйрөгө техногендик таасирди азайтуу пландаштырылууда.

Калкка жана экономиканын чөйрөлөрүн энергия жана отун менен жабдуунун ишенимдүүлүн камсыз кылуу келечекте региондор боюнча отун-энерегетикалык ресурстарды үнөмдүү пайдалануу жанажер-жерлерде энергиянын булактарын газдаштыруу жана энергиянын кайра жаралуучу булактарын колдонуунун эсебинен диверсификациялоо боюнча бардык мүмкүнчүлүктөрдү эсепке алууну талап кылат.

Өлкөнүн экспорттук потенциалын жогорулатуу максатында CASA-1000 долбоору ишке ашырылат, ал электр энергиясын жай мезгилинде Кыргыз Республикасынан жана Тажикстан Республикасынан Түштүк Азия мамлекеттерине (Афганистан жана Пакистан) коюуну карайт, бул жалпысынан республика үчүн кошумча пайда алып келет.

Мамлекет колдоо жана жөнгө салуу чаралары менен ВИЭ-генерациялоо (чакан ГЭС) технологияларын активдүү ишке киргизет. Салттуу генерациялоо өнүтүндөмамлекет салттуу генерациялоонун жогорку технологиялык өнүктүрүү багытында аракеттерди көрөт жана ашыкча кубаттуулуктарды экспортко натыйжалуу монетизациялоонун шарттарын карайт.

Камбарата ГЭС-1 жана ГЭС-2, Жогорку НарынГЭСтеринин каскады, Ак-Булуң ГЭСи, Үч-Коргон ГЭСи, Ат-Башы ГЭСи, Токтогул ГЭСи жана Кара-Кече ЖЭС сыяктуу обьекттери курууга жана реконструкциялоого инвестицияларды тартуу пландаштырылууда. **Жалпы белгиленген кубаттуулук 3800 МВт көбөйөт**.

Турак үйлөрдө ысык суу менен жабдуу жана жылуулук менен жабдуу проблемаларын чечүү үчүн энергия менен жабдуунун борбордук системасын модернизациялоо зарыл, ошондой эле энергиянын кайра жаралуучу булактарын бардык жерде колдонуу, соцмаданият обьекттерин жылуулук менен жабдуу үчүн геотермалдык булактарды жана алар жайгашкан райондордо калк тарабынан жылуулукту пайдалануу.

Электр энергетикасын өнүктүрүүнүн белгиленген милдеттерин ишке ашыруу **Кыргызстанга региондогу электр энергиясынын ири өндүрүүчүсү** болууга, калкты, өнөр жайды электр энергиясы менен толугу менен камсыз кылууга жана коңшу өлкөлөргө электр энергиясынын экспортун көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берет, бул экономика жана анын кийинки диверсификациялоо үчүн кирешенин

жаңы булагы болушу мүмкүн, аларды колдо болгон инфраструктураны жакшыртууга реинвестицияласа болот.

**Таза сууга жеткиликтүүлүк.**Кыргызстандын калкынын көпчүлүгүнүн таза ичилүүчү сууга жеткиликтүүлүгү чектелүү. Бул көйгөй айылдык калктын алдында курч турат – 20 пайызы таза ичилүүчү суу менен дээрлик камсыз болгон эмес, 60 пайыз сууга күнү-түнү бою жеткиликтүүккө ээ эмес. Мындан тышкары борбордоштурулган суу бөлүштүрүп буруу обьекттеринин абалы көйгөйлүү бойдон калууда: калктын 1/5 бөлүгү борбордук суу бөлүштүрүп буруу системасы менен камсыздалган. Бишкекте бул көрсөткүч 78 пайызды түзөт, ал эми региондордо 10 пайыздан ашпайт.

Таза ичиличүү суу менен камсыздалуу маселесинин маанилүүлүгүн жана артыкчылыктуулугун эске алып, мамлекет экономикалык жактан туруктуу, жеткиликтүү кызмат көрсөтүүгө басым жасоо менен ичилүүчү суу жабдуу чөйрөсүндөгү саясатты кайра карап чыгат. Жергиликтүү кеңештер тарабынан негизделбеген төмөндөтүлгөн тарифтерди кабыл алуу практикасы токтотулат. Суу коюуну уюштуруу системасырыноктук форматка которулат жана калктын айрым чабал катмарын субсидиялоонун ишенимдүү системасына которулат. Жаңы суу түтүк тармактарын түзүү маселелери мамлекеттин тикелей милдети болот, ал эми алардын мазмуну жана тейлөө – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жоопкерчилиги болот.

Жакынкы убакта өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн активдүү көмөк көрсөтүүсүндө калктын суу жабдуу, суу бөлүштүрүү кызмат көрсөтүүлөрүнө жана санитарияга жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга 23 млрд кем эмес сом жумшалат. Бул чараларды ишке ашыруу калкты таза суу менен камсыздалышы менен кырдаалды алгылыктуу жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет.

## МЫЙЗАМДЫН ҮСТӨМДҮГҮ ЖАНА СОТ АДИЛЕТТИГИ СИСТЕМАСЫНА ИШЕНИМ

**2040 көз карашы:**Коомукук тартиби жана сот адилеттиги системаларына ишенет, калк менен укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн ортосунда өз ара сый мамилелер орнотулган, ар бир жаран толук коопсуздукта жана корголгондук сезим, мыйзамдын

үстөмдүгүнө ишенүү менен жашайт.

Мыйзамдардын так жана бир түрдүү колдонулушун жана аткарылышын камсыз кылган адилет сот системасы жана прокуратура органдары мамлекеттеги укуктун жана мыйзамдын үстөмдүгүнүн кепилдиги болуп саналат.Калктын сот жана прокуратура органдарына ишеничи алардын ишинин ачыктыгы жана чыгарылган чечимдердин түшүнүктүүлүгү менен аныкталат.Жазалоо практикасынын деңгээлин төмөндөтүү жана мыйзамдарды гумандаштыруу улантылат. Жазыктык жаза колдонулушу керек болгон көптөгөн финансылык жана экономикалык кылмыштар айып пул төлөө менен административдик разрядга которулат.

Күчтүү жана адилет сот бийлиги–жарандардын мыйзамдын үстөмдүгүнө ишениминин, экономиканын туруктуулугунун жана инвесторлордун ишеничинин негизи. Сот системасын реформалоо анын калк менен өз ара аракеттенүүсүн максималдуу жөнөкөйлөштүрүү менен улантылат. Соттук системанын институционалдык негиздери да бекемделет.

Алсак, жарандар үчүн сот адилеттигине тоскоолдуксуз жетүүнү түзүү максатында райондор аралык соттун функцияларын райондук сотторго берүү менен жоюу аркылуу сот системасында ашыкча звенолор алып салынат.

Мындан тышкары, биринчи инстанциядагы соттун эрежелери боюнча апелляциялык инстанция тарабынан соттук иштерди кароо мүмкүнчүлүгү алып салынат. Мында экинчи жана үчүнчү инстанциядагы соттордо жаңы далилдерди изидөө мүмкүнчүлүгү алып салынат, анткени алар иштер бар болгон материалдар боюнча биринчи инстанциядагы соттун кабыл алынган чечиминин тууралыгына баа берүүгө тийиш. Бул далилдер ишти биринчи инстанцияда кароодо же жаңы ачылган жагдайлар боюнча кароодо берилет.

Сот системасынын институционалдык негиздери Жогорку соттун пленумунда толук жана так түзүлгөн бирдиктүү соттук практика менен бекемделет. Ошол эле учурда судьялардын жоопкерчилик маселелерин кароонун эффективдүү жана ачык механизми так аныкталат.

Сот системасынын жүгүн алгылыктуу азайтууга медиация институтун өнүктүрүү алып келет. Соттор үй-бүлөлүк жана эмгектик талаш-тартыштар менен байланышкан гана жазык иштерин карашат, ал эми чарбалык жана экономикалык мүнөздөгү калган талаш-тартыштар кеңешүүчү органдарга (арбитраждарга) өткөрүлүп берилет. Ошондой эле бейтарап соттор өнүгөт, иштер тийиштүү корутундулар боюнча жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан каралат.

Мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын аткарылышы, адамдын жана жарандын, ишкерлик субьекттеринин жана инвесторлордун укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу үчүн прокуратура органдарынын эффективдүү көзөмөлү –инсандын кызыкчылыктарынын, укуктарынын жана эркиндикеринин артыкчылыктары менен укуктук мамлекетти түзүүнүн негизи болуп саналат. Мамлекет мыйзамдардын так жана бир түрдүү аткарылышына эффективдүү прокурордук көзөмөл аркылуу укук коргоо жана контролдоочу органдар тарабынан ыйгарым укуктардан кыянаттык менен пайдалануунун кандай болбосун мүмкүнчүлүктөрүн, негизсиз текшерүүлөрдү, кармоолорду, иликтөөлөрдү ырааттуу жокко чыгарат. Мамлекеттик органдардагы коррупциянын төмөн деңгээли 2018-2040-жылдарга Стратегиянын максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруунун абсолюттуу маанилүү шарты болуп саналат, мында коррупция мамлекеттин жашоо-турмушунун бардык чөйрөсүнө кирип, өнүгүүгө негизги бөгөт болгондугунэске алуу керек. Стратегияны ишке ашыруунун алгачкы кадамдарынын мамлекеттик башкаруу системасындагы жеке кызыкчылыктарды куугунтуктоо менен коррупцияга каршы күрөшүүнү күчөтүү болушу керек. Коррупцияга каршы күрөшүүдө артыкчылык эскертүүчү шаймандарга, анын ичинде прокуратура органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын антикоррупциялык экспертизалоо жүргүзүүгө берилет, анктени мыйзамдарды дал практикалык колдонуу аларды иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун жүрүшүндө аныкталбаган коорупциялык тобокелдиктерди табат.

Ошондой эле ар бир жаран кылмыштуулуктун абалы жана ага каршы күрөшүүдө мамлекет тарабынан көрүлгөн чараларга тиешелүү онлайн маалыматка түздөн-түз жеткиликтүүлүк алат, анткени Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары

жарандардын маалыматка жетүү укугун тоскоолдуксуз ишке ашырууну камсыз кылган бирдиктүү интегрирленген тармакты түзгөн мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык органдарынын тийиштүү электрондук маалыматтар базасын жүргүзүү менен укуктук статистика жагында ыйгарым укуктуу орган болуп калат.

Мында укуктук статистиканын объективдүү маалыматтары бардык укук коргоо органдарынын иштөө режимин жасалган укук бузуулардын кесепеттери менен күрөшүүгө эмес, аларды алдын-алууга кайра багыттоонун негизи болуп кызмат кылат.

## 1.5.СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗИ

## БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР – ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗ

**2040 көз карашы:**Мамлекеттин күч-аракеттери үй-бүлө институтун бекемдөөгө, энени жана баланы, эмгекке жөндөмсүз жарандарды колдоого социалдык коргоонун минималдуу базалык деңгээлин камсыздоого багыттаган. Мамлекеттик саясаттын чаралары альтернативдүү интернаттык мекемелер болуп эсептелген күндүзгү жана убактылуу болуу, реабилитациялык мүнөздөгү социалдык кызматтардын рыногун өнүктүрүүгө багытталган.

Жакырчылыктын, өзгөчө балдардын жакырчылыгынын жогорку деңгээли, жашоо-тиричиликтик камсыздоонун базалык муктаждыктарына, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө бирдей эмес жетүү мүмкүнчүлүгү өлкөнү андан ары өнүктүрүү үчүн кечиктирилгис чараларды көрүү зарылдыгын шарттайт.

Бул этапта адамдын жашоо шарттарына жана сапатына карата мамлекеттин базалык социалдык кепилдиктерин камсыздоо, үй-бүлө институтун колдоо жана бекемдөө мамлекеттин негизги милдетиболот.

Социалдык коргоонун базалык деңгээлин, азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо, жашоо-тиричиликтик камсыздоонун кызмат көрсөтүүлөрүнө жана товарларына жетүү, ошондой эле саламаттык сактоонун жана билим берүүнүн базалык кызмат көрсөтүүлөрүнө

жетүүнү камтыган мыйзамдык негиздер кайра каралат жана бекитилет.

Минималдуу базалык социалдык стандартты камсыздоо боюнча мамлекеттин кепилдиктери айрыкча 16 жашка чейинки балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана балдарга, кары-картаңдарга толук көлөмдө берилет. Айрым категорияларга, өзгөчө жакыр эмес жана эмгекке жөндөмдүү жарандарга преференцияларды, жеңилдиктерди, үстөктөрдү, атайын төлөмдөрдү түзүү практикасы токтотулат. Жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсация алуучулардын санын жана категорияларын этап-этабы менен кыскартуу боюнча иштерди жүргүзүү зарыл. Балалыктын кенже курагы баланын өнүгүү мезгилиндеги маанилүү мезгил болуп саналат, ал анын ден соолугуна, анын бүт өмүрүндөгү бакубаттуулугуна таасирин тийгизет. Бул үчүн үй-бүлөнү пландоо этабында ата-эненин экөөсү тең баланын төрөлүшүнө жоопкерчиликтүү мамиле кылуу керек. Өнүгүүдөгү кечеңдөөлөрдү эрте аныктоо жана эрте туура жардам көрсөтүү бузулууларды натыйжалуу калыбына келтирүүгөжардам берет.

Тилектеш жоопкерчиликти кеңейтүү жана үй-бүлө институтун сактоо, оор, кризистик жагдайларда «тууган-урук» мамилелерин мобилизациялоо үчүн мыйзам альтернативдүү интернаттык мекемелерге социалдык кызмат көрсөтүүлөргө мамлекеттик каржылоонун ири өлчөмүн карайт.

Мамлекет ДМЧбалдарга жана ДМЧА  үй-бүлөлөрүндөгү социалдык кызматтарды корсөткөн адамдардын эмгегин коомдук маанилүү деп баалайт жана аларга эмгек акы төлөөнү жана медициналык, социалдык камсыздандыруу системасына киргизүүнү баштады.

Альтернативдүү интернаттык мекемелерге жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү пландоо, уюштуруу жана көрсөтүүнүн аракеттүү механизми ишке киргизилет. Жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү пландоо процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муктаж болгондорду өз убагында аныктоо, баалоого багытталган  активдүү ролун караган мыйзам нормаларын иштеп чыгуу жана киргизүү керек.

Социалдык кызматтар тууралуу жаңы мыйзам жер-жерлерде социалдык кызмат көсөтүүлөрдү өнүктүрүү маселелерин чечүүгө тийиш.Мамлекеттик  органдар натыйжаларга  багытталган кызмат

көрсөтүүлөрдү жан башына каржылоо нормативдеринин негизинде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жергиликтүү деңгээлде уюштурууну жана көрсөтүүнү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берет. Мамлекеттик жана муниципалдык социалдык буюртманын механизмдери жана жол-жоболору мамлекеттин күч-аракетин өкмөттүк эмес уюмдардын уюмдарды, майда жана орто бизнесин өкүлдөрүн тартуу менен социалдык кызмат көрсөтүү рыногун өнүктүрүүгө жумшайт.Өзгөрмөлүү тандоо менен социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн камсыздандыруу, акы төлөө же кошо акы төлөө механизмдерин киргизүү каралат.

Жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүү рыногун өнүктүрүү айыл жергесиндеги алыскы, жетүүгө кыйын болгон, чек арадагы, бийик тоолуу калктуу конуштарда жаңы жумуш орундарын түзүүгө мүмкүндүк берет. Алгачкы жылдары жер-жерлерде социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө эмгек рыногун мыйзамдаштыруу жана формалдаштыруу өзгөчө маанилүү. Экономиканын башка секторлору менен катар социалдык кызмат көрсөтүүлөр сектору «багуу экономикасы» аймактарды өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары болот.

Социалдык коргоо системасын маалыматтар  базасын тийиштүү түзүмдөр менен интеграциялоо аркылуу компьютерлештирүү аяктоого тийиш. Социалдык колдоо чаралары тууралуу маалыматтарга жетүү кирешесине жана жашаган жерине карабастан бир «чакырууда» жүргүзүлүүгө тийиш. Бардык социалдык төлөмдөрдү жана социалдык кызматтарды алуучулардын, жумушсуздардын, бардык интернат мекемелериндеги, балдар үйүндөгү ата-энесинин камкордугусуз жана көзөмөлүсүз калган балдардын электрондук паспортторунун маалыматтар базасы, ошондой эле потенциалцуу  бала/кыз багып алуучулардын маалыматтар базасы тузүлөт.

Мамлекеттик социалдык буюртманын негизинде региондогу адистерге теле-онлайн консультация жана методикалык жардам берүү жолу менен социалдык кызмат көрсөтүүнүн жаңы формасы киргизилет.

Гендердик теңчилик саясатын илгерилетүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык органдарды бекемдөө иштелип чыгат жана киргизилет. Ошондой эле гендердик теңчилик чөйрөсүндө чөйрөсүндө туруктуу функционалдуу билим берүү системасын

иштеп чыгуу жана киргизүү керек. Гендердик басмырлоо, зомбулук көрсөтүү жана адамдарды сатууда жөнгө салынган жана комплекстүү иштерди киргизүү өтө маанилүү.

**Индикаторлор:**

- тиричиликтик камсыздоонун базалык муктаждыктарына жана социалдык кызматтарга жетүүнүн бирдей эместигин кыскартуу;
- 3 жашка чейинки балдарды, ДМЧ балдарды жана ДМЧА, карыкартаңдарды жана көп балалуу үй-бүлөлөрдү мамлекеттик жөлөкпул менен камтууну жакшыртуу;
- кедейликти жоюу жана жакырчылыктын көрсөткүчүн төмөндөтүү (жакырчылыктын жана өтө жакырдыктын, республика боюнча региондордогу балдардын кедейлигинин деңгээли, Джини индекси);
- бардык ЖӨБУ минималдуу базалык жарым-жартылай стационардык социалдык кызматтарды, функционалдык билим берүү, жоопкерчиликтүү ата-эне көндүмдөрдү көрсөткөн мультидисциплинардык борборлорду ачуу;
- Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында калктын муктаждыгын эске алуу менен убактылуу жана күндүзгү реабилитациялоо борборлорун ачуу;
- балдардан баш тартуулардан жана балдардын интернат мекемелеринде жайгашууларын кыскартуу;
- мамлекеттик жөлөкпул дайындоо, социалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн күтүү мөөнөтүн кыскартуу;
- бала/кыз багып алууда, камкорчу жана көзөмөлдү дайындоодо коррупциялык корүнүштөрдүн деңгээлин төмөндөтүү;
- программаны ишке ашыруунун жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрү туруктуу өнүгүүнүн жетишкендиктерине негизделүүгө тийиш.

## ДЕН СООЛУККА ИНВЕСТИЦИЯЛОО ЖАНА САЛАМАТТЫК САКТОО КЫЗМАТТАРЫН КӨРСӨТҮҮНҮ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО

2040 көз карашы :2040-жылы саламаттык сактоо системасы - жеткиликтүү, сапаттуу, коопсуз, инновациялык ыкмаларды колдонгон, Кыргызстандын эли ден соолугу боюнча мыкты көрсөткүчтөргө ээ болот, алдын алуу медицинасынын жана алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн күчтүү системасы иштейт. Мамлекет Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына биринчи деңгээлдеги маалыматтык-коммуникациялык, профилактикалык, дарылоо-диагностикалык, кызматтарды камтыган саламаттык сактоонун базалык кызмат көрсөтүүлөрүн, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарда тез жардам жана медициналык жардам көрсөтүүнү кепилдейт. Адистештирилген стационардык жардам системасын модернизациялоодо, оптималдаштырууда, рационалдаштырууда олуттуу прогресс жетишилет. Адам өзүнүн жана тегерегиндегилердин ден соолугун сактоого, чыңдоого жана калыбына келтирүүгө, сергек жашоо мүнөзүн кармануугa адамдын өзүнүн жоопкерчиликтүү мамилеси ден соолукту сактоо чөйрөсүндө негиз болуп саналат. 2040-жылга жергиликтүү, ошондой эле улуттук деңгээлде саламаттык сактоону пландоо жана натыйжалуу, жеткиликтүү, сапатуу жана коопсуз кызмат көрсөтүүнүн адамга топтолгон системасы түзүлөт.

Гендердик теңчилик саясатын илгерилетүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык органдарды бекемдөө механизмдери иштелип чыгат жана киргизилет. Ошондой эле гендердик теңчилик чөйрөсүндө туруктуу функционалдуу билим берүү системасын иштеп чыгуу жана киргизүү керек. Гендердик басмырлоо, зомбулук көрсөтүү жана адамдарды сатууда жөнгө салынган жана комплекстүү иштерди киргизүү өтө маанилүү.

Салт болуп калгандай саламаттык сактоону өнүктүрүү алдын алууга эмес дарылоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө багытталган, ошондой эле ал калкттын карышынын тенденциясы, өнөкөт оорулар менен байланышкан жаңы чакырыктарга жооп бербейт. Коомдук саламаттык сактоо кызматтары моралдык жана материалдык жактан эскирди, заманбап стандарттарга жана ыкмаларга ылайык келбейт. Сергек жашоо мүнөзү жана ден соолук үй-бүлөдө жана коомдо баалуулук болуп эсептелбейт. Кыргыз Республикасы уланткан эски советтик система ооруган убакта гана артыкчылыкка ээ болот. Саламаттык сактоо системасын каржылоо үчүн ооруларды алдын алуу жана профилактика багыт болп эсептелбейт.

Медициналык кызмат көрсөтүү системасы калктын муктаждыктарына жооп бербейт, чыгашалуу жана натыйжасыз болуп эсептелет. Медициналык кызматтар оорулуулар үчүн кымбат бойдон калууда. Оорулуунун өз чөнтөгүнөн төлөй турган төлөмүнө кызматтар үчүн расмий төлөм гана эмес, дарыга кеткен олуттуу чыгымдар, көбүнчө медициналык кызматкерлерге төлөнгөн расмий эмес төлөмдөр кирет. Камсыздандыруу статусу ден соолугу кыйла начарлаган учурда өз чөнтөгүнөн төлөнгөн чыгымдарын актай албайт.Оорулууга квалификациялуу персонал, жабдуу, дары-дармектер жана ишеничтүү энергиялык жабдуусу бар мекемеге алыс аралыктан келүү керек болгон алыскы аймактарда жеткиликтүүлүк маселеси өтө курч.

Саламаттык сактоону мындан ары өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясат кайра каралууга тийиш.

Ден соолукту чыңдоо жана инновациялык ыкмалардын, кызыкдар тараптардын сектор аралык жана көп секторлуу катышуусунун негизинде учурдагы кызмат көрсөтүү системасын бекемдөө бул чөйрөдө мамлекеттик саясаттын негизги багыттары болот.

Мамлекеттин ролу учурдагы басым кылган саламаттык сактоо кызматтарынын провайдеринен натыйжалуу жөнгө салуучуга өзгөртүү каралат. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органсаясатты, нормаларды иштеп чыгат, кесипкөй кадрларды даярдоону жана кызмат колдонуучуну коргоону камсыздайт, сергек жашоо ыңгайын илгерилетүүнү, үй-бүлөсү жана ата-энеси менен жооптуу жана дени сак муунду тарбиялоого салым кошууну камсыз кылат.

Саламаттык сактоо уюмдарынын инфраструктурасын гана башкаруудан жана каржылоодон саламаттык сактоонун сапаттуу, коопсуз, натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөрдү башкарууга өтүү зарыл.Калктын жана жашаган жери жакын адамдардын муктаждыктарын эске алуу менен саламаттык сактоо кызматтарын пландоо жана көрсөтүүнү жөнгө салган «Медициналык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзам кабыл алынууга тийиш.

Калктын муктаждыктарынын негизинде саламаттык сактоо кызматтарын көрсөтүүнүн пландаштыруунун адекваттуу системасы түзүлүүгө тийиш. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн калктын саламаттык сактоо кызматтарына муктаждыктарын баалоонун жана аталган маселелердин жергиликтүү деңгээлде

чечүүгө катышуунун негизинде өздөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгууга тийиш.

Коомдук саламаттык сактоо кызматы түп тамырынан бери кайра каралууга жана кайра түзүлүүгө тийиш. Аталган кызматтын көзөмөлдөөчү жана контролдоочу гана функциялардан калкка профилактикалык кызмат көрсөтүү, медициналык жардам көрсөтүүнүн бардык деңгээлдериндеги саламаттык сактоо уюмдарынын менчигинин түрүнө карабастан ишин координациялоо, ошондой эле башка министрликтер жана ведомтсволор, ӨЭУ, эксперттер, ден соолукту сактоо маселелерин өнүктүрүү боюнча өнөктөрменен координациялоого өтүү керек.

Саламаттык сактоонун баштапкы деңгээлдемаалыматтык-коммуникациялык, профилактикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири түрүн өнүктүрүү керек. Саламаттык сактоонун кызмат көрсөтүүлөрүнүн базалык топтому ар бир жаранды жалпы практикадагы врачтардын маалыматтык-коммуникациялык, дарылоо-диагностикалык кызматтары менен, кечиктирилгис жагдайларда жана өзгөчө кырдаалдарда медициналык жардам көрсөтүү менен камсыз кылууга тийиш.

Саламаттык сактоо системасында бардык медициналык кызматтарга лицензия берүү жана менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарын аккредиттөө менен лицензия берүү жана аккредиттөө жол-жоболорун кайра кароо керек.

IT технологияларды колдонуу, он-лайн консультация берүүлөрдү, телемедицина, аралыктан окутуу аркылуу менен дартты аныктоонун жана дарылоонун, реабилитациялоонун инновациялык методдору киргизилүүгө тийиш. Ден соолук, кызмат көрсөтүүлөр, саламаттык сактоонун бардык уюмдары, врачтар, менеджерлери тууралуу маалыматтарга жетүү «бир чакырык» менен, врачка электрондук жазылууну, веб-консультация берүүнү кирешесине жана жашаган жерине карабастан өлкөнүн эли кеңири колдонот.

Медициналык жождордун бүтүрүүчүлөрүнүн, врачтардын, медициналык айымдардын, менеджерлердин, ошондой эле бейтаптын электрондук карталары, дары каражаттары тууралуу маалыматтар базасы, саламаттык сактоонун менчигинин түрүнө карабастан уюмдарынын улуттук маалымттар базасы түзүлөт.

Маалыматтык технологиялардын негизинде тобокелдик факторун талдоонун негизинде маанилүү ооруулардын келип чыгуу мүмкүндүгүн баалоо модели иштелип чыгат жана киргизилет.

Мамлекет саламаттык сактоо уюмдары тарабынан сапаттуу дары-дармектерди ачык, коррупциясыз сатып алууларды жүргүзүү үчүн бардык күч-аракетин жумшайт.Фармацевтикалык компаниялардын агрессивдүү маркетинги кармалат жана дары каражаттарынын бааларына дайыма мониторинг жүргүзүлөт.

Саламаттык сактоонун бюджетин стратегиялык пландоо жана учурдагы каржылоо маселелери кайра каралууга жана саламаттык сактоонун программалык бюджетинин алкагында консолидацияланууга тийиш. Саламаттык сактоонун кызматтарынын кеңири топтому медициналык камсыздандыруу системасы менен түздөн-түз байланышта болушу керек. Калкты милдеттүү түрдө жана ыктыярдуу камсыздандыруу менен камтуу алдыдагы мезгилде негизги милдет болуга тийиш.

Медициналык камсыздандыруу жеткиликтүү, сапаттуу жана кооптуу медициналык кызмат алуу максатында калк үчүн жагымдуу болууга тийиш. Медициналык кызматтардын топтомунун өзгөрмөлүүлүгүнүн калктын камсыздандыруу салымдары менен толук байланышы болот. Оорулардын профилактикасы үчүн медициналык кызматтардын айрым топтомдору иштелип чыгууга жана киргизилүүгө жана пилоттук режимде медициналык камсыздандыруу системасына интеграцияланууга тийиш. Калкты медициналык камсыздандыруу менен камтууну жогорулатуу боюнча чаралар жана атайын бонустук программалар көрүлүүгө тийиш.

Пенсиялык система менен медико-социалдык жардам системасын, өз ара аракеттенүүсүнүн, багуу боюнча, анын ичинде медико-социалдык, өзгөчө улуу курактагы пенсионерлерге көрсөтүлүүчү кызматтардын (ММК же социалдык камсыздандыруу системасынын алкагында) механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү зарыл.

Алыстыгына, жетүүгө кыйындыгына жана бийик тоолуулугуна карабастан ичүүчү таза суу менен камсыздоо боюнча мамлекеттик программа иштелип чыгууга жана киргизилүүгө тийиш.

**Индикаторлор:**

- көп кездешүүчү оорулар боюнча оорулардын, өлүмдүн жана майыптуулуктун (биринчи, экинчи) көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү;
- калкты БМСЖ маалыматтык-коммуникациялык, профилактикалыкжана дарылоо-диагностикалык кызматтар менен толук камтууну камсыздоо;
- медициналык жардам көрсөтүүнүнбардык деңгээлдеринде бейтаптардын дарыларга чыгымдарын азайтуу;
- жеткиликтүү баадагы саапаттуу, натыйжалуу жана коопсуз дары каражаттары менен камсыздоо;
- медициналык камсыздандыруу менен камтылган эмгекке жөндөмдүү жана иши бар калктын үлүшүн жогорулатуу.

## БЕЛ БОЛЧУ БИЛИМ, ИЗ КАЛТЫРЧУ ИЛИМ –САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ СИСТЕМАСЫ

**2040 көз карашы:**Ар бир жаран **сапаттуу билим** алуу мүмкүндүгүнө ээ болот. Адамдын статусун аныктаган кесипти алууга багытталган билим формалдуу болбойт, келечектеги жакшы жашоонун жолун аныктаган терең тандоо катары каралат. Билим берүү идеологиялык мөөрдөн эркин, биздин саясий, социалдык жана экономикалык өзгөрүүлөрдүн негизги мотиви болот.Көп кырдуулук, ар түрдүүлүк жана ачык билим берүү ресурстары ар бир адамдын потенциалын ачып берген төп келген инсанды тарбиялоого багытталган билим берүү системасынын негизи болот. Мектепке чейинки жана мектепке даярдоогоинклюзивдик билим берүүнү кошкондо кепилденген жана акысыз жетүүнү камсыз кылуу социалдык акыйкатты камсыз кылуунун, мамлекеттин конституционалдык милдеттерин аткаруунун фундаменталдуу шарты болуп эсептелет. Кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде кесиптик билим берүү системасынын ийкемдүүлүгүн, анын ар кандай даярдоо багыттарындагы адистерге болгон суроо-талаптагы өзгөрүүлөргө тез мамиле кылуу жөндөмдөрүн жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулат.

Кыргызстандын өнүгүү максаттарын ишке ашыруу үчүн кичинекей кезден башталып жана өмүр бою улануучу сапаттуу билим негизги стартегиялык негиздердин бири болуп саналат.

Мамлекеттин ролу учурдагы басым көрсөтүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн провайдеринен натыйжалуу жөнгө салуучуга кайра каралат. Мамлекеттик орган саясатты, нормаларды иштеп чыгат, кесипкөй кадрларды даярдоону жана кызмат колдонуучуну коргоону камсыздайт, билим берүүнүн коомдогу баалуулуктарын, үй-бүлөсү жана ата-энеси менен жооптуу жана дени сак муунду тарбиялоого салым кошууну камсыз кылат.

Билим берүү уюмдарынын окутуунун формасын жана методун, билим берүүнүн мазмунун жана технологиясын тандоодо автономдуу иш жүргүзүү, окутуунун калыпка салынган деградацияланган формасынан кетүү үчүн мүмкүндүк берүү керек. Мектепке чейинки билим берүүжана/же балдарды мектепке даярдоо баланынкогнитивдүү жана социалдык көндүмдөрүн, мектепте жакшы окууга жана билим берүү стандарттарында пландалган ийгиликтерге жетүү үчүн жетиштүү социалдык адаптациянын деңгээлин, камсыз кылган эмоционалдык мамилелердин тажрыйбасын түзүүнүн негизги шарттары болуп саналат. Мамлекет мектепке чейинки жана мектепте билим берүү системасында баланын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн шарртарды түзөт, ошондой эле кошумча билим берүүнү жана квалификацияны жогорулаттуну кубаттайт.

Кыргызстандын мектептериндеги окутуунун төмөнкү сапаты балдардын азыркы коомдо  жана глабалдуу дүйнөдө натыйжалуу иштөөгө даяр эмес бойдон калтырат. Ушуга байланыштуу билим берүүнүн артыкчылыгы болуп туруктуу өнүгүү жана санарип билим берүү үчүн билим берүүнү калыптандырууда билим берүунүн сапатын жорулатуу эсептелет. Маалыматтык технологияларды колдонуу бардык балдарды, жашаган жерине, ден соолугуна, алардын үй-бүлөсүнүн кирешелерине карабастан мектепте билим алууларын камсыздайт.  Мектепке барбаган балдардын көйгөйлөрү биринчи кезекте чечилет.

Натыйжаларга жетүүгө, адистердин өз алдынча өнүгүүлөрүнө дем берүүгө, алардын кесиптик компетенцияларын жогорулатууга багытталган педагогдордун эмгек акы системасын өзгөртүү бул сектордогу мындан аркы реформанын негизги шарты болуп эсептелет. Кадрларды тартуу, мектептердеги педагогдордун иштеп

калуусу үчүн атайын жана аракеттүү аймактык программалар киргизилет.

Өлкөнүн мамлекеттик тилин, тарыхын, маданиятын милдеттүү түрдө үйрөнүүдө билим берүҮ системасында көп тилдүүлүктү киргизүү керек. Так жана табигый-илимий багыттар менчигинин түрүнө жана географиялык жактан алыстыгына карабастан бардык билим берүү уюмдарында активдүү өнүгүүгө тийиш.

Мектепте билим берүүнү профессионалдаштыруу башталат, ошондой элеишкерликке окутуу программалары, кесиптик билим берүү уюмдары, илимий-изилдөө мекемелери, бизнес-коомчулук ж.б. менен келишим мамилелери киргизилет.

Педагогикалык, медициналык кадрларды даярдоо системасын өзгөртүү маселелери кечиктирилгис чечимдерди талап кылат. Келечекте суроо-талапка ээ болгон жаңы адистиктерди киргизүү башталат. Тар адистештирилген системадан көндүмдөрдү, компетенцияларды кеңейтүүгө жана өнүктүрүүгө өтүү маанилүү.

Келечек жана жаңы жумуш орундары үчүн компетенцияларга жана квалификацияларга талаптарды болжолдоо системасы иштелип чыгат. Кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде өзгөчө көңүл кесиптик билим системасын, анын түрдүү багыттагы адистерге суроо-талапка болгон өзгөрүүлөргө тез мамиле кылуу жөндөмдүүлүктөрүнүн ийкемдүүлүгүн жогорулатууга бурулат. Өмүр бою билим алуу, өз алдынча өнүгүү үчүн перспективаларды берүү зарыл. Өндүрүштө жүрүп окуу үчүн механизмдер жана технологиялар түзүлөт жана киргизилет. Өндүрүш, бизнес жана кесиптик-техникалык билим берүү уюмдарынын ортосунда жөнгө салынган өнөктөштүк мамилелер кубатталууга тийиш. Кесиптик билим берүү менен өнөктүктүн тармактык борборлору жана менчигинин түрүнө карабастан кесиптик билим берүү системасында тармактык даярдоо үчүн ресурстук борб

орлор түзүлөт.

Балдардын өүгүүсүнө, адамдын билим алуусуна жана ден соолугуна, өмүр бою өз алдынча өнүгүүсүнө когнитивдүү көндүмдөрүнө жана билимдерине багытталган үй-бүлөлүк баалуулуктарды мамлекеттик деңгээлде популярдаштыруу жүргүзүлүүгө тийиш.

**Илим.**Бүгүнкү күндө Кыргызстанда илимий-техникалык жана изилдөө ишинин жыйынтыктары экономиканын жана коомдун илимий ишке ашырууларга, иштеп чыгууларга жана инновацияларга болгон суроо-талаптарына жооп бербейт. Кыргызстандын илимий чөйрөсү дүйнөлүк илимий коомчулук менен өтө начар байланышка ээ, өнүгүү үчүн илимдин маанисин түшүнүү жок, илимди каржыоо механизмдери эскирди, жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги улануудa, материалдык-техникалык база жана жабдуулар эскирди.

Илимий даражаларды берүүнүн натыйжасыз системасы, илим менен билимдин ортосундагы начар байланыш илимий прогрессти кечеңдетүүдө. Кыргыз Республикасында илимди каржылоонүнтөмөндөөсү уланууда, ал ансыз да 2011-жылы ИДПда болгону 0,16% түзгөн(Юнеско, 2012), ошол эле убакта башка өнүккөн мамлекеттерде бул көрсөткүч 3-4%. Инновациялардын Глобалдуу индексинин маалыматтары боюнча (2015), Кыргызстан 141 өлкөнүн рейтингинде 109-орунду ээлейт. Өндүрүштүн жаңы түрлөрү, методдорун киргизүүнүн, сатуунун жаңы рыногун өздөштүрүү жана жаңы сырьелерду колдонуунун, өндүрүштү кайра түзүүнүн эсебинен экономикалык өнүгүүнүн негизги фактору экенин эске алып инновациялар цитата кылуунун төмөнкү көрсөткүчтөрү, илимий ойлоп табуулардын анча чоң эмес көлөмү экономикалык чараларды көрүүнүн зарылдыгын жана шашылыштыгын шарттайт.

Илим жана технологиялар–калктын бакубаттуулугун камсыз кылуу максатында өндүрүшкө жаңы продукттарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана технологиялардыкиргизген процесс. Ошондуктан илимди уюштуруу жана башкаруу системасын жакшыртуу, илимге инвестицияларды көбөйтүү маанилүү, бул экономикалык өнүгүүнү гана эмес, жаратылыштык катаклизмдерди жоюуга, тоолуу экосистеманын өзгөрүүсүн изилдөө, элдин тарыхын изилдөөнү, социалдык жана саясий тенденцияларды күн мурунтан айтып, жаңы технологияларды өркүндөтүү жана киргизүү ж.б. камсыздоого мүмкүндүк берет.

Илимдин өлкөнүн өнүгүүсүндө өтө маанилүүлүгү экендигин эске алуу менен түзүлгөн концептуалдык жана институционалдык өбөлгөнүн чегинде илим жана инновацияларды калыбына келтирүү планын иштеп чыгуу мааниге ээ. Ресурстардын чектелүүлүк шартында өлкөнүн стратегиялык артыкчылыктарына жана

инновацияларга муктаждыгына жараша илимий ишмердиктин артыкчылыктарын аныктоо зарыл. Илимди каржылоочу каражаттарды негизги улуттук изилдөө долбоорлорун жана улуттук лабораторияларды колдоого жумшоо мааниге ээ.

Изилдөө ишмердигин колдоо системасы илимий-практикалык жыйынтыктарды алууга багытталуусу жана түшүнүктүү отчеттуулук менен долбоорлоо ишинин жана каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугун баалоо, алынган натыйжалады колдонуунун негизинде жүргүзүлүшү маанилүү.

Чет өлкөлөрдөгү кыргыз илимий диаспорасынан, ошондой эле ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардан турган жана Кыргызстанда илимди өнүктүрүү боюнча конкреттүү милдеттерге ээ болууга тийиш болгон КР Өкмөтүнө караштуу Илим жана инновациялар боюнча кеңештин ишин жандандыруу керек.

Өлкөнүн артыкчылыктарына ылайык жана жумшалган каражаттардын кайтарымын ачык контролдоо жана мониторинг жүргүзүү системасы менен долбоорлук мамиленин негизинде илим системасын финансылык жана башка башкаруу механизмдерин өркүндөтүүгө тийиш болгон Илимий өнүктүрүү фондунун ишинин автономдуулугун камсыздоо маанилүү. Илимий чөйрө менен бизнестин, ошону менен катар инновациялуу майда жана орто ишканаларды колдоо, өлкөнүн тармактык артыкчылыктар чөйрөсүндө, ошондой элеIT-технологиялар, калыбына келтирилүүчү энергия булактары, тоолуу экосистемалар, энергетика жаатында өз ара аракеттенүүсүн жандандыруу үчүн жагымдуу чөйрөнү тузүү маанилүү.

Илим чөйрөсүндө ийгиликтүү реформа жүргүзүү үчүн төмөнкү олуттуу милдеттерди чечүү зарыл:

1) **илимий кадрларды даярдоо системасынын сапатын жакшыртуу**. Илимий кадрларды өстүрүү узак мөөнөттүү саясат болуп эсептелет. Академиялык жана профессионалдык атайын селекция талап кылынат, ал илимий институттарды жана процесстердикалыбына келтирүүбоюнча узак мөөнөттүү чаралардын комплексин, эл аралык илимий коомчулук менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүүнү, жаш окумуштуулардын илимий долбоорлорго катышууларын камсыздоону, студенттерди илимий ишке тартуунун дем берүүчү механизмдерин ыйгарууну түшүндүрөт;

2) **илимий башкаруу системасын трансформациялоо**. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясын кеңешүүчү орган кылып кайра түзүү мүмкүндүгүн кароо маанилүү, анда илимий иш Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан координацияланат. Негизги илимий ишмердик жана изилдөө лабораториялары ЖОЖдорго бекитилүүгө тийиш. Бул изилдөө процесстеринин динамикалуулугун, жаш окумуштуулардын агылып келүүлөрүн жана илим менен билимдин ортосунда өз ара тыгызмамилени камсыз кылат. Илим жана инновациялар министрлигинин негизи функцияларына улуттук илимий артыкчылыктарынын аныктамасы, илим үчүн каржылоону бөлүштүрүү, илимий түзүмдөрдүн ишин башкаруу жана координациялоо; илимий даражаларды ыйгаруунун ачык айкын механизмдерин камсыздоо, илимий коомчулуктун кызыкчылыктарын коргоо, кыргыз илимий коомчулугунун эл аралык окумуштуулар чөйрөсүнө көмөк көрсөтүүсү кирет.Билим берүү жана илим министрлиги илим жана инновациялар чөйрөсүндө Илим жана инновациялар боюнча кеңеш, Экономика министрлиги, билим берүү министрлиги жана башка ведомстволор менен өз ара тыгыз аракеттенет, ошондой эле Илимди колдоо фонду, Кыргыз патент жана ВАК ишин координациялайт;

3) **илимди эки деңгээлдүү принцип боюнча каржылоонун жаңы принциптерин киргизүү жана өркүндөтүү,**мында биринчи деңгээл мамлекеттик бюджеттен базалык каржылоо, экинчи деңгээл катары – эсебинен ЖОЖдордогу, жеке ишканаларда жана башка уюмдарда изилдөө иштеринемамлекеттик жана мамлекеттик эмес буюртманынэсебинен каржылоо болот;

4) **окумуштуулук даражаны ыйгаруу системасын жүргүзүү.** Реформа өлкөнүн илимий потенциалын жакшыртууга багытталган жана эл аралык стандарттарга ылайык келген, чет элдик окумуштуулар курамына кирген атайын мамлекеттик комиссия тарабынан илимий даражаларды ыйгаруунун системасын киргизүү болуп эсептелет;

5) илимий-технологиялык ойлоп табууларды жана ачылыштарды коммерциалаштырууну илгерилетүү. Илим айыл чарбасында жана кайра иштетүү секторлорунда, мөңгүлөрдү, тоолуу медицинаны, толуу экосистеманы, айрым жаратылыш ресурстарын ж.б. изилдөө чөйрөсүндө **илимий институттар менен** (ЖОЖдук жана ЖОЖдук

эмес)**бизнестин ортосундагы өз ара байланышты күчөтүү.** Илимий-изилдөө борборлору жаңы айыл чарбасы үчүн жерди өздөштүрүүнүн жаңы методдорун иштеп чыгууга, үрөн себүүнү экономикалык болжолдоо, климаттык өзгөрүүлөргө адаптация болуу, эпидемияларды жоюу, сууну сактоочу технологияларды ж.б. иштеп чыгуу ж.б. маселелер менен алектенет.

## ЭМГЕК ЖАНА ДӨӨЛӨТТҮҮ КАРЫЛЫК

**2040 көз карашы:** Эмгек жана жумуштуулуктун натыйжалуу саясаты адамдын жана үй-бүлөнүнжашоо циклинин бардык этаптарында, өзгөчө карыган мезгилде бакубаттуулугун камсыздоого мүмкүндүк берет.

Эмгек рыногун активдештирүү, эмгектин формалдуу рыногуна өзгөчө жаштарды, аялдарды тартуу, татыктуу эмгек акы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги шарттары болуп саналат. Эмгектин жана жумуштуулуктун натыйжалуу саясаты адамдын жана үй-бүлөнүн жашоо циклинин бардык этаптарында, өзгөчө карыган мезгилде бакубаттуулугун камсыздоого мүмкүндүк берет.

Мамлекеттик саясаттын негизги багыттары болуп жумуштуулук, эмгек, пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө формалдуу жана татыктуу эмгек рыногун активдештирүү максатында мыйзамдарды, саясатты жана чараларды кайра кароо.

Эски советтик системадан чыгуу, тиешелүү шарттарды түзүүгө өтүү жумуштуулуктун жигердүү чараларын жогорулатууну мүмкүн кыла алат.

Мамлекет эмгекке жөндөмдүү куракта жашоо деңгээлин жогорулатууга жана карыган кезде татыктуу жашоону камсыздоо үчүн шарттарды түзүүгө тийиш.

Жаңы расмий иштеп жаткан ишканаларды түзүүнүн шарттарын жакшыртуу, ошондой эле расмий эмес сектордо төмөнкү кошумча наркка ээ майда ишканалардын өсүү тенденциясын кыскартуу менен эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана эмгек акыны жогорулатуу үчүн негиз түзүү зарыл.

Мамлекеттик бюджеттен каржылануучу микрокредит берүү, жумушсуздарды окутуу жана кайра окутуу программалары финансылык институттарды, коомдук уюмдарды, майда жана орто бизнестин өкүлдөрүн тартуу менен аутсорсингге өткөрүлүп берилет. Жумушсуздарды окутуу жана кайра окутуу программалары алдыңкы маалыматтык технологияларды, онлайн-кызматтарды колдонууга негизделүүгө тийиш.

Эмгек потенциалына ээ мамлекеттик жөлөкпул алуучулар менен социалдык контаркт тузүүнү киргизүү керек. ЖӨАБ, кесиптик билим берүү менен макулдашылган жумуштуулукка көмөк көрсөтүү чараларынын комплекси жакырчылыкты төмөндөтүүгө натыйжалуу таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

Дүйнөнүндинамикалуу түрдө өзгөрүп жаткан шарттарда эмгек рыногунун муктаждыктарын тузүүнүн методологиясы кайра каралууга тийиш. Адистиктерге муктаждыктарды пландоо, эмгек рыногунда суроо-талапка ээ компетенциялардын мукаждыктарын баалоо зарыл.

Эмгек акы саясаты кайра каралууга тийиш, мында негизги багыт эмгектин өндүрүмдүүлүгү болот. Эмгек акы саясатын өзгөртүүгө фрагменттик, тар ведомстволук, тармактык мамиле кылуудан алыс болуу керек. Эмгек акы саясатына жалпы базалык, калкка тушүнүктүү мамиле кылынууга тийиш. Калыс эмес эмгек акыларга жол берилбейт.

Аялдарды мамлекеттик жана коомдук башкарууга жигердүү тартуу керек. Аялдардын ишкерлигин, өзгөчө жергиликтүү деңгээлде өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү зарыл. Эмгек акыга карата диспропорцияларды кыскартуу боюнча тиешелүү чараларды иштеп чыгуу.

Ага ылайык татыктуу деңгээлдеги дөөлөттүү карылык камсыз кылынууга тийиш. Пенсиялык камсыздандыруу инвестицияларды келечектеги карылыкка өбөлгөлөөгө жана эмгекке жөндөмдүү курактагы кирешенин деңгээлин компенсациялоого тийиш.

Пенсиялык системаны реформалоо башталат. Аларды системанын финансылык туруктуулугун камсыздоо, расмий ишканалардан жүктөмүн алуу, бирок азыркы пенсионерлердин кирешелери үчүн кандайдыр-бир тобокелдиктерди болтурбоо үчүн акырындык менен жүргүзүү керек. Ушуга байланыштуу бардык пенсиялык системаны

комплекстүү жана өз ара байланыштырып түзүү талап кылынат. Пенсияларга үстөктөрдү жана компенсацияларды кошуу системасы менен байланышкан административдик ресурстарды жоюу менен пенсияны жогорулатуу керек.

Пенсияларды эсептөөдө иерархия жана артыкчылыктардан баш тартуу керек. Социалдык адилеттүүлүк принциптерин сактоо маанилүү.

Аскер кызматчыларын пенсиялык камсыздоо кайра кароону талап кылат. Бүгүнкү күндө пенсионер-аскер кызматчысынын орточо курагы 40 жаш жана эмгекке жөндөмдүү курак болуп эсептелет. Иштеген жылдарын 30 жылга чейин жогорулатуунун эсебинен пенсиялык куракты узартуу керек. Ошондой эле, аскер кызматчыларын базалык мамлекеттик камсыздандырууда пенсиялык камсыздандыруу системасына аскер кызматчыларын киргизүү аскер кызматчыларынын татыктуу карылыгы үчүн негиз болууга тийиш.

Камсыздандыруу пенсиялык системасын пенсионерлердин ар кандай курактагы топторунун муктаждыктарын эске алуу менен модернизациялоо жана пенсияга ыктыярдуу кечирээк чыгууга дем берүү өтө маанилүү.Пенсия системасын өнүктүрүү, өзгөчө улуу курактагы пенсионерлерге медико-социалдык жардам көрсөтүүнү (ММК же социалдык камсыздандыруу системасынын алкагында) тыгыз байланыштыруу, мөөнөтүнөн мурда (жеңилдик менен) пенсиялык камсыздоо, камсыздандыруунун, пенсиялык системанын топтолуучу компонентинин натыйжалуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу ишке ашырылат.

Камсызданырылгандардын пенсиялык системага тартылуусунун жана катыштуулугунун механизмдери киргизилет, алардын каржылоого активдүү катышуусун камсыздоого мүмкүндүк берди. Пенсиялык камсыздандыруу системасыэмгекке жөндөмдүү калк үчүн жагымдуу болуп калды.

**Индикаторлор:**

- жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу жана орточо кирешеге ээ калктын үлүшүн жогорулатуу;
- кары адамдын жашоо минимумуна пенсиясынын өлчөмү;
- орточо эмгек акынын өлчөмүн жогорулатуу;

- эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жакшыртуу.

## 1.6 ТҮЗҮҮЧҮ ТЫШКЫ САЯСАТ

**2040 көз карашы:**Кыргыздар элдик дипломатиянын бай тажрыйбасына ээ, элдин ички жана тышкы жашоосунда чоң роль ойногон Борбордук Азиянын байыркы элдеринин бири катары Кыргыз Республикасы менен конструктивдүү өз ара аракеттенүүнү каалаган бардык өлкөлөргө карата ачыктыгын сактайт.

Азыркы шарттарда өлкөнүн өнүгүүсүнүн туруктуулугу дүйнөлүк жана аймактык процесстерге активдүү катышууну болжолдойт. Глобалдаштыруунун өсүү тенденциясынын, дүйнөлүк экономиканын өнүгүү темпинин жайлашынын, коопсуздуктун салттуу эмес коркунучтарынын өсүү тобокелдигининфонунда, өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү үчүн тышкы саясий, тышкы экономикалык жана укуктук шарттарынын жагымдуу шарттарын камсыз кылууКыргыз Республикасынын тышкы саясатынын негизги максаты болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын негизги принциптери катары көп вектордуулук, теңчилдик, ырааттуулук, прагматикалуулук, тең укуктуулук жана өз ара пайда аныкталды.

Кыргыз Республикасынынтышкы саясаты толугу менен элдин кызыкчылыгына баш ийүүгө тийиш. Бүгүн күндө Кыргызстан өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын коргоого үйрөндү, эми аларды илгерилетүү керек.

Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары узак мөөнөттүү мүнөзгө ээ жана азыркы саясий өнүгүүдөн сырткары мамлекеттин тышкы саясатынын стратегиялык жана азыркы милдеттерин калыптандырат. Алар өзүнө инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын органикалуу камтыйт.

Тышкы саясаттагы эң актуалдуу багыттар болуп улуттук экономикалык кызыкчылыктарды илгерилетүү жана тышкы өнүгүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоо эсептелет. Өлкө аймактык

экономикалык агылып кирүүлөрдүн жана аларды тейлөөнүн эсебинен олуттуу пайда табууга тийиш.

Узак мөөнөттүү келечекке карата тышкы саясат чөйрөсүндөгү Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарына төмөнкүлөр кирет:

- өлкөүн аймактык бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүнн коргоо;
- парламентаризмди, укуктун жана демократиянын үстөмдүгүн бекемдөө;
- Кыргыз Республикасынын тышкы саясий кызыкчылыктарын бекемдөө үчүн жаңы тынчтык тартибин түзүүгө активдүү катышуу, ошондой эле  БУУ, ЕАЭБ, ШКУ, ЖККУ, КМШ, ЕККУ, ОИС, башка эл аралык уюмдардын жана бирикмелердин алкагында өз ара аракеттенүүнү кеңейтүү жана тереңдетүү менен социалдык-экономикалык милдеттерди чечүүгө көмөк көрсөтүү;
- улуттук жана аймактык коопсуздукту камсыз кылууга, анын ичинде  БУУ, ЖККУ, КМШ, ЕККУ жана башка көп тараптуу форматтардын алкагында кызматташууну мындан ары бекемдөө менен көмөк көрсөтүү;
- Кыргыз Республикасынын эл аралыктерроризмге, экстремизмге, мыйзамсыз баңги заттарын жүгүртүүгө, уюшкан кылмыштуулук жана адамдарды сатууга каршы күрөшүү боюнча потенциалын күчөтүү;
- Борбордук  Азия, Россия, КЭР өлкөлөрү, Жакынкы Чыгыш жана алыскы чет өлкөлөр, ошондой эле эл аралык жана аймактык уюмдар менен Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарынэске алуу менен  өз ара пайдалуу кызматташууну өнүктүрүү жана бекемдөө.
- өлкөнүн энергетикалык, суу, азык-түлүк жана экологиялык коопсуздугун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
- экономиканын башка чөйөлөрүн өнүктүрүүгө дем берүү максатында автомобиль, темир жол жана авиация тармактарын, Кыргызстандагы эл аралык логистикалык-транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүнүн эсебинен өлкөнүн транзиттик потенциалынжогорулатуу;
- Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө алардын укуктук абалын мындан ары жакшыртуу,

ошондой эле өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө активдүү катышуу максатында кыргызстан диаспорасын консолидациялоо;

- өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү жана модернизациялоо үчүн инвестицияларды, технологияларды, жеңилдетилген кредиттик, техникалык жана гранттык жардамдарды тартууга багытталган экономикалык дипломатиянын механизмдерн бекемдөө;
- активдүү экономикалык дипломатияны жүргүзүү жана ата мекендик товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспортто үчүн жаңы рынокторду ачууга жана Кыргызстандын экономикасына салым кошуу максатында чет өлкөдө иш жүргүзгөн улуттук компаниялардын кызыкчылыктарын коргоого мүмкүндүк түзүүчү тең укуктуулук принцибин илгерилетүү;
- Кыргыз Респуликасынын туристтик потенциалын өнүктүрүүгө жана чет элдик туристтерди тартууга көмөк көрсөтүү;
- мамлекеттик чек араны юридикалык жол-жоболоштурууну аяктоо. Чек аралык соода-экономикалык, маданий-гуманитардык, илимий-билим берүүчүлүк кызматташууну өнүктүрүү;
- Кыргызстанда өүгөчө кырдаалдарды, жаратылыштык жана техногендик катастрофаларды алдын алуу жана жоюу максатында, анын ичинде эл аралык уюмдардын жана форумдардын чөйрөлөрүн колдонуу менен эл аралык өз ара аракеттенүүнүн мезханизмдерин өнүктүрүү;
- Кыргызстандын улуттук маданиятын жана маданий мурастарын дүйнөлүк коомдоштукта популярдаштыруу. Этно-тарыхый спорттун түрлөрүн, цивилизация аралык жана маданият аралык диалогду, туризмди өнүктүрүү жана жаштарды сергек жашоого тарбиялоо, ошондой эле КыргызстандыДүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын демилгечиси катары кадыр-баркын бекемдөө максатында Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарын эл аралык аренада жигердүү илгерилетүү;
- Улуттук кызыкчылыктарды жана эки тараптуу кызматташууну эске алуу менен Кыргыз Республикасынын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин географиясын кеңейтүү.

## 2. ЭЛДИН БАКУБАТТЫГЫ – ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

**2040 көз карашы**: Өлкөнүн калкынын татыктуу кирешеси, эмгектенүү шарттары жана туруктуу иши бар.

Экономикалык өсүштүн жаңы модели курулду, ал Кыргызстанды дүйнөлүк санариптик экономикага интеграциялайт, жеке сектордун лидерлиги менен мамлекеттин инвестицияларды колдоосу аркылуу техникалык секириктин айкашуусу болот. Кыргызстандын экономикасы жакшы диверсификацияланган, эл аралык эмгекти бөлүштүрүү системасына кирген, мында жогорку кошумча наркы бар туризм, таза энергетика жана органикалык айыл чарбасы олуттуу үлүш ээлейт. Кыргызстандык компаниялар билим берүү жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо жаатын ээлейт.

Адилет рынокко кепилдик берилген жана атаандаштык бар тармактарды жөнгө салуу жоюлган, экономиканын маанилүү инфраструктуралык тармактарында (энергетикада, коммуналдык кызмат көрсөтүүдө, муниципалдык кызмат көрсөтүүдө) тарифтик жана баа саясатын кайра карап чыгуу тикелей инвестициялардын келүүсүн олуттуу көбөйттү.

## 2.1. СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Калктын кирешелеринин туруктуу өсүшүн камсыз кылуу максатында татыктуу эмгектенүү шарттары бар туруктуу иш менен камсыз кылганда өлкөнүн бардык региондорунда экономиканын эмгек сыйымдуу секторлорун өнүктүрүү үчүн дем берилет. Жумуш орундарын түзүү үчүн экспорттун түзүмүнө жогорку кошумча наркы бар, сатуунун туруктуу жана кеңири рынокторуна багытталган атаандаштыкка жөндөмдүү продукция көп киргизилиши керек. Ошол эле учурда жалпы улуттук багыттарды Кыргыз Республикасынын экономикасынын стратегиялык тармактарында өндүрүштү көтөрүү колдо болгон ресурстарды жана тарыхый жактан калыптанган потенциалды – айыл чарбасын жана кайра иштетүүнү, жеңил өнөр жайын, туристтик тармакты оптималдуу пайдалануу аркылуу жетишүүгө буруу зарыл. Бул секторлорду өнүктүрүүгө жана ишкердик чөйрөсүн жакшыртууга өбөлгө болуучу стратегиялык негиздерди түзүү маанилүү.Келечекте теңдештирилген жана диверсификацияланган экономиканы курууга умтулууга тийишпиз, ал тышкы экономикалык жана саясий факторлордун

таасирине туруктуу болушу керек. Алсак, тармактык саясат иштелип чыгат, ал экономиканын тармактык түзүмүн диверсификация кылат жана ишке орноштуруу саясаты менен тыгыз байланышта, башкача айтканда жумуш орундарын түзүүнүн жана калктын кирешесин көбөйтүүнүн мүмкүнчүлүгү позициясында ишке ашат, бул өз кезегинде жалпы сурамга дем берет жана өлкөдөгү ишкердик активдүүлүккө жакшы таасир тийгизет.

Калкты арзан кредит менен камсыз кылуу максатында жумуш орундарын түзүүгө жана экономикалык өсүшкө дем берүүчү стратегиялык тармактарды каржылоонун инструменти иштелип чыгат, ал каржылоонун кооперативдик системасы сыяктуу жана башка атайын өнүгүү инструменттери аркылуу аткарылат. Жумуш орундарын негизги түзүүчүлөр катары чакан жана орто ишканалардын ишкердик активдүүлүгүн колдоо үчүн комплекстүү жана системалуу чаралар киргизилет. Негизги тармактарга инвестиция кылган, экспорттук иш жүргүзгөн, ошондой эле инновацияга жана илимий иштелмелерге салым кошкон ишканалар үчүн фискалдык жана башка жеңилдиктердин механизмдери өркүндөтүлөт.

## 2.2. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАР

**Калктын экономикалык бакубаттыгын камсыз кылуу** татыктуу ишти жана туруктуу киришени камсыз кылган өндүрүштүк жумуш орундарын түзүүнүн эсебинен болот. Максат 2040-жылга карата өлкөнүн эмгекке жарамдуу калкынын 80%ы өзүнүн кесибине ылайык татыктуу эмгек акысы жана эмгек шарттары бар иштерде иштесе жана Кыргызстан ПРООНдун Адамдык өнүгүүнүн индекси жогору болгон биринчи 60 өлкөнүн тизмесине кирсе жетишилет (2015-жылы Кыргыз Республикасы 188 өлкөнүн ичинен 120-орунду ээлеген).

Бул максаттарга жетишүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү негизги артыкчылыктарды эске алуу менен өлкөнү өнүктүрүүнүн экономикалык саясатын киргизет:

## ЭМГЕК РЕСУРСТАРЫ ЖАНА ЖУМУШЧУ КҮЧҮНҮН САПАТЫН КӨТӨРҮҮ

Ишке орношуу өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн жана өлкөдөгү саясий туруктуулукту камсыз кылуу үчүн абдан маанилүү. Эмгек рыногу динамикалуу болуп, экономиканын сурамдарына ыңгайлашууга жөндөмдүү, өлкөдөгү демографиялык кырдаалды эске алууга тийиш.

Өлкөнүн негизги ресурсу болуп билимдүү жарандар жана квалификациялуу кадрлар эсептелет, алар өлкөнүн өнүгүүсүн,

өлкөнүн экономикасынын бардык тармактарында жаңы технологияларды иштеп чыгууну жана киргизүүнү камсыз кылат. Калктын бакубаттыгын көтөрүү үчүн ар бир жаранга тиешелүү квалификацияны алууга/ же старттык финансылык капитал алууга мүмкүндүк берүү керек.

Иш менен камсыз кылуу жумуш күчүнүн сапатын көтөрүүгө, эмгек рыногундагы сурам менен сунуштун ортосундагы дисбалансты жоюуга жана региондордо кыйла жогорку кошумча наркты, калктын ишке орношуусунун өсүшүн камсыз кылган артыкчылыктуу секторлордо жумуш орундарына болгон сурамды түзүүгө багытталат.

**Улуттук билим берүү системасын өнүктүрүү артыкчылык болууга тийиш,** ал эл аралык кызмат көрсөтүү рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, кесиптик билимди алуу үчүн жагымдуу болушу керек. Билим берүү системасы билим берүү кызмат көрсөтүүсүн экспорттой алат, бул үчүн региондогу жана дүйнөдөгү эмгек рыногунун сунуштарын, муктаждыктарын талдап, сурамга мониторинг жүргүзүп туруу зарыл. Бул өлкөнү өнүктүрүүнүн улуттук артыкчылыктарынын негизинде чет элдик жарандардын ичинен кадрларды даярдоо боюнча заказдардын протфелин максаттуу даярдоого мүмкүндүк берет.

Рынокто талап кылынган билим берүү кызмат көрсөтүүсүнүн провайдерлери менчигинин түрүнө карабастан кесиптик билим берүү системасында артыкчылыкка ээ болушат жана бизнести жана эл аралык өнөктөштөрдү тартуу менен мамлекет тарабынан (инфраструктуралык, жөнгө салуучулук, финансылык) колдоону алышат.

**Баштапкы кесиптик билим берүү** системасында ресурстарды инфраструктуралык жана эмгек акылык ыкмадан ченемдик каржылоо ыкмасына өткөрүү реформасы аяктайт, мында ваучерлер жана баштапкы кесиптик билим алууну каалагандарга окууну тандоо укугу берилет. Бул базада мамлекеттик заказдын алкагында мамлекеттик эмес секторду тартуу менен жумушсуздарды окутуу жана кайра окутуу программалары ишке ашырылат.

**Жумуш орундарды бардык жерде, өзгөчө региондордо түзүлүүгө тийиш.** бул үчүн региондорго инвестицияларды салуунун, эгерде инвестициялар жогорку кошумча нарктагы эмгек сыймдуу өндүрүштү түзүү менен байланышса, экономикалык жактан пайдалуулугу камсыз кылынышы керек. Өлкөнүн аймагында өндүрүш күчтөрүн мейкиндикте жайгаштырылышына таасир тийгизүү үчүн мамлекеттик жөнгө салуунун инструменттерин иштетүү зарыл. Мамлекет инвестор болгон долбоорлор үчүн региондордо жумуш орундарын түзүүнү максаттуу индикаторлордун бири катары кароо керек. Жумуш

орундарын түзүү өлкөнүн жана региондордун экономикалык өнүгүүсүнүн критерийлеринин бири болууга тийиш.

**Эмгек рыногу жана демография.** БУУнун баалоосу боюнча азыркы он жылдыкта калктын өсүшү Кыргызстандын тарыхында кыйла олуттуу болушу мүмкүн. Жалпысынан он жылдыкта калктын өсүшү эң аз дегенде 900 миң адамга жакындайт. Жакынкы жылдары калктын өсүшүнүн таасири 1990-жылдардагы демографиялык толкундун басаңдаган эффектисинин айынан азайышы мүмкүн, бирок болжол менен 2023-жылдан баштап жаңы жумуш орундарын түзүү муктаждыгы өсөт жана 2030-жылдардын ортосунда максимумга жетет. Калктын мындай тез өсүшү экологиялык тобокелдиктерди, Бишкек жана Ош шаарларынын агломерцияларында жана ыңгайлуу жашоо зоналарында калктын көп топтолушунун коркунучун жаратат. Калктын өсүшүн эмгек рыногунун саясатын түзүүдө эске алуу керек, калкы, өзгөчө жаштар тез өскөн региондордо жумуш орундарынын санын көбөйтүүнү, ички жана тышкы миграцияны жөнгө салууну кароо зарыл. Калктын топтолушунун өзгөрүшү жаңы өндүрүш ишканаларын мейкиндикте жайгаштырууну, чакан жана орто бизнести колдоону кайра карап чыгууну талап кылат.

**Эмгек миграциясы жаатында** жарандарыбызга алардын атаандаштыкка жөндөмдүү болушуна көмөк көрсөтүү жана социалдык жактан корголушун камсыз кылуу зарыл. Эмгек миграциясын тандаган жарандарды колдоо пайдалуу жана коопсуз жумуш ордун тандоого, эмгек миграциясында болгон мезгилде анын кызыкчылыгын коргоого (анын ичинде пенсиялык камсыз кылуунун маселелерин чечүүгө) мүмкүндүк берген кызмат көрсөтүүгө багытталышы керек. Ошондой эле эмгек мигранттарына өлкөнүн экономикасына инвестиция салууга шарттарды түзүү маанилүү болуп эсептелет, ал дем берүүчү экономикалык инструменттерди киргизүү, зарыл инфраструктураны өнүктүрүү аркылуу болот.

**Жаңы санарип технологияларынын дүйнөсүндө эмгектенүүнүн түрүн жана чөйрөсүн тандоо түп-тамырынан бери өзгөрөт.** Азыр жакшы фрилансерди тандап жатышат, мында адам бир өлкөдө жашап, бирок дүйнө жүзү боюнча иштейт. Ошондой эле ишкерлерге ийкемдүү эмгек жамааты керек, алар конкреттүү долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлөт, кызматкерди тандоо конкурс боюнча жүрүп, кыска мөөнөткө болушу мүмкүн, эмгек акы контракт менен аныкталып, социалдык камсыздык адамдын өзүнүн жоопкерчилиги болуп калат. Иш жүзүндө эмгекти уюштуруу жана акы төлөө абдан ийкемдүү болууда, ошондуктан эмгек мыйзамдары мезгилдин талабына туура келбей калууда жана экономиканы өнүктүрүүгө тоскоолдук жаратууда, демек, аларды өзгөртүү зарыл.

**Эмгек мыйзамын либералдаштыруу максаты** – эмгек мамилелеринин ийкемдүү моделин түзүү, ал ишкердин кызыкчылыгы сакталган жана кызматкердин кызыкчылыгы эске алынган жаңы экономиканын талаптарына жооп бериши керек. Кызматкердин социалдык жактан камсыз болушу үчүн жоопкерчилик негизинен кызматкерге жүктөлүүгө тийиш.

Ошол эле мезгилде эмгек мыйзамдарында минималдуу социалдык стандарттарды жана кепилдиктерди белгилөө зарыл, алар эмгекке, эмгектин шарттарына жана ага акы алууга болгон конституциялык укуктарды жана бул чөйрөнүн мамлекеттин контролунда болушун камсыз кылат. Ишкананын экономикалык абалына же жалпы экономикадагы кырдаалдын өзгөрүшүнө жараша ишкер кызматкердин укуктарын эске алуу менен эмгек контрагынын шарттарын өзгөртүү мүмкүндүгүн алат. Эмгек мыйзамдарында өзгөчө көңүл мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун ишке ашыруудагы, ишкердиктин тобокелдиги абдан жогору болгон жаңы технологияларды иштеп чыгуудагы эмгек мамилелерине бурулат.

Жумуш орундарын түзүү боюнча мамлекеттик колдоонун чаралары үй-бүлөнүн бакубаттыгын көтөрүүгө жана өлкөдө жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө тийиш.

## ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КЛИМАТТЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА ЭКСПОРТТУН ӨСҮШҮ

Кыргызстан глобалдык атаандаштыктын жана ачык экономиканын шарттарында инновациялык социалдык-экономикалык өнүгүүгө ылдам өтүүнү камсыз кылууга тийиш жана өлкө атаандаштык жактан кыйла артыкчылыкка ээ болгон жактарды күчөтүүгө умтулушу керек.

Мамлекеттик саясат Кыргызстандын бардык аймагында инвестициялык климатты жакшыртууга, аны чыныгы “инвестициялык оазиске” айлантууга багытталууга тийиш, ал жалпысынан региондогу жана ЕАЭБдеги башка өлкөлөргө салыштырганда атаандаштык артыкчылыкка ээ болгон жагымдуу фактор болуп калат.

**Мамлекет менен инвестордун өз ара байланышын** ишенимдин жана өз ара кызыкчылыктын негизинде түзүү зарыл. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү бийлик органдары, ар бири өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде инвестицияларды кубаттоого тийиш. Инвестицияга дем берүүчү бардык факторлор, анын ичинде ресурстук, алар жөнүндө маалыматтар жеткиликтүү болуп, артыкчылыктуу инвесторлор үчүн тиешелүү түрдө берилиши керек. Чет элдик жана ата мекендик инвестицияларды колдоонун институттук механизмдерин түзүү ар бир мамлекеттик

органдын, региондун жана жергиликтүү бийлик органынын милдети болушу керек.

**Инвесторлор төмөн инвестициялык жана ишкердик тобокелдиктерге** ишеним артышы керек. Бул үчүн жалпысынан мамлекеттин ырааттуу жана туруктуу экономикалык саясатын, макроэкономикалык туруктуулукту, туруктуу улуттук валютаны жана финансы системасын камсыз кылуу зарыл. Инвестицияларды тартуу боюнча мамлекеттик органдардын бардык аракеттери өлкөнүн жарандары үчүн, ошондой эле инвесторлор үчүн ачык жана айкын болууга тийиш. бул мамлекеттик башкаруунун жана администрациялоонун жогорку сапатта болушун, өлкөдө жана региондук деңгээлде инвесторлорду колдоонун натыйжалуу институттук механизмин түзүүнү талап кылат. Инвестициялык артыкчылыктар боюнча так саясат жана өткөрүлүп жаткан экономикалык саясаттын туруктуулугу, башкаруу органдарынын жогорку жоопкерчилиги инвесторлордун чечимдерди кабыл алуусу үчүн зарыл фонду түзөт.

Өз ишин кен казуу жана энергетика тармагында жүргүзгөн **инвесторлор менен мамилелерди түзүүнүн өзгөчө режими түзүлүшү керек.** Табигый ресурстарданмамлекетке келип түшкөн бардык кирешелер так идентификацияланып, атайын фонддордун иштөөсүнүн механизмдеринин ачык-айкындыгын камсыз кылууга, толук отчетторду үзгүлтүксүз жана өз убагында жарыялоого тийиш.

Бардык мамлекеттик органдар экономиканын секторлорунда **инвестициялар үчүн негизги багыттарды аныктоого** тийиш, мында Кыргызстандын ЕАЭБге кошулуусунан, ШКУнун алкагында глобалдык долбоорлорго, “Бир алкак жана бир жол” долбооруна катышуусунан ачылган мүмкүндүктөрдү жана артыкчылыктарды, ошондой эле борбордуказия регионунун жана дүйнөнүн өлкөлөрү менен эки тараптуу кызматташтыктын мүмкүндүктөрүн эске алуусу керек. Кыргызстан Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азия, Европа өлкөлөрүн кошкондо, экономикалык жактан жагымдуу багыттарда экономикалык кызматташтыктын багыттарын кеңейтүүсү зарыл.

Ишкерлердин **инвестициялык активдүүлүгүнүн** маанилүү багытына өндүрүштүк потенциалды өстүрүү, алардын натыйжалуулугун жана жаңы технологияларды өздөштүрүүнүн эсебинен атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү көтөрүү үчүн базалык жана инфраструктуралык тармактарга инвестицияларды салуу кирет. Мамлекет экономиканын жаңы экспортко багытталган жана инновациялык секторун түзүү жагында инвестициялык секторун түзүү багытындагы инвестициялык активдүүлүктү колдойт. Кыйла келечектүү багыттарга жеңил жана кайра

иштетүү өнөр жайынын чакан тармактарын өнүктүрүү кирет, алар жергиликтүү сырьену жана эмгек ресурстарын максималдуу колдонот.

**Кыргыз ишкерлеринин экспорттук ишине дем берүү** биринчи кезекте адамдык капиталдын сапатын, финансылык жана башка ресурстарды алууну жакшыртууга, инфраструктуралык проблемаларды чечүүгө негизделет. Кыргызстандын дүйнөлүк рыноктогу стратегиялык позицияларын үзгүлтүксүз талдоо, бар болгон артыкчылыктарды баалоо жана өзгөрүп жаткан шарттарда экономиканын процесстерин ыңгайлаштыруу маанилүү.

Өндүрүлгөн товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыз кылып жана тармактардын динамикалуу болушуна жетишкенде гана Кыргызстан эл аралык сооданын толук катышуучусу боло алат жана ИДПдагы экспорттун үлүшүн көбөйтөт.

Өлкө Дүйнөлүк банктын бизнести жүргүзүүнүн жеңилдиги боюнча рейтингинде 40 өлкөнүн тизмесинде турушу керек. Глобалдык аттандаштыкка жөндөмдүүлүк индексинде жана ДЭФтин Дүйнөлүк соодага тартылуусу рейтингинде Кыргызстандын позициясы үч эсе жакшырууга тийиш (2016-2017-жылдары 111-орун жана тишелеүү түрдө 113-орун болгон).

## ӨЛКӨНҮН РЕГИОНДОРУН ӨНҮКТҮРҮҮ

Региондорду ийгиликтүү өнүктүрүү Кыргызстанды ийгиликтүү өнүктүрүүнүн кепилдиги болуп эсептелет. Өлкөнүн шаарлары жана калктуу конуштары туруктуу, коопсуз жана өлкөнүн жарандарынын жашоосу үчүн ыңгайлуу болушу керек.

**Региондорду өнүктүрүүнүн максаты** – региондор менен борбордун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндөгү дифференциацияны кыскартуу, алардын финансылык абалын бекемдөө, анда тургундарды жашоосун комфорттуу кылуу.

Региондор өндүрүштүн жана керектөөнүн сарамжалдуу моделдерин түзүүгө муктаж, бул моделдер өлкөдөгү экономикалык мейкиндикке интеграциялоого, зарыл болгон адамдык, инфраструктуралык, экономикалык ресурстар менен камсыз кылууга, туруктуу иштеген социалдык инфраструктурага ээ болууга жана башка региондор менен катар эле калктын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуусуна мүмкүндүк берет.

Региондорду өнүктүрүүнүн максаттарына жетишүү жана ишке ашыруунун **негизги багыттары** региондук башкаруунун натыйжалуулугун көтөрүүнү жана региондогу социалдык-

экономикалык комплексти түзүүнү жана анын туруктуу иштөөсүн камсыз кылууну камтыйт.

Региондорду өнүктүрүүнү башкаруу төмөнкү принциптерге негизделет:

- **региондорду өнүктүрүү үчүн чоң мүмкүндүктөр жана** өздөрүнүн экономикасын жана социалдык чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн **региондордун чоң жоопкерчилиги.**
- **таяныч шаарларды – "өсүү орундарын" өнүктүрүү,** алар кубаттуу региондук экономикалык базисти түзөт, тегерегине өндүрүштүк жана эмгек ресурстарын топтойт, жашоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн социалдык жүктөмдү өзүнө алат.

**Экономикалык өнүктүрүү** региондорду ийгиликтүү өнүктүрүүнүн, социалдык маселелерди чечүүнүн негизи болуп эсептелет. Ири региондук калктуу конуштарды өнүктүрүү, аларда логистикалык борборлорду жана өнөр жай ишканаларын түзүү жанаша аймактар менен өндүрүштүк-экономикалык байланыштын туруктуулугун, чакан жана орто бизнестин реалдуу интеграциясын камсыз кылат.

Өндүрүүчү продукттардын чектелген санына региондордун адистешүүсү региондордо ири жана атаандаштыкка жөндөмдү өндүрүштү өнүктүрүү үчүн шарт түзөт. Келечекте региондордун өндүрүштүк потенциалын өстүрүү аймактык өндүрүштүк кластерлерди өнүктүрүү аркылуу болот.

Экономикалык ордун табуу, өлкөнүн башка региондору менен экономикалык байланыштарды түзүү, коңшу мамлекеттер – Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан менен региондук соода-сатыкка катышуу, ЕАЭБ, Жаңы жибек жолу саяктуу глобалдык долбоорлорго катышуу өнүгүүгө катуу түрткү берет.

Региондордогу **социалдык өнүгүү** өндүрүштүк ишке орноштурууга дем берүүгө, калктын кыйла муктаж катмарын колдоого багытталууга тийиш. Региондордун тургундары негизинен мамлекет кепилдик кылган социалдык кызмат көрсөтүүнү, биринчи кезекте билим берүүчү жана саламаттык сактоочу системалар көрсөтүүчү кызматтарды бир алышы керек. Бул маселелерди чечүүдө мамлекет менен жеке капиталдын өз ара тыгыз аракеттенүүсүн, жергиликтүү тургундардын активдүүлүгүнүн өсүшүн камсыз кылуу зарыл.

Региондордун **экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу** анда жашаган элдин жашоосун жакшыртуунун, саламаттыгын сактоосунун жана өмүрүнүн узак болушунун маанилүү шарты катары каралууга тийиш. Өзгөчө кырдаалдар менен байланышкан тобокелдиктерди азайтуу, жер жана суу ресурстарынын булганышын кыскартуу керек, ал кен казуучу ишканалардын ишине мыкты технологияларды киргизүүнүн жана алардын ишин контролдоону күчөтүүнүн эсебинен болот.

**Келечекте** ар бир регион адамдык капиталды кошуп алганда, аймактык ресурстардын негизги түрлөрүн чыгарууда өзүн-өзү камсыздаганга жетишип, анда жашаган калктын эмгектеги жана киреше берүүчү иштеги негизги муктаждыктарын канааттандырууга жетиштүү болгон жогорку өндүрүштүк потенциалга ээ болууга, туруктуу жана коопсуз экологиялык чөйрөсү бар болууга тийиш.

Региондордун жана борбордун калктын жан башына региондук дүң продуктусундагы чоңдугунун айырмасы 2040-жылга карата 2 эседен ашпоого тийиш.

## 2.3. ӨЛКӨНҮН ӨНӨР ЖАЙ ПОТЕНЦИАЛЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

---

**2040 көз карашы:** Кыргызстанда өнөр жай өндүрүшүнүн экспортко багытталган түзүмү болуп, ал туруктуу жумуш орундарын түзөт.

Экономиканы индустриализация комплекстик негизди база кылат, анда потенциалы жогору болгон бардык тармактар бирдиктүү, өз ара толуктаган өндүрүштүн түзүмүнө бириктирилет, мында ЕАЭБ, ШКУ сыяктуу интеграциялык бирикмелердеги, ошондой эле ЕАЭБдин коштоочу долбоорлорундагы жана “Бир алкак – Бир жол” долбоорундагы региондук адистешүү эске алынат.

Өнөр жай өндүрүшүнүн экспортко багытталган диверсификацияланган түзүмү курулган. Бар болгон тармактардын кубаттуулуктары модернизацияланды жана кеңейтилди, жылына кеминде 5000 жаңы жумуш орду түзүлөт. Өнөр жай Евразиялык өнөр жай кооперациясынын жана субконтракциянын тармагынын алкагында кооперациялык жана өндүрүштүк шакекчеге кошулган. ЕАЭБ рыногуна кирүүнү кеңейтүү үчүн КЭРден жогорку технологиялуу ишканалардын өндүрүштөрү түзүлгөн.

---

Көп өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, өнөр жайы бардык экономиканы динамикалуу өнүктүрүүнү камсыз кылууда олуттуу ролду ойнойт, өндүрүштүк жумуш орундарын түзөт, илимдин жана технологиянын өнүгүшүнө өбөлгө болот. Кыргыз Республикасы зарыл болгон табигый жана адамдык ресурстарга ээ, алар өнөр жайдын атаандаштыка жөндөмдүү тармактарын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, ошону менен маанилүү экономикалык жана социалдык маселелерди чечет.

Кыргызстан өнүкөн улуттук өнөр жайга ээ болууга умтулуп, өздүк ресурстарды, эмгек ресурстарын, бар болгон өндүрүш базасын, логистиканы эске алган иштин түрлөрүнө адистешет. Өнөр жайды өнүктүрүү кошумча нарктын региондук шакекчесин түзүүгө багытталат, бул өлкөнүн интеграциялык бирикмелерге катышуусу, инновациялык технологияларды колдонуу менен өндүрүштүк базаны түзүү менен байланышкан. Кыргызстан өзүнүн адистешүүсүн эске алуу менен рыноктун кыйла келечектүү сегменттеринде атаандаштык бекем позицияларды ээлөөгө умтулууга, өзүнүн өнөр жай технологияларын өнүктүрүүгө жана илгерилетүүгө тийиш.

**Өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүүнүн максаты болуп** экономиканын секторун түзүү жана өнүктүрүү эсептелет, ал экономикалык жана социалдык маселелерди чечүү үчүн финансы ресурстарын түзүүнүн туруктуу булагы болуп, кошумча нарктын жогорку деңгээлин камсыз кылууга, өздүк материалдык-сырьелук жана өндүрүштүк базаны натыйжалуу пайдаланууга, жогорку өндүрүштүк жумуш орундарын түзүүгө тийиш.

Өнөр жайды өнүктүрүү саясаты **төмөнкү негизги багыттарга** ээ болот:

- кен казуунун натыйжалуулугун өстүрүү, курчап турган чөйрөгө минималдуу таасир тийгизген заманбап кен казуу технологияларын киргизүү;
- жогорку сапаттагы нефти продукттарынын жана курулуш материалдарынын атаандаштыкка жөндөмдүү өндүрүшүн өнүктүрүү, аны менен ички рынокту байытуу жана экспорттук потенциалды өнүктүрүү;
- кайра иштетүүчү өнөр жайдын чакан тармактарын, биринчи кезекте акыркы продукцияны жыйноо, комплектөөчү материалдар өндүрүшүн түзүү, иштебей турган ишканаларды калыбына келтирүү, чет элдик өнөр жай ишканаларын локалдаштыруу, кошумча нарктын өлкөлөр аралык шакекчесине кирүү.

Шаарлардын өнөр жай зоналарында өндүрүш күчтөрүн жайгаштыруу маселелеринде башкаруунун кластердик принциптерин киргизүүнү негиз кылып, өнөр жайды өнүктүрүүнүн аймактык-тармактык критерийлерин айкалыштыруу, улуттук ишкерлердин инвестиция салуусун кубаттоо, өндүрүлгөн продукцияны экспорттоого дем берүү керек.

**Кен казууда** күч-аракеттер уруксат берүү документтерин берүүдөгү коррупциялык көрүнүштөрдү азайтууга, пайдалуу кен чыккан жерди чалгындоого инвестиция салган учурда кенди иштетүүнүн артыкчылыктуу укугунун инструментин киргизүүгө багытталат. Ошол эле учурда курчап турган чөйрөгө минималдуу

таасир тийгизген технологиялары бар кен байытуу фабрикаларын куруу өлкөнүн аймагында кошумча нарктын шакекчесин түзүүнүн реалдуу интрументтеринин бири болуп калат. Кен казуучу ишканалардын жергиликтүү эл менен чыр-чатактарын жоюу боюнча чаралар сунушталат жана кен казуучулар заманбап технологияларды колдогон учурда экологиялык коопсуздук боюнча зарыл талаптар киргизилет.

**Нефтини иштетүү секторунда** нефти иштетүүчү улуттук ишканаларды модернизациялоо жана сапаттын жогорку экологиялык стандарттарындагы отунду өндүрүүгө өтүү үчүн жагымдуу инвестициялык шарттар түзүлөт. Өлкөнүн аймагында жаңы кубаттуулуктарды өздөштүрүү жана нефти продукттарын өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү үчүн инвестициялык өнөктөштөрдү тартуу ишин активдештирүү зарыл. Кыргызстанда **курулуш материалдарын өндүрүү** потенциалынын өсүшү жана курулуш индустриясынын өнөр жайлык базасынын өнүгүүсү жаңы архитектуралык-курулуш системасына өтүү, сырьедон баштап даяр продукцияны чыгарууга чейинки жаңы кооперациялык шакекчелерди түзүүдө жеткиликтүү каржылоону көбөйтүү менен камсыз кылынат. Өндүрүш Кыргызстандагы турук жай жана өнөр жай курулушунун көлөмүн көбөйтүүнү кубаттоого, жана курулуш материалдарын экспорттоону өстүрүүгө багытталууга тийиш. Курулуш материалдарынын өндүрүшүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү өндүрүштүн технологиялык деңгээлин көтөрүүгө жана жогорку сапаттагы материалдарды, буюмдарды жана конструкцияларды чыгарууга багытталган чаралар менен камсыз кылынат.

**Жыйноочу өндүрүштү түзүү жана чет өлкөлүк ишканаларды локализациялоо** өнөр жай өндүрүшүнүн иштетүүчү секторлорунда артыкчылыктуу багыт болууга тийиш. Акыркы продукцияны, комплектөөчү материалдарды жыйноо өндүрүшүн өнүктүрүү экономикалык жактан негиздүү болгон, экспортко багытталган жана/же импортту алмаштырган өнөр жай продукциясын чыгаруучу азыр иштеп жаткан ишканаларды модернизациялоого жана токтоп тургандарын калыбына келтирүүгө инвестицияларды тартуунун эсебинен активдешет. Атайын инвестициялык лоттор даярдалат, аларда инвестициялык режимдин өзгөчө шарттары же өндүрүштү диверсификациялоо мүмкүндүгү бар болот.
Ошондой эле өнөр жай өндүрүшүнүн түзүмүн толуктаган жана бекемдеген жаңы тармактарды иштетүү үчүн зарыл ресурстар мобилизацияланат, буга машина куруу өндүрүшү (транспорт каражаттарын өндүрүү), металл өндүрүшү (ферроэритүүчү жана калай-вольфрам заводдору, сурьма өндүрүшүн кайра

жандандыруу), химия тармагы (металлургиялык кремнийди өндүрүү), фармациялык өндүрүш (органикалык дары-дармек каражаттарын өндүрүү) кирет.

Өнөр жайды өнүктүрүүнү колдогон эл аралык уюмдар, ошондой эле трансулуттук компаниялар менен кызматташуу дүйнөлүк мыкты тажрыйбаны пайдаланууга, өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн, ошондой эле жеке сектордун ресурстарын мобилизациялоого, жаңы келечектүү рынокторго чыгууга мүмкүндүк берет.

**Өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүү төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:**

- атаандаштыкка жөндөмдүү өнөр жай продукциясын экспорттоодо өлкөнүн потенциалын көтөрүүгө, өздүк минералдык-сырьелук жана өндүрүштүк базаны максималдуу пайдалануу, өндүрүштү модернизациялоо жана заманбап технологияларды киргизүү, өнөр жай өндүрүшүн өлкөнүн аймагында саражмалдуу жайгаштыруу аркылуу калктын иш менен камсыз болушун жана бюджеттин киреше бөлүгүнө акчанын түшүүсүн көбөйтүүгө;
- ички рыноктун муктаждыгынын олуттуу бөлүгүн улуттук нефти продукттар жана курулуш материалдары менен канааттандырууга, бул продукциянын жана жалпысынан өнөр жай өндүрүшүнүн экспорттук потенциалын көтөрүүгө, улуттук экономиканын чектеш тармактарын өнүктүрүүгө түрткү берүүгө, анын антыйжалуулугун көтөрүүгө;
- жыйноочу өндүрүштү түзүү жана чет өлкөлүк ишканаларды локалдаштыруу аркылуу экономиканы диверсификация кылууга, негизги материалдарды жана комплектөөчүлөрдү өндүрүүнү өнүктүрүүгө, токтоп турган ишканалардын ишин калыбына келтирүүгө, улуттук өндүрүүчүлөрдү өлкөлөр аралык өндүрүштүк-технологиялык процесске киргизүүгө.

## 2.4. АГРОӨНӨР ЖАЙ КОМПЛЕКСИН ЖАНА КООПЕРАЦИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ

**2040 көз карашы:** Кыргызстан өзүнүн географиялык жана климаттык артыкчылыгын пайдаланып, региондук рынокто жана ЕАЭБдин рыногунда тоодо өндүрүлгөн экологиялык таза, органикалык айыл чарба продукциясын жеткирүүчүлөрдүн алдыңкысы болот. Өлкөнүн агоөнөр жай комплексинде орто жана ири кайра иштетүүчү комплекстер түзүлөт, продукцияны тышкы рынокторго экспорттоо үчүн логистикалык борборлор өнүктүрүлөт. Фермердик чарбалар кооперативдер аркылуу өндүрүштүк процесске активдүү катышат, алар өндүрүүчүлөргө кошумча наркты тикелей алууга мүмкүндүк берип, жергиликтүү калктын кирешелерин көбөйтүүгө өбөлгө болот.

Айыл чарба тармагы жана кайра иштетүү тармагы Кыргыз Республикасынын экономикасынын стратегиялык маанилүү тармагы болуп эсептелет, ал өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүдө жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда чечүүчү ролду ойнойт. Айыл чарбасынын жана агроөнөр жай секторунун маанилүүлүгү экспорттук потенциалды өстүрүүнүн, калкты иш менен камсыз кылуунун, өнөр жай ишканаларын жергиликтүү сырьелук ресурстар менен, ал эми элди тамак-аш азыктары менен камсыз кылуунун мүмкүндүгү менен шартталган. **Айыл чарба чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын максаты** – тармакты дүйнөлүк жана региондук рынокко тоодо өндүрүлгөн экологиялык таза, органикалык продукцияны жеткирүүчүгө айлантуу. Өлкөнүн бардык региондорунун калкы өнөр жай процессине агроөнөр жай комплекстери, кооперативдер, фермердик чарбалар аркылуу катышат, алар өндүрүүчүлөргө кошумча наркты тикелей алууга мүмкүндүк берип, жергиликтүү калктын кирешелерин көбөйтүүгө өбөлгө болот.

Өкмөттүн саясатынын стратегиялык багыты болуп жогорку кошумча наркты жараткан жана эмгек сыйымдуу болгон айыл чарба продукциясын өндүрүүнү жана кайра иштетүүнү мамлекеттик колдоо эсептелет. Айыл чарбасынын агроөнөр жай өндүрүшүн түзүүгө жана бардык аспекте өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга өбөлгө болуусу абдан маанилүү. Айыл чарба жана агроөнөр жай секторлорун өнүктүрүү ушул сектордогу калктын иш менен камсыз болушун гана көбөйтпөстөн, ушул секторду тейлеген жана аны менен өз ара байланышкан башка көптөгөн секторлордогу калктын иш менен камсыз болушуна түрткү берет.

Айыл чарба тармагын жана АӨКтү өнүктүрүү тышкы рынокто Кыргызстандын дүйнөлүк жана региондук рынокторго олуттуу көлөмдөгү айыл чарба продукциясын жеткирүүчү болууга мүмкүндүк берген атаандаштык өзгөчөлүктөрүн чектөөлөрдү жана салттуу болуп калган айыл чарба өсүмдүктөрү үчүн өндүрүштүк кубаттулуктардын жетишсиздигин жоюуга багытталууга тийиш. Бул үчүн төмөнкүлөрдү **жаңылоо** боюнча чараларды көрүү зарыл:

- **айыл чарба продукцияларынын түрлөрүн:** жогорку кошумча нарк берген жана дүйнөлүк сурам ылдам өсүп жаткан экологиялык таза, органикалык продукциянын түрлөрүнө артыкчылык берилет. Кыргыз Республикасында рынокто өз ордун табууга жана азыр бар болгон потенциалын күчөтүүгө мүмкүндүк бар;
- **өндүрүш методдорун:** тармакты ар тараптан техникалык жабдууну өнүктүрүү, кадрларды даярдоо системасын жана ушул

тармакты өнүктүрүү ыкмаларын түп-тамырынан бери кайра карап чыгуу керек. Өндүрүштүн жаңы методдору жогору технологиялуу болот, ошол эле учурда экологиялуу бойдон калат, бул өлкөнүн айыл чарба секторун органикалык багытка буруу үчүн керек. Бул үчүн жаңы типтеги илимий-изилдөө институттарын түзүүнү колдоо маанилүү, алар өндүрүштү көбөйтүү жана ички рынокко, экспортко айыл чарба, кайра иштетүү продукциясынын сапатын жакшыртуу үчүн дүйнөлүк технологиялык жетишкендиктерди Кыргыз Республикасынын шарттарына ылайыкташтырат;

- **башкаруу ыкмаларын:** ушул тармактын муктаждыктарына башкаруу модели ыңгайлаштырылат, алар ушул тармакта колдонулуучу пландоонун, болжолдоонун, башкаруунун, стратегиясын түзүүнүн техникалык, программалык, финансылык механизмдерин колдонууга жөндөмдүү кадрлардан турат. Стратегияда илим менен айыл чарбасынын ортосундагы өз ара байланышты активдештирүү колдоого алынат, анын негизинде Кыргызстан дүйнөлүк рыноктогу өзүнүн атаандаштык артыкчылыктарын иштеп чыгат жана оптималдаштырат;
- **айыл чарбасынын жана АӨК системасынын субъекттерин уюштурууну:** айыл чарбасынын экономикалык натыйжалуулугун көтөрүү үчүн чакан жеке чарбаларды кооперативдерге өзгөртүп түзүүгө көмөк көрсөтүү маанилүү. Бул айыл чарба секторунун субъекттери үчүн оптималдуу болгон уюштуруу формасынын эсебинен айылдык тургундарга биргелешип чарба жүргүзүүгө жана ортомчусу жок кошумча нарктын шакекчесинин бардык звенолорун интеграциялоого багытталган күч-аракеттерди бириктирүүгө мүмкүндүк түзүүгө жол берет. Кооперативдер фермерлердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана рыноктук позициясын көтөрүүгө, айылдын жашоочуларынын бакубаттыгын жакшыртууга жөндөмдүү. Бул үчүн мамлекеттик кызматчыларды жана кооперативдердин мүчөлөрүн кооперативдин өзгөчөлүктөрүнө окутууну күчөтүү, ченемдик укуктук базаны шайкеш келтирүү зарыл. Кооперативдерге өнүгүү үчүн институттук колдоо көрсөтүү, кооперативдерди мамлекеттик колдоонун ар кандай механизмдерин жана инструменттерин иштеп чыгууда чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын үйрөнүү керек. Кооперативдерди Кыргыз Республикасын өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдүн күн тартибине киргизүү маанилүү.
- **кредит берүү инструментин:** айылдык өндүрүүчүлөрдүн кредиттик ресурстарды алуусун жакшыртуу, кредиттер боюнча пайыздык коюмдарды төмөндөтүү үчүн пайыздык коюму төмөн болгон жеңилдетилген кредит берүүнүн программасы мындан ары да ишке ашырылат, анда кредит берүүнүн мөөнөттөрүн узартуу жана көлөмүн көбөйтүү мүмкүндүгү каралат. Мындан

тышкары кооперативдик банкты ачуу мүмкүндүгүн карап көрүү керек. Кооперативдик банк өлкөнүн ичинде калктын жана региондордун финансы ресурстарын аларды айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшоо үчүн топтоого мүмкүндүк берет;

- **өндүрүштү жана экспортту өнүктүрүү үчүн башка шарттар:** айыл чарба жана кайра иштетүү секторлорун толук өнүктүрүү үчүн ирригация системаларын технологиялык өнүктүрүүнү камсыз кылуу жана суунун тартыштыгынын проблемасын чечүү, эпизоотялык кырдаалдын коопсуздугун, ветеринардык кызматтардын иштиктүү болушун, өндүрүштүн бардык зарыл факторлорунун жеткиликтүүлүгүн, өндүрүш процессин оптималдаштыруу үчүн технологияларды ар тараптуу колдонууну камсыз кылуу керек. Өндүрүлгөн продукцияны сертификаттоонун системасын өркүндөтүү, анын ичинде өлкөнүн ичинде органикалык өндүрүштү сертификациялоонун системасын өнүктүрүү зарыл.
- Тармактын **максаттуу багыттары** болуп өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү, анын натыйжалуулугу, айыл чарба продукциясынын сапатынын артышы, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, кайра иштетүү өнөр жайынын потенциалын күчөтүү эсептелет.

## 2.5. ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙ КЛАСТЕРЛЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮ

**2040 көз карашы:** жеңил өнөр жай кластерлери толук түрдө БДКга, инновациялык ыкмаларга негизделет, анда чектеш тармактар интеграцияланган жана сырьену жеткирүүдөн баштап керектөөчүгө даяр продукцияны жеткирүүгө чейин бардык этаптар камтылган. Дүйнөлүк рыноктордо кыргыз текстиль продукциясынын улуттук бренди түзүлгөн. Рынок географиясы Европа жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүн камтыйт. Продукция гана экспорттолбостон, технологиялар, дизайндар жана коллекциялар да экспорттолот. Кыргызстандын дизайнерлеринин жана модельерлеринин улуттук мектеби түзүлгөн жана ийгиликтүү иштеп жатат.

Кыргызстандын жеңил өнөр жайы тарыхый жактан алганда экономиканын маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет, аны өнүктүрүү үчүн негизги материалдык ресурстар, даярдалган кадрлар бар, өндүрүш технологиялары, сатып өткөрүү рыноктору өздөштүрүлгөн.

Бүгүнкү күндө тармак өнөр жайдын негизги тармагы бойдон калууда, ал тигүү секторунун эсебинен соңку он жылда динамикалуу өнүгүүдө. Салык салуунун жагымдуу режимин

белгилөө (ыктыярдуу патент, жабдууларды ташып келүүдө бажы алымдарынын жана салыктардын жоктугу, фурнитураны жана кездемелерди жөнөкөй схема боюнча импорттоо) кийим тигүү боюнча көптөгөн чакан ишканаларды түзүүгө жана жеке ишкердикти өнүктүрүүгө алып келди, бул жалпысынан тигүү продукциясынын көлөмүнүн ылдам өсүшүн жана анын КМШ өлкөлөрүнүн, биринчи кезекте Россия Федерациясы менен Казакстандын рынокторуна экспорттоону камсыз кылды, алар эконом-класстагы керектөөчүлөрдүн сурамына татыктуу болду. Кыргыз тигүү продукциясы баа-сапат критерийи боюнча жогорку атаандаштыкка жөндөмдүү.

Соңку жылдардагы улуттук ишкерлердин тигүү тармагын өнүктүрүүдөгү ийгиликтери натыйжалуу башкарууга жана тармакты өнүктүрүү үчүн негизги факторлордун өлкөдө бар болушуна гана негизделбестен, экономиканын ушул секторундагы адамдык потенциалдын чоң экенин көрсөттү.

Кыргыз тигүү продукциясынын атаандаштык артыкчылыгы ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ири жана төлөөгө жөндөмдүү рынокторуна эркин чыгуусу, тигүү ишканаларынын мобилдүүлүгү, ийкемдүүлүгү, модернизациялык потенциалы, кездемелерди, материалдарды, фурнитураларды жеткирүүчүлөрдүн салыштырмалуу түрдө жакындыгы, логистика системасынын иштиктүүлүгү болуп эсептелет.

Кыргызстанда **жеңил өнөр жайын өнүктүрүүнүн максаты болуп** жогорку натыйжалуу жана жогорку атаандаштыктагы тармакты түзүү болуп эсептелет, анда өндүрүштү, логистиканы уюштуруунун жана жаңы ыкмалары жана технологиялары колдонулат, ал локомотивдин бири болуп саналат жана экономикага мультипликативдик чоң натыйжа тийгизет, региондорду өнүктүрүүдө жана калкты иш менен камсыз кылууда жана анын кирешесин өстүрүүдө чоң ролду ойнойт.

Жеңил өнөр жайын өнүктүрүү саясаты төмөнкү негизги багыттарга ээ болот:

- жеңил өнөр жайынын өндүрүшүн уюштурууну сапаты жагынан жакшыртуу, анын натыйжалуулугун көтөрүү, мында кластердик ыкма колдонулат, технополистерди түзүү, ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу;
- өндүрүштүн жаңы деңгээлине чыгуу, тармакты рыноктун ири жана топ сегменттерине багыттоо менен продукттук катарын жакшыртуу;
- Кыргызстанда жергиликтүү адам жана сырье ресурстарына, топтолгон тажрыйбага жана өндүрүштүк байланыштарга таянган жеңил өнөр жай тармактары кыйла келечектүү: текстиль, тигүү, трикотаж, булгары-бут кийим, булгары-галантерея жана башка тармактар.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, **жеңил өнөр жайында өндүрүштү кластердик уюштуруу жана технополистерди түзүү** секторду динамикалуу өнүктүрөт. Вертикалдуу интеграцияланган өндүрүш шакекчелерин өнүктрүүгө колдоо көрсөтүлөт, ага негизги материалдарды – кездемелерди, галантерея булгаарыны, фурнитуранын жана аксессуарлардын белгилүү бир түрлөрүн өндүрүү, дизайн жана мода, логистика кызмат көрсөтүүсү кирет.

Тигүү жана жеңил өнөр жайынын башка ишканаларынын тиешелүү инфраструктурасы жана коммуникациясы бар чектүү аймактардагы технополистерге топтоону камсыз кылган чараларды ишке ашыруу зарыл, аларда финансы мекемелеринин жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрү, көргөзмө залдары, кадрларды даярдоо боюнча окутуучу-практикалык мекемелер, технологияларды өнүктүрүү боюнча илимий мекемелер болот. Жеңил өнөр жайынын кластерлерин өнүктүрүү жана технополистерди түзүү үчүн натыйжалуу өндүрүштү түзүүнүн, башкаруунун заманбап системасын колдонуунун мыкты дүйнөлүк тажрыйбасын пайдалануу чоң мааниге ээ. Бул үчүн дүйнөдө таанымал болгон кийим өндүрүүчүлөр менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты күчөтүү зарыл, бул ушул багыттагы саясатты ишке ашыруунун маанилүү бөлүгү болуп калууга тийиш.

Текстилдик-тигүү продукциясын негизги жеткирүүчүлөргө салыштырганда массалык керектөөнүн продукциялары сегментинде кыргыз өндүрүүчүлөрүнүн атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектүү болушу **продукттук катарды өркүндөтүүнүн,** керектөөнүн топ деңгээлине багытталган продукцияны чыгаруунун, кездемелердин, фурнитуранын жана аксессуарлардын эксклюзивдик түрлөрүн чыгаруунун зарылдыгын шарттап жатат.

Кыргызстан элдик чыгармачылыктын уникалдуу методдоруна ээ, алар муундан муунга берилип келген. Бул көндүмдөрдү жана билимди өнүктүрүү жана модернизациялоо, ири товардык өндүрүшкө чейин жеткирүү керек, **продукциянын келечектүү түрлөрүн** аныктоо зарыл, мында продукциянын натуралдык, эксклюзивдик түрлөрүнө артыкчылык берүү керек, алар жогорку кошумча наркка ээ жана аларга дүйнөлүк сурам өсүп жатат.

Ушул багыттагы техникалык жана илимий чечимдерди издөөнү кубаттоо керек. Уникалдуу продукцияны өндүрүү дүйнөлүк рыноктогу башка өндүрүүчүлөрдө жок болгон продукцияны жаратууга мүмкүндүк берүүчү жогорку технологиялуу жабдууларды, жаңы технологияларды сатып алуу, кадрларды даярдоо үчүн инвестициялык жагымдуу шарттарды түзүүнү талап кылат.

Келечекте Кыргызстан моданын жана дизайндын багыттарын күчөтүүгө тийиш, региондук модалык коллекцияларды көрсөтүүнүн, кадрларды даярдоонун борбору болуп калууга тийиш. Кыргызстан үй интерьерлеринин предметтерин жеткирүүнү, тактап айтканда килем, боз үй буюмдарын, боз үйлөрдү жеткирүүнү өнүктүрүшү керек, алар дүйнөлүк рынокто өз ордун таба алат. Бул айылдык региондордун тургундарына өзүнүн продукциясын экспорттоого мүмкүндүк ачат.

Жеңил өнөр жайында кластерлерди өнүктүрүү төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көтөрүүгө, инвестициялардын олуттуу көлөмүн тартууга, өндүрүштүн натыйжалуулугун, масштабдуулугун көбөйтүүгө жана тармактын өнүгүүсүнүн комплекстүүлүгүн көтөрүүгө;
- Кыргызстанда инновациялык продукциянын секторун түзүүгө, ал тармакты принциптүү жактан алганда жаңы, сапаттуу продукциялар жана чечимдер менен дүйнөлүк рыноктorго чыгууга мүмкүндүк берет;
- Экономиканын чектеш тармактарын өнүктүрүүгө түрткү берүүгө, бул кеңири мультипликативдик натыйжанын эсебинен болот, негизги материалдар жана фурнитура, аксессуарлар жагында импортко болгон көз карандылыкты төмөндөтүүгө, кызмат көрсөтүү чөйрөсүн – банк, соода, транспорттук ташуулар чөйрөлөрүн өнүктүрүүгө олуттуу таасир тийгизүүгө;
- продукциянын экспортун олуттуу көбөйтүүгө, сатып өткөрүү рыногунда туруктуу позицияны ээлөөгө;
- региондорду өнүктүрүүгө олуттуу салым кошууга, жергиликтүү деңгээлде кесиптик көндүмдөрдү көтөрүү үчүн негиздерди түзүүгө, жарандардын туруктуу жашаган жеринде калуусуна көмөк көрсөтүүгө, ички жана тышкы миграцияны токтотууга.

## 2.6. ТУРУКТУУ ТУРИЗМ

**2040 көз карашы:** Кыргызстан – региондо жогорку кошумча наркы бар туруктуу туризмдин – корпоративдик туризмдин, агротуризмдин, рекреациялык эс алуунун, маданий-тарыхый, тоо туризминин ж.б. белгилүү туристтик багыты. Өлкөдө чет элдик конокторду кабыл алуу үчүн инфраструктура жана шарттар түзүлгөн, калк туристтерди коштогон продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири түрүн жүргүзөт, ал жергиликтүү калктын кирешесинин өсүшүнө өбөлгө болот.

Кыргыз Республикасында активдүү туризмди өнүктүрүүнүн **негизги идеясы** болуп өлкөнү динамикалуу өнүгүп жаткан дүйнөлүк туристтик индустрияга интеграциялоо, ошондой эле бар болгон туристтик потенциалды өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн максималдуу пайдалануу эсептелет.

Улуттук туризмди өнүктүрүү боюнча чараларды ишке ашыруу биринчи кезекте ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды күчөтүү жана эл аралык туристтер үчүн Кыргызстандын таанымалдыгын жана ачыктыгын көтөрүү аркылуу туристтердин санынын өсүшүн камсыз кылуу дегенди билдирет.

Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн негизги максаты болуп региондорду өнүктүрүү жана жумушсуздук сыяктуу курч социалдык-экономикалык проблемаларды чечүү саналат.

**Туризмди өнүктүрүүдө мамлекеттин ролунун жана маанисинин күчөгөндүгүнүн алкагында максаттуу багыттарды ишке ашыруу жана аларга жетишүү үчүн төмөнкүлөр негизги багыттар болот:**

1)Туризм жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын азыркы статусун өзгөртүү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аймактык өкүлчүлүктөрү бар өз алдынча мамлекеттик органды түзүү жөнүндө чечимди кабыл алышы керек, ал экономикалык максаттарга жетишүүгө жана аларды ишке ашырууга умтулууга тийиш. Кайрадан түзүлгөн мамлекеттик органдын республикалык бюджеттен каржыланышын жетиштүү деңгээлде кылуу зарыл, буга өлкөнү илгерилетүү жана туризмди өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын чыгымдары кирет. Өз кезегинде “кирүүчү туристтик алымды” алыскы чет өлкөлөрдөн келүүчү туристтер үчүн белгилөө каржылоонун кошумча булагын камсыз кылат жана республикалык бюджетке жүктөмдү азайтат.

2)Туризм жаатында мамлекеттик органдардын ортосундагы координацияны күчөтүү жана мамлекеттик-жеке диалогду жакшыртуу керек. Туризмди өнүктүрүү маселелерин координациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын (ВАК) курамына өзгөртүү киргизүү – төрага болгон социалдык блокту тейлеген Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министрин Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине же Кыргыз Республикасынын Президентине алмаштыруу зарыл. ВАКтын жогорку статусу уюштуруу-башкаруучулук мүнөздөгү чараларды аткарууну, ошондой эле мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнүн туристтик тармакты өнүктүрүү боюнча аракеттерин координациялоону жакшыртат.

Туристтердин санынын өсүшүн камсыз кылуу алкагында:

1) Өлкөнүн бирдиктүү маркетинг стратегиясын жана уникалдуу туристтик бредин иштеп чыгуу керек. Мамлекет жаңы жана

бирдиктүү өлкөлүк туристтик бренди түзүүгө тийиш. Стратегияны жана брендди иштеп чыгуунун процессине Кыргызстанды туристтик өлкө катары илгерилетүү боюнча биргелешип күч-аракет жумшоого мүмкүндүк берген кызыктар тараптардын бардыгы катышуусу зарыл.

2)Өнүккөн өлкөлөр үчүн визасы жок режимди сактоо жана эл аралык туристтердин келүүсүнүн шарттарын жакшыртуу керек. Мамлекет 2012-жылдын 21-июлундагы № 121 “Айрым мамлекеттердин жарандары үчүн визасы жок режимди 60 күнгө чейинки мөөнөткө киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын 2020-жылдан кийин да узартуу менен ошол Мыйзамга ылайык өнүккөн өлкөлөрдөн келүүчү чет элдик туристтердин келишине дем берүүгө тийиш. Ошондой эле Кыргыз Республикасына эл аралык туристтер келген жерлерде жагымдуу шарттарды, тейлөөнү түзүү зарыл (“Манас” жана “Ош” аэропортторунда, “Акжол” өткөрмө пунктунда).

3)Туризмге жумшаган чыгымы жана туристтеринин саны боюнча дүйнөлүк лидер – Кытайдан туристтерди тартуу керек.

Ар бир облуста туристтик кластерлерди түзүү. Региондук жана жергиликтүү бийлик органдары өздөрүнүн аймактарында туристтик продуктту иштеп чыгуу, өндүрүү, илгерилетүү жана сатуу менен иштеген бардык катышуучуларды мобилизациялашы керек. Кластердик ыкма региондогу туризмди системалуу өнүктүрүүнүн мүмкүндүгүн жана бардык катышуучуларды координациялоого жол ачат.

4)Айылдын тургундарын туризмге тартуу. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, бирдык кызыкдар жактар менен бирдикте туристтик мүмкүнчүлүктөрдү табуу үчүн ар бир айылды жана калктуу конушту инвентаризациялайт. Ар бир потенциалдуу айылды туристтик маршруттарга кошуу, ошондой эле аларда туристтерге арналган айыл чарба продукциясын, тамак-аш азыктарын, товарларды жана буюмдарды өндүрүү мүмкүндүгүн карап көрүү зарыл, бул айыл жергесиндеги иш менен камсыз болууну өстүрөт.

**Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнүн максаттуу багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- мамлекеттин туризмди өнүктүрүүдөгү ролун жана маанисин күчөтүү;
- туристтердин санын көбөйтүү;
- ар бир региондо туристтик кластерлерди түзүү жана айыл жергесинде иш менен кымсыз кылууну өстүрүү.

## 3. АДАМДЫК ӨЛЧӨӨ – ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗИ

**2040 көз карашы:**Адамдык өнүгүү өлкөнүн жанамамлекеттин өнүгүүсүнүн бардык максаттары үчүн шартсыз приоритет. Кыргыз Республикасынын адамы жана жараны өнүгүү күч-аракеттерин пландаштыруунун, ишке ашыруунун жана баалоонун чордонунда турат.

Кыргызстандын адамдык капиталы глобалдуу деңгээлде кыйла чоң атаандаштыкка жөндөмдүү артыкчылыкка ээ.

Кыргызстандыктардын көндүмдөрүнө жана билимдерине суроо-талап сапаттуу башка билим берүү системасына өтүү менен камсыздалган. Кыргызстан – инновациялык типтеги мектептер, университеттер жана илимий-изилдөө борборлору үчүн региондук тартылуу борбор.

## 3.1. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТ

## АДАМДЫК ПОТЕНЦИАЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ

**2040 көз карашы:** 2040-жылга карата Кыргыз Республикасында өнүгүүгө максаттуу багыт алган, потенциалы өзүн жана өзүнүн үй-бүлөсүнүн татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылуга мүмкүнчүлүк берген адам-жарандын жаңы тиби калыптанат. Бул адам өзгөрүлмөлүү дүйнөнүн шартына көнүктүрүлгөн жана өз өлкөсүндө жана андан сырткары да өз турмуштук жолун жооптуу тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, өз жүрүш-турушу үчүн коомдун алдында жоопкерчиликтүү болушу керек жана коом кабыл алынган эрежелерди бузуудан баш тартат. Ар бир кыргызстандык үчүн үй-бүлө рухтун, билимдин, тарбиянын, адамдын жашоо-турмушун өзүн-өзү уюштуруунун жана сергек жашоо ыңгайын калыптандырунун бекемдөөчү элементи болот. Социалдык сектордо мамлекеттин ролу учурдагы басымдуулук кылган кызмат көрсөтүү провайдеринен жөнгө салуучуга акырындык менен өтөт, ал саясатты, ченемдерди жана чектерди иштеп чыгат, кадрларды даярдайт жана кызматтарды керектөөчүнүн укуктарын коргойт.

«Ooру» моделинен «сергек жашоо ыңгайы жана оорууларды алдын-алуу» моделине кайра багыт алуу менен саламаттык сактоону башкаруунун системасында өзгөрүүлөр жүргүзүлөт, адамдын өзүнүн саламаттыкты сактоону башкарууда, өз ден-соолугун жана жанындагылардын ден соолугун сактоодо, чыңдоодо жана калыбына келтирүүдө жоопту мамилени калыптандырууда катышуусу күчтөндүрүлөт.

Муну менен мамлекет саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык өнүгүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүнүн, коопсуздугунун жана сапатынын эффективдүү жөнгө салуучусу ролун бекемдейт.

Саламаттыкты сактоону финансылоо системасынатыйжага жетишүүгө багытталган кыйла эффективдүү башкаруу максатында кайра каралат. Саламаттыкты сактоонун камсыздандыруу механизмдерин адамдын өзүнүн, камсыздандыруу фонддорунун жоопкерчилигин күчөтүү менен активдештирүү саламаттыкты сактоонун мындан аркы өнүгүүсүнүн негизги шарты болуп саналат. Медициналык камсыздандыруу системасы сапаттуу, коопсуз, жеткиликтүү медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн реалдуу сатып алуучусу болушу керек. Калктын камсыздандыруу салымдары менен медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн пакетинин вариативдүүлүгүнүн толук байланышы болот. Саламаттыкты сактоону финансылоо системасынын, менчигинин түрүнө карабастан ошол эле саламаттыкты сактоо уюмдарынын медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана дары-дармектик камсыз кылуунун сапаты, коопсуздугу, жеткиликтүүлүгү үчүн жоопкерчилигин жана отчеттуулугун күчөтүү зарыл.

Суроо-талап менен сунуштун, калк менен жеке саламаттыкты сактоонун ортосунда, ошондой эле саламаттык сактоо менен башка аралаш тармактардын ортосундагы мүчүлүштүктөр четтетилет. Комплекстүү жана интегрирленген, медициналык кызмат көрсөтүүлөргө адамга багытталган мамиле калыптанышы керек.

Саламаттык сактоону, билим берүүнү, социалдык өнүктүрүүнү электрондук же санариптик өнүктүрүү боюнча чаралар жакырдануу тобокелдигисиз кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана коопсуздугуна, жеткиликтүүлүгүнө багытталышы керек. Саламаттык

сактоодо, билим берүүдө, социалдык өнүктүрүүдө өзгөрүүлөрдү башкаруунун ачык-айкындуулук, отчеттуулук, маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу принциптерине негизденген жаңы система түзүлөт.

Виртуалдуу чөйрөдө окутууну караган күнү-түнү жана жети күндүк режимде жеткиликтүү мобилдүү жекече окутуунун жаңы системасы киргизиле баштайт, алар онлайн курстары, лекциялар, социалдык симуляторлор, реалдуу турмуштук кырааладарда иш жүзүндө окутуу, менторлор жана коомдоштуктар менен корпортивдик билим берүү (күндүзгү жана онлайн), эмоционалдык жана чыгармачылык өз ара аракетти колдогон мейкиндиктер жана технологиялар. Окутуу академиялык предметтердин тегерегинде эмес, реалдуу турмуштук проблемаларды жана чакырыктарды чечүүнүн айланасында болот.

Экинчи этапта социалдык инфраструктураны башкаруудан жана финансылоодон саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн, социалдык коргоонун кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын, коопсуздугун, эффективдүүлүгүн башкарууга толук өтүү үчүн зарыл.

Мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду берүү менен мамлекет жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын формалдуу кепилдик кылууну токтотушу керек.  ЖОЖдорду атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн эл аралык рыногуна чыгаруу керек. ЖОЖдорду башкарууну борбордон ажыратуу, окутуунун формасын жана методдорун, билим берүүнүн мазмунун жана технологияларын тандоодо эркин ишмердүүлүк, инновациялык жана илимий мамилени экинчи этапта киргизүү маанилүү. ЖОЖдор инновациялардын жана жогорку технологиялардын булагы болушу керек. Технологиядагы билимдин трансферинин системасы түзүлөт.

Мамлекеттин, бизнестин жана башкалардын кыйла жөндөмдүү, таланттуу, шыктуу окуучуларга, жаш окумуштууларга, башкаруучуларга, педагогдорго, врачтарга инвестициялоонун өзүнчө программалары, механизмдери жана моделдери иштелип чыгат жана киргизилет..

Мамлекеттик бюджеттен каржылануучу «21 кылымдын кадрлары» сыяктуу  же өлкөлөр аралык макулдашуулардын алкагында чет өлкөдө студенттерди окутуу программалары мамлекеттик кызматчылардын жана алардын үй-бүлөлөрүн колдоонун социалдык чаралары болбошу керек.  Мындай программалар таланттуу,

шыктуу, мыктылардын мыктысын, окумуштууларды, менеджерлерди, инженерлерди, чет өлкөдө окутуунун, стажировкада өтүүнүн алкагында табигый-илимий адистиктердин окуучуларын колдойт. Мында алардын өлкөгө кайтуу механизмдери бул программаларды пландаштыруу этабында белгилениши керек. Атайын фонддорду, бизнести инвестициялоо моделдерин, өлкөнүн мыкты кадрларын колдоонун максаттуу субсидияларын кароо зарыл.

Адамдык ресурстар, илимий иштеп чыгуулардын жогорку сапаты, интеллектуалдык менчикти коргоонун жакшыртылган системасы жогорку илимий сыйымдуулуктагы технологияларды колдонгон чет өлкөлүк капиталды тартуу үчүн негизги фактор болууга тийиш.

Кыргызстан илимий сыйымдуулуктагы өндүрүшкө инвестициялоо үчүн жагымдуу өлкө болот. Илимий иштеп чыгууларды бизнес жана мамлекет тарабынан финансылоонун эффективдүү системасы түзүлүшү керек. Кыргыз илими инновациялардын, жогорку технологиялардын булагы болушу керек. Бардык деңгээлдердеги «илимдин жетекчилерин» дайыма жаңылоо зарыл, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды, академияны, институттарды, лабораторияларды жетектөө үчүн жаш, энергиясы бар, таланттуу, эл аралык таануу алган жана башкаруунун ийгиликтүү тажрыйбасы барларды тартуу системасы киргизилет.

Өлкөнүн өнүгүү бюджети адамдык капиталга инвестициялар менен байланыштуу болууга тийиш, ошондой эле чет өлкөлүк инвестицияларды жаңы жана жогорку, алдыңкы технологияларга жөнөтүү жана катуу жөнгө салуу керек.

Техникалык-экономикалык өнүгүү, жогорку технологиялык өндүрүш зоаналары, парктары, борборлору түзүлүшү керек. Илимий-изилдөө институттары илимий-өндүрүштүк бирикмелерге, башкаруунун жана финансылоонун өзгөртүлгөн системасы менен инновациялык компанияларга трансформацияланышы мүмкүн. Мамлекет преференцияларды, субвенцияларды, салыктык жеңилдиктерди түзүп, илимий, инновациялык иштеп чыгууларды. жаңы, жогорку, алдыңкы технологияларды финансылоо үчүн төмөнкү пайыздык кредиттерди бериши керек. Салыктан бошотулган кирешенин бөлүгүн инновацияларга колдонуу милдеттүү киргизилиши керек.

Өлкөнүн жартылыштык-климаттык, геосаясий шарттарын эске алуу менен медициналык, билим берүү, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо үчүн шарттарды жана механизмдерди түзүшү керек.

Кошумча билим алуу мүмкүнчүлүгү курагына карабастан кубатталат, дем берилет жана өнүгөт. Өзүн-өзү өстүрүү, бир нече кесипке же адистикке, билимдерге же көндүмдөргө ээ болуу аларды бир кесиптик жактан башкага же бир өлкөдөн убакытты жана ресурстарды минималдуу чыгымдоо менне башка өлкөгө алып чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Биздин адамдык капитал ички да, тышкы жогорку квалификациялуу эмгек рыногунда суроо-талап кылынып жана атаандаштыкка жөндөмдүү болууга тийиш.

Бул этапта пенсиялык системаны бардык түзүүчүлөрүн комплекстүү жана өз ара байланышта трансформацияда түзүүнү аяктоо зарыл. Пенсиялык системанын камсыздандыруу түзүүчүсүн ар кандай курактагы пенсионерлердин керектөөлөрүн эске алуу жана пенсияга ыктыярдуу кыйла кеч чыгууга дем берүү менен модернизациялоо өткөрүү маанилүү.. Пенсиялык системанын жана медико-социалдык жардам системасын өнүктүрүүнүн тыгыз байламтасы, өзгөчө «улуу» курактагы пенсионерлер (ММК системасынын же социалдык камсыздандыруунун алкагында) үчүн, мөөнөтүнөн мурда (жеңилдетилген) пенсиялык камсыз кылууну калыс реформалоо, пенсиялык системанын камсыздандыруу, топтоочу компонентинин эффективдүүлүгүн жана ишенимүүлүгүн жогорулатуу керек.

Камсыздандырылгандарды пенсиялык системага тартуу жана тиешелүүлүк механизмдери киргизилет, бул алардын аны финансылоодо кыйла актвидүү катышуусун камсыз кылат. Пенсиялык камсыздандыруу системасы эмгекке жарамдуу калк үчүн жагымдуу болушу керек. Эмгек рыногу жана пенсиялык камсыздандыруу пенсияга чыгууда татыктуу деңгээлде алмашуунун жеке коэффициентине жетишүүгө кепилдик бериши керек.

Үчүнчү этапта (2040-жылга чейин) өлкөнүн өнүгүү бюджети инфраструктуралык башкаруу менен гана эмес, адамдык потенциалды, билимдин экономикасын жана ден соолукту өнүктүрүүнүн негизинде түзүлүшү керек. Үчүнчү этаптын мүнөздүү өзгөрүүлөрү туроо технологиясын колдонуудан жогорку, инновациялык технологияларды өнүктүрүүдө өз алдынча новаторлукка өтүү болот.

Өнүгүү, ден соолук баалуулуктарына багыт алган адаамдын жашоо ыңгайы өзүнүн келечегине инвестициялоонун ыкмасы катары кеңири колдонулат.

Программаларды ишке ашыруунун натыйжаларынын көрсөткүчтөрү туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетишүүгө негизделет, ошондой эле инновациялык, алдыңкы илимий жетишкендиктерге жетүүнү, ЖОЖдордун эл аралык рейтингине кирүүсүн, экономиканын илимий сыйымдуу тармактарын кеңири өнүктүрүүнү карайт.

## 3.2. МАДАНИЯТТУУ КЫРГЫЗСТАН

**2040 көз карашы:** жарандуулук жана жарандык активдүүлүк, үй-бүлө институту, жакшы коңшулаштык салттары, жергиликтүү жана улуттук деңгээлде өз ара жардам жана волонтерлук, ресурстарды аярлуу жана акылга сыярлык башкаруу, курчап турган чөйрөгө сый-урмат менен мамиле кылуу, билим алууга умтулуу сыяктуу жүрүш-туруштун базалык ченемдерин бекитүүгө мүмкүнчүлүк берген прогрессивдүү баалуулуктарды, колдо бар маданий катмарды терең изилдөө, жеткиликтүү ачуу жана туруктуу илгерилетүү үчүн шарттар түзүлгөн.

Акыркы жылдары Кыргызстан улуттук жана маданий кайра жаралууга, улуттук маданиятты илгерилетүүгө багыт алды. 2014 жана 2016-жылдары өткөрүлгөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары көчмөн маданияты бар өлкөлөрдүн мурасына дүйнөлүк деңгээлде кызыгуунужаратты. . Маданий-тилдик жалпылыктын негизинде региондук консолидациялоо үчүн негизди түзгөн “Алтай цивилизациясы” Форуму сыяктуу эл аралык деңгээлдеги демилге ишке киргизилди. Тарыхты изилдөөлөр мамлекеттик деңгээлде колдоо алууда. 2014-жылы Кыргызстандын бүткүл эли жана көп тилдүү кыргызстандыктарды калыптандыруу үчүн бириктирүүчү фактор катары мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана кыргыз элинин жана жазуусунун саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы кабыл алынган жана ишке ашырылууда.

Кабыл алынган аракеттерге карабастан, жалпы улуттук баалуулуктарды жана маани-маңызды калыптандыруу жана аларды

натыйжалуу трансляциялоо, өлкөнүн тургундарынын жүрүш-туруш калыбына өлчөнүүчү таасири олуттуу чакырык бойдон калууда. Структуралык деңгээлде бул бөлүнгөн тилдик жана маданият мейкиндиктердин болушунун тарыхы, чабал маалыматтык өздүк жетишүүсү жана мамлекеттик коммуникациялардын начар өнүккөн функциясы менен шартталган. Жарандардын технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөөнүн көп түрдүү, бирок карама-каршылыктуу глобалдуу поп-маданияттын өнүгүүсү жана мамлекеттердин коомдук күн тартибин жана баалуулуктарын калыптандырууга эксклюзивдүү мандатынын жоготушунун дүйнөлүк тренди да маанилүү ролду ойнойт.

Ошол эле учурда билим берүү, маданий өнүктүрүү, илим, жалпыга маалымдоо каражаттарынын иштеп жаткан институттары Кыргызстандын элинин жана этносторунун колдо бар бай маданий-баалуулук мурастарына негизденген жалпы жарандык баалуулук багыттарын биргелешип иштеп чыгуу жана жайылтуу милдетин аткара албай жатышат. Өлкөнүн калкынын жүрүш-турушуна таасир тийгизген элдин көп кылымдык салтынан, салттуу адеп-ахлактык эрежелерден жана тарыхый мурастан алынуучу билдирүүлөрдүн жана маани-маңыздын жетишсиздиги өзгөчө байкалып турат. Бул багыт боюнча учурдагы иште жыйынтыктоочу материалдын сапатын камсыз кылуунун, иштелип чыккан билдирүүлөрдү тестирлөөнүн, ар кандай максаттуу топтор үчүн сегментациялоонун, натыйжалуу каналдарды жана шаймандары иргөөнүн базалык принциптери жок.

Кыргызстандын бардык негизги тилдеринде жана бардык курактык топтордо ар кандай форматтагы баалуулук мазмуну бар жалпыга жеткиликтүү билдирүүлөр иштелип чыккан жана жаңыланып турат. Маалыматтык жана маданий мейкиндикте жалпы улуттук маани-маңызды биргелешип иштеп чыгып жаткан платформанын, каналдардын жана вариациялардын кеңири тандоо мүмкүнчүлүгү бар. Коом өзү кийинки муун үчүн тарбия-таалим адеп багытын генерациялоочу жана өткөрүп берүүчү, өлкөнүн жалпылыгын күчөтүүчү жана уникалдуу маданий өзгөчөлүгүн баса белгилеген активдүү катышуучу болуп саналат. Башкаруучулук, бизнес-чыгармачылык жана интеллектуалдык элита баалуулуктарга жана ага байланышкан адеп багыттарынын сакталышына терең сый-урматтоонун үлгүсүн көрсөтөт.

Баалуулук багыттары улуттук деңгээлде колдоого алынат, бүткүл мамлекеттик саясаттын кыйыр мазмуну катары киргизилген жана билим берүү секторунун же маданият ведомствосунун гана укугу эмес. Коомдун жана мамлекеттин кызыкдар тараптарынын зарыл диалогу, баалуулук мазмуну туруктуу өнүктүрүү максатында колдоого алынат. Натыйжада инсандын, жакынкы курчоосунун, өлкөлүк жамааттын жүрүш-турушуна өлчөнүүчү таасири байкалат, ал коомдун күн тартибин түзүүдө, активдүү жарандуулукта, баалуулуктарды берүүгө жана илгерилетүүгө көмөк көрсөтүүгө катышуусунун өсүшү аркылуу билдирилет.

Чыгармачылык жана илимий-интеллектуалдык элитанын авангардын тартуу жана кеңири консультациялык процесс менен коомдун баалуулук негиздерин болушунча тез инвентаризациялоо, баалоо жана бөлүп көрсөтүү талап кылынат. Мындай иштин жыйынтыктары мамлекеттик коммуникациялардын багыттары, медиамейкиндикти, билим берүү институтун жана өнүктүрүү саясаты боюнча иштин мазмунун, ыкмаларын жана шаймандарын маалымдоо боюнча практикалык нукка түшүшү керек.

Баалуулук мазмунун калыптандырууга мамлекеттик буюртма ЖОЖдордун жана Илимдер академиясынын катышуусунда кеңейтилиши керек, ал эми аны ишке ашыруу конкурстук негизде кыйла потенциалы бар чыгармачылык топторго ишенип берилиши мүмкүн.

Өлкөнүн ар бир региону үчүн маданий инфраструктураны өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгууну тездетүү зарыл. Кийинки кадам өлкөнүн тарыхый, археологиялык жана табигый кооз жерлерине колдонулуучу баалуулук коштоону камсыз кылуу зарыл.

Жаштар чөйрөсүндө баалуулук багыттарынын артыкчылыктарын жана бөтөн пропагандалоо жана бузуку идеологиялардын коркунучтарына биргелешип каршы турууга жаштардын кыйла активдүү катмарын, анын ичинде маалыматтык жана медиалык сабаттуулукту илгерилетүү аркылуу тартууну эске алуу менен жаштарды өнүктүрүүнүн толук баалуу саясатын бекитүү жана камсыз кылуу зарыл.

## 3.3. СВЕТТИК ӨЛКӨДӨ ДИНИЙ КӨП ТҮРДҮҮЛҮК

**2040 көз карашы:** Кыргыз Республикасы – светтик өлкө, анда мамлекеттик органдардын жана диний уюмдардын, жамааттардын жана лидерлердин кызматташуусунун форматы жарандардын дин таануу жана дин тутуу эркиндигин толук көлөмдө ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Эгемендүүлүк жылдары мамлекет жарандардын укуктарын ишке ашырууга жана өз диний таандыктыгын эркин аныктоосуна багытталган бир катар чараларды кабыл алды. Диний уюмдар үчүн культтук, социалдык, өндүрүштүк-чарбалык ишти ишке ашырууда зарыл шарттар түзүлгөн. 2017-жылы өлкөдө 3041 диний уюм жана диний дайындалыштагы обьект катталган, алардын ичинен: исламдык – 2643, христиандык – 384, башка – 14.

«2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясын” ишке ашыруу менен диний чөйрөдө мамлекеттик жөнгө салууга ыкма өзгөрдү.

Мамлекеттин светтик мүнөзүнө негизденген мамлекеттик-конфессиалык кызматташуусунун оптималдуу модели изделүүдө. Дин таануу жана диний билим берүү системасын реформалоо башталды. Орто билим берүү окуу жайларынын окутуу программаларына «Диний маданияттын негизи» сабагы киргизилүүдө. Диний ишмерлердин потенциалын жогорулатуу, кубаттоо жана колдоо системасы түзүлдү.

Акыркы жылдары диний фактордун саясатташуу тенденциясы байкалууда. Эң жаңы маалыматтык технологияларды радикалдардын колдонушу алардын тарапкерлерди мобилизациялоо процессин жеңилдетет. Тышкы чакырыктардын таасири астында диний сабырдуулук коркунуч астында калууда, өздүк баалуулуктар бөтөн түшүнүктөр жана жүрүш-туруш ченемдери менен сүрүлүүдө, бул Борбордук Азия регионундагы кылымдар бою калыптанган диний этиканы деформациялоодо.

Бул шарттарда диний бирикмелердин жана культ кызматчыларынын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине кийлигишүү аракеттерине бөгөт коюу зарыл. Мында улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын

саламаттыгын жана адеп-ахлактуулугун коргоо максатында адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери мыйзам менен гана чектелиши мүмкүн.

Мамлекеттик саясаттын маанилүү артыкчылыгы Кыргызстан элинин маданий өз алдынчалуулугун сактоо болушу керек.

Диндин мамлекеттеги жана бүткүл дүйнөдөгү коомдогу ролу курч дискуссиялардын предмети болуп кала берээрин эске алсак, мамлекеттик саясаттын мазмундуу түзүүчүсүн мындан ары да жеткире иштеп чыгуу зарылчылыгы бар. Бул үчүн акыркы изилдөөлөрдүн маалыматтары жана мамлекеттик органдар, дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнүн коомдук уюмдары иштеп чыккан мыкты практика менен туруктуу алмашуу зарыл. Бул милдетти «Ислам азыркы светтик мамлекетте» эл аралык конференциясында түзүлгөн туруктуу аракеттеги аянтча аткарууга чакырылган.

**Максат:** Өлкөнүн светтик мүнөзүн бекемдөө, улуттук өз алдынчалуулукту, диний сабырдуулукту жана динге мамилесине карабастан жарандардын өз ара сый-урмат мамилесин сактоо.

Бул максатка жетишүү төмөнкү милдеттерди чечүүнү талап кылат**:**

- диний чөйрөнү мыйзамдык жөнгө салууну, ишмердүүлүгү диний чөйрө менен байланыштуу бардык мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү механизмдерин өркүндөтүү;
- диний маселелер жана бардык деңгээлдерде дин таануу билим берүүсүнүн сапаты боюнча калктын кеңири катмарынын маалымдарлык деңгээлин жогорулатуу;
- диний билим берүү системасын оптималдаштыруу, диний окуу жайларын милдеттүү сертификациялоону киргизүү;
- диний лидерлердин, ишмерлердин жана уюмдардын позитивдүү кызматташуу практикасын кеңейтүү, аларды социалдык аялуу топтун муктаждыктарына жана дин тутунгандардын суроо-талабына багыттоо;
- Бишкек шаарындагы ислам изилдөөлөр борборуна маданий, гуманитардык уюмдардын өкүлдөрүн, өнүгүү программаларын тартуу менен комплекстүү илимий изилдөөлөрдү өткөрүүдө ар тараптуу көмөк көрсөтүү;

- Региондук жана эл аралык кызматташуу аркылуу радикалдашуууга жана экстремизмге каршы туруу, анын ичинде «Ислам азыркы светтик мамлекетте» ар жылдык конференциянын форматында кызматташуу.

## 3.4. АЛТАЙ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ЭЛДЕРИНИН ФОРУМУ

**2040 көз карашы:** Жалпы алтай түп-тамыры бар элдердин ортосунда илимий-агартуучулук жана маданий алмашуу, заманбап формата өнүгүүдө жана эл аралык кызматташуунун бекем гуманитардык негизин түзөт.

Азыркы геосаясий реалийлер, анын көп сандагы өлчөөлөрү менен ааaламдашуу Евразиялык интеграциялануу процессинин гуманитардык түзүүчүсүнүн алкагында кызматташууга жогорку көңүл буруууну талап кылат. Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык бирликке кирүүсү жарандардын кабылдоосунда жана күтүүлөрүндө көп учурда саясий жана экономикалык өлчөөдө чагылдырылган. Гуманитардык түзүүчүнү бекемдөө региондо ишке ашырылып жаткан билим берүү, илимий жана маданий долбоорлорго колдонуудагы методологиялык ыкмаларды кайра карап чыгууну талап кылат.

Бул региондун тарыхын жалпы алтай тарыхый-маданий жаңы ракурста кароо Түштүк жана Чыгыш Сибирдин, Уралдын, Волга боюнун жана Борбордук Азиянын элдеринин байланышын жаңы геосаясий реалийлерде интеграциялануунун негизи катары бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Бул долбоорду ишке ашыруу кыргыз окумуштууларына кыргыз этносунун этногенези жана тарыхый өнүгүү этаптары, анын Түштүк Сибирдин, Алтайдын, Түндүк-Батыш Монголиянын элдеринин өз ара байланышы боюнча изилдөөлөрдү өткөрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алууга көмөк болоору маанилүү.

Кыргыз окумуштууларынын, коомдук ишмерлердин, көркөм өнөр чеберлеринин жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн кесиптештери менен мурда иштелген байланыштарын бекемдөө зарыл. Кең евразия мейкиндигинин алтаист-окумуштууларынын, лингвисттердин, чыгыш таануучуларынын күч-аракеттерин бириктирүү алтай цивилизациясын биргелешип изилдөө жана жайылтуу үчүн тектеш элдердин тарыхын жана тилдерин байытууга чакырылган.

«Алтай цивилизациясы жана алтай тил бүлөсүнүн тектеш элдери» Форумун 2017-жылы өткөрүү жана анын катышуучулары кабыл алган Декларация өз ара аракеттенүүнүн жана кызматташуунун жаңы этабына негиз түптөдү. .

**Максат:**Цивилизациялардын жана маданияттардын глобалдуу диалогунун бөлүгү катары алтай цивилизациясынын мурасын сактоо жана өнүктүрүү максаттарында гуманитардык байланыштарды бекемдөө

Программаны ишке ашыруунун натыйжасында төмөнкү милдеттер **чечилет:**

- комплекстүү узак мөөнөттүү илимий изилдөөлөрдү өткөрүү, илимий жана билим берүүчүлүк байланыштарды кеңейтүү боюнча өз ара аракеттенүүнүнүн салттуу жана долбоорлордун жаңы форматын кайра жандандыруу;
- тилдерди жана өз алдынчалуу маданияттарды сактоо жана өнүктүрүү максатында алтай тил бүлөсүнүн элдеринин материалдык жана материалдык эмес маданиятынын мурасын сактоо жана популярдаштыруу жагында кызматташуу;
- «Алтай цивилизациясы» тарыхый-маданий борборун түзүү жана Бишкек шаарында «Алтай цивилизациясын изилдөө институту» эл аралык илимий-изилдөө борборун уюштуруу боюнча демилгелерди колдоо.

# 4. КООПСУЗДУК

---

**2040 көз карашы:**Кыргызстан – светтик, көп конфессиалдуу өлкө, ал бирдиктүү улутту курууда уникалдуу жана көрсөтмөлүү өлкө, Кыргыз Республикасында ар бир адам өзүн прогрессивдүү жана стабилдүү өлкөнүн бөлүгү деп эсептейт, ал толеранттуу жана өлкөнүн азыркы чакырыктарына көнүктүрүлгөн, өзүн тынчыкта жана коопсуздукта сезет, анын укуктары жана эркиндиктери дайыма камсыз кылынат, экологиялык жана климаттык өзгөрүүлөргө көнүктүрүү боюна чаралар дайыма көрүлөт.

---

Коопсуздук кандай болбосун аймактын, мейкиндиктин (мамлекеттин) калыптануусунун, сакталышынын жана өнүгүүсүнүн базалык жана маанилүү элементтеринин бири болуп саналат Коопсуздукту камсыз кыла албаган мамлекеттин өнүгүү келечеги жок. Мына ошентип коопсуздук – бул коомдун абалынын жана анын байырлоо чөйрөсүнүн көрсөткүчү, бузуучу факторлордун таасирин көтөрүү жана өзгөрүлмөлүү шарттарга адаптациялануу жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Коопсуз мамлекеттин модели – бул адамдын жашоо-турмушу үчүн комфорттуу чөйрөсү бар аймак, тышкы жана ички бузуку күчтөргө туруктуу жана келип чыгуучу тобокелдиктерди жана коркунучтарды эртелеп алдын алуу принциптерине негизденет. Жалпысынан коопсуз өлкө коомдун жеке коргоолусун гана эмес, ошондой эле анын стабилдүү социалдык-экономиалык өнүгүүсүн камсыз кылат жана кепилдик берет.

## 4.1. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТЫ

Коомдун жана региондун ичинде тынчтыкты жана тартипти адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, демократияны жана өлкөдөгү мыйзамдуулукту, региондук жана ички тынчтыкты жана туруктуулукту, элдин биримдигин чыңдоону, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу аркылуу сактоо.




## 4.2. КООПСУЗДУК

**2040 көз карашы:**Мамлекет өлкөнүн ар бир тургунунун коопсуздугун жана анын аймактык бүтүндүгүн камсыз кылат, террористтик коркунучтардын ыктымалдуулугун төмөндөтөт, улуттун кызыкчылыгында технологиялык, эл аралык жана башка чакырыктарга өз учурунда жооп берет. Коопсуздук саясатынын экономикалык, тышкы саясат, ошондой эле жашоо үчүн коопсуз өлкө катары Кыргызстандын өнүгүүсү үчүн билим берүү саясатын координациялоо, ошондой эле инвестициялар жана бизнести жүргүзүү үчүн маанилүү.

**Ички коопсуздук**. Ички коопсуздукту камсыз кылууда өлкөнүн жарандарынын руханий өнүгүүсү, интеллектуалдык потенциалы жана персоналдуу өсүшү үчүн маанилүү. Жарандын коопсуздукту камсыз кылууда кошо катыштыгы, анын так билдирилген жарандык активдүүлүгү индивиддин туруктуу өзүн-өзү өнүгүүсү, жана анын коомдук баалуулуктарды жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоого умтулуусу үчүн пайдубалы болууга тийиш. Коом мамлекеттин ички коопсуздугун мындай укуктук мамилелерди коомдун өзүндө да, ошондой эле мамлекеттин жана коомдун институттарынын ортосунда да өзүн-өзү уюштуруу аркылуу камсыз кылат. Бул шарттарда мамлекеттин ролу ички коопсуздукту башкаруу системасын технологияларды пайдалануу жана анын камсыз кылуу институттарын жана тийиштүү чөйрөнү түзүү аркылуу иштеп чыгууга топтолот.

**Аскердик коопсуздук.** Башкаруу, уюштуруу жаан аскердик-техникалык жабдуу системасы Кыргыз Республикасына карата тышкы агрессиянын тобокелдиктерин минималдаштырууга кепилдик бериши керек. Бул максатка жетишүү аскердик уюмду куруу маселелерин чечүүгө илимий негизделген, бирдиктүү системалык көз караштарды жана комплекстүү мамилени иштеп чыгуу, ошондой эле кесипкөй, мобилдүү жана жогорку технологиялуу армияны түзүү менен жетишилет.

**Чек ара коопсуздугу** Кыргыз РеспубликасынынМамлекеттикчек арасынын бузулбастыгы чек арага жакын райондордун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу күчтөрүнүн функциялык милдеттерди аткаруунун көбүнчө укук коргоочулук ыкмасына бир эле маалда оперативдүү жана иштин маалыматтык-талдоо ыкмаларын киргизүү менен өтүү аркылуу камсыз кылынышы керек.

Негизги аспект бажы, чек аралык контролдон өтүү процессине санариптик жана башка технологиялык ыкмаларды киргизүү жана бизнестин чыгымдарын азайтуу, ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугу жана оптималдуулугу үчүн «жашыл чек ара» коргоону уюштуруу болуп саналат.

Коомдук коопсуздук коомдо мыйзамдын аброюн жана инсанды кандай болбосун укукка жат кол салуулардан корголуу сезимин камсыз кылат, ошондой эле адамдынконституциялык укуктарын жана эркиндиктерин тоскоолдуксуз ишке ашырууга толук мүмкүнчүлүк берет.

Укук коргоо органдарын техникалык модернизациялоо, алардын ишинин эффективдүүлүгүнүн негизги индикатору катары калктын ишеним деңгээлин аныктоо, укук тартибинин күчтөрүн саясаттан ажыратуу жана демилитаризациялоо, жаза берүү жагынан алдын-алуу жана превенциялардын туруктуу режимине которуу, укук коргоочулардын коомдук жана социалдык процесстердин өтүшүн мыйзамдуу нукка моделдөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү артыкчылыктуу болуп саналат.

**Маалыматтык коопсуздук** массалык маалымат каналдары этностук ажырымды, диний экстремизди, терроризмди, коомдогу сабырсыздыкты себүүгө жөндөмдүү маалыматты таркатуу

предметине мамлекеттик жөнгө салууну камсыз кылат. Жалпыга маалымдоо каражаттары адамдын кадырын сыйлоого, саясий плюрализмди, геосаясий маселелерде нейтралитет болуп, Кыргызстандын коомчулугун инклюзивдүү консолидациялоо максатында билим берүү материалынын үлүшүн көбөйтүшү керек. .

Ага параллель келип чыккан киберкоркунучтарга жана кибеинциденттерге жооп кайтаруу системасы оптималдаштырылат, мамлекеттик сектордо маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын коопсуздугун башкаруу үчүн ченемдик эрежелер жана стандарттар иштелип чыгат, критикалык маалыматтык инфраструктураны коргоо боюнча чаралар ишке ашырылат.

**Экономикалык коопсуздук** соода-экономикалык байланыштардын диверсификациясы, тышкы факторлордун өлкөнүн экономикасына таасирин чектөө, тышкы карыз алуулардан ички жана тышкы инвестицияларга өтүү менен өзүн-өзү камсыздоо принцибин ишке ашыруу аркылуу түзүлөт.

Мамлекеттин аймактык экономикалык бүтүндүгүн эске алуу менен өлкөдө урбанизациялоо процессин минималдаштыруу аркылуу региондорду бир кылка өнүктүрүү жетишилет.

**Социалдык коопсуздук** коомдук процесстерди салттуу эмес көз караштардын жана баалуулуктардын капташынан коргоодо жана социалдык чыр-чатактарды келип чыгышына каршы туруудa турат.

Мамлекет тарабынан маданий баалуулуктарды коргоо жана натыйжалуу этностор аралык интеграциялануууну камсыз кылынат. Өздүк, башкаруучулук элитанын жана атамекендик интеллигенцияны өстүрүү, Кыргызстандын элинин мыкты салттарын жаан каадасын сактоо, өз алдынчалуулугу жана тарыхый-маданий баалуулуктары жана алардын чет өлкөдө илгерилетүү (анын ичинде диний радикализмден жана маданий экспансиядан коргоо) үчүн шарттар түзүлгөн.

**Экологиялык коопсуздук** жаратылыштык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, флоранын жана фаунанын кайра калыбына келүү процессин камсыз кылуу чараларын ишке ашыруу аркылуу жетишилет.

Мында суу ресурстарынын үстүнөн көз карандысыздыкты калыбына келтирүү, сууну максатка ылайыктуу жана натыйжалуу колдонуу, калдыктарды сактоочу жайлардын коопсуздугун камсыз кылуу

боюнча узак мөөнөттүү стратегия, өлкөнүн жашоо-турмушунун бардык тармактарына эл аралык экологиялык стандарттарды киргизүү, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн сактоо жана калыбына келтирүү боюнча өзүнчө мамлекеттик програманы иштеп чыгуу негизги артыкчылык болуп саналат.

**Энергетикалык коопсуздук –** керектөөлөрдүн өсүшүн (анын ичинде индустриализация деңгээлин жогорулатуу) эске алуу менен электр энергиясы менен кепилденген камсыз кылууну билдирген энергетикалык инфраструктураны өнүктүрүү.

**Диний коопсуздук** социалдык корголуунун (анын ичинде диний), билим берүүнүн, жакырлардын жана муктаждардын санынын төмөндөшү, чыгармачылык кесиптик потенциалды ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн болушу, үй-бүлөнүн жана мамлекеттик билим берүү мекемелеринин биздин өлкөгө бөтөн таасирлерге туруууга жөндөмдүү жаранды калыптандырууда ролунун күчөшү менен камсыз кылынат.

Келечекте коомдун өсүп жаткан динчилдигин эске алып, кыргыздардын баалуулуктарын жана маданиятын четке какпаган жана билим берүүгө жана инсандын өнүгүшүнө модернизм, телеранттуулук, прогрессивдүү мамиле менен айырмаланган исламдын кыргыз моделин иштеп чыгуу маанилүү. Башкасынан сырткары, бул модель: а) аялдардын бирдей укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылат; б) дин үгүттөөчү, миссионердик дин болбошу керек; с) кыргыздардын салттуу маданиятын жана келбетин түрлүк өзгөртүүгө жөндөмдүү атрибутикасы болбошу керек. Улутту сактоо үчүн адамдын улуттук окшоштугу анын диний окшоштугуна таянышы керек.

## 4.3.ЭКОЛОГИЯЛЫККООПСУЗДУК ЖАНАКЛИМАТТЫНӨЗГӨРҮҮЛӨРҮНӨ АДАПТАЦИЯЛАНУУ

**2040 көз карашы:**Кыргызстандынжаратылыш ресурстары жана биосферасы–элдин сейрек кездешүүчү жана уникалдуу байлыгы, ага ылайык, экологиялуулук өлкөнү өнүктүрүү боюнча көрүлгөн бардык чаралардын жана саясаттын негизги критерийи болууга тийиш.

Илгертен бери тоолуу шарттарда жашап, көчмөн турмушту башынан кечирүү менен кыргыздаржаратылышка терең көңүл буруп, сезгичтик менен мамиле кылып, бузулушу алардын өмүрүнө турган экологиялык балансты так сактап келген. Кыргыз коомчулугунун жаратылыштык табияты, адамдын жаратылыш менен ажыргыс байланышы турак үйүнүн ташууга ыңгайлуулугунда (боз үй), жашоо-турмушунун жөнөкөйлүгүндө, кийимдеринин ыңгайлуулугунда көрүнүп турган. Индустриализациялоо жылдарында көп жагынан жаратылыш менен байланыш үзүлүп калган, ошондуктан өлкөнүнгеографиялык өзгөчөлүгүн, суу, жер, токой ресурстарынын жана өлкөнүн биоартүрдүүлүгүн этап-этабы менен үйрөнүү керек. Бирок 1990-жылдарда Кыргызстан толук баалуу табигый экосистемалардын 60% катышы сакталып калган Борбордук Азиядагы жалгыз өлкө болгон жана 40% антропогендик жана бузулган (Шукуров, 2017). Бардык аянттын 60% ээлеген жана өлкөнүн продуктивдүү аянтынын 80% ээлеген табигый экосистемалардын 10 классыэсептелген. Азыркы учурда толук баалуу табигый экосистемалар бардык аянттын 3-4% жана өлкөнүн продуктивдүү аянтынын 6% ээлейт. Демек, Кыргызстанда азыркы учурда туруктуу өнүгүүнүн жаратылыштык негиздери жоголгон жана негизги милдет болуптабигый экосистемаларды калыбына келтирүү эсептелет. Мындан тышкары, глобалдуу жылуу болуу процесси башталгандыгын эске алып, мөңгүлөрдүн эриши, кургакчылыкты болтурбоо, айыл чарбасында климаттын өзгөрүүлөрүнө адаптация болуу маселелерине абсолюттуу артыкчылык берүү керек. Бүткүл дүйнөлүк банктын маалыматтары боюнча Борбордук Азиянын өлкөлөрү мөңгүлөрдүн көлөмүнүн азаюусунун олуттуулугу боюнча

дүйнөдөгү экинчи регион болуп саналат, алсак, Кыргыз Республикасында Тынь-Шань мөңгүлөрүнүн азаюусунун эсебинен (Бүткүл дүйнөлүк банк, 2014). Жер казынасын пайдалануу, айыл чарбасы чөйрөсүндө экономикалык иштин таасири, аңчылык, браконьерлик, курчап турган чөйрөнү булгоо, экологиялык жоопкерчиилктин жоктугу кайра кайтарылбас жагдайга алып келиши мүмкүн. Бул факторлордун жыйынтыгында экологиялык катастрофаны пайда кылат, ал экосистемалардын деградациясына, суу ресурстарынын сапатынын жана камсыз болуунун начарлашынаалып келиши мүмкүн.

Бул шарттарда азыркы кезде өлкөнүн аймагынын 5,6% гана түзгөн токой массивдерин көбөйтүү, мөңгүлөрдүн эришин болтурбого же жайлатууга мүмкүндүк бермек. Мөңгүлөрдү сактоо программасы мөңгүлөр зонасындагы, ошондой эле калк пайдаланбаган тоолуу жерлердеги токойлорду калыбына келтирүүгө шарт түзүүгө тийиш. Ошондой эле флоранын жана фаунанын сейрек кездешүүчү негизги түлөрүнүн, анын ичинде ак илбирстин санын жана ареалын сактоого жана калыбына келтирүүгө, ошондой эле эл аралык ченемдерге жана талаптарга ылайык коммерциялык аңчылык жана балык уулоону кыскартууга багытталган биотүрдүүлүктү коргоо жана көбөйтүүнүн Улуттук стратегиясы кабыл алынат.

Көмүр кычкыл газын чыгарууну жана алардын мөңгүлөргө терс таасирин мындан ары төмөндөтүү максатында энергиянын кайра орду толуучу булактарын же инновациялык принциптерде иштеген техниканы импорттоо жана эксплуатациялоо өбөлгөлөнөт.

Илимге, эл аралык тажрыйбага жана тиешелүү техникалык ченемдерге жана эрежелерге, ошондой эле туруктуу өнүгүүнүн критерийлерине жана индикаторлоруна таянуу менен модернизациялоого багытталган курчап турган чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик институттарды реформалоо улантылат. Заманбап технологиялар, анын ичинде маалыматтарды жана географиялык маалымат системасын компьютерлештирүү курчап турган чөйрөнү коргоо жаатына киргизилет.

Суу ресурстарына социалдык-экономикалык басым кылууну төмөндөтүү максатында сугатта, техникалык жактан жана ичүү үчүн пайдаланууда сууну салыштырма пайдаланууну азайтууну жана суунун коромжу болушун жана эсепке алынбаган чыгымдарын төмөндөтүүнү камсыз кылган сууну үнөмдөөчү заманбап

технологиялар жана өндүрүштүк процесстер киргизилет. Жүгүртүү жана кайталап суу менен жабдуу системасы өнүгөт.

Таштандыларды туруктуу башкаруу саясаты алардын пайда болуусун алдын алуу, кыскартуу, кайра иштетүү жана кайта колдонуу боюнча чараларды көрүү менен таштандылардын көлөмүн кыскартууга багытталат. Мындан тышкары радиоактивдүү таштандыларды жана кайра иштетүүнү кошкондо металлургиялык өнөр жайдын таштандыларын сактоочу жайлардын потенциалдуу коопсуздугун жоюу боюнча иш чаралар жүргүзүлөт.

Жаратылыш ресурстарын өнүктүрүү жана сактоо, курчап турган чөйрөгө зыянын азайтуу максатында бизнестин өндүрүштүн жана курулуштун «жашыл» технологиясына өтүүсү өбөлгөлөнөт. Ар бир тармактын (курулуш, энергетика, кызмат көрсөтүү чөйрөсү и др.). өзүнүн стандарттары менен өзүнчө бирдиктүү «Эко»мамлекеттик сертификаты иштелип чыгат. Сертификат салыктагы жеңилдиктерди жана экологиялык достук ишкерликке дем берүүнүн башка түрлөрүн карайт.

Өлкөнүн айдоо жерлеринин чектелүүсүн жана деградациясын, ошондой эле дүйнөлүк рыноктогу салыштырмалуу артыкчылыкты эске алуу менен органикалык айыл чарбасы Кыргызстандын стратегиялык тармагы болот жана деградацияланган айдоо жерлеринин, жайыттардын регенерациялоого, токой экосистемаларын калыбына келтирүүгө шарт түзөт, ошондой эле Кыргызстанга айыл чарбасынын дүйнөлүк рыногунда ордун табуусуна жардам берет. Бул максатта органикалык айыл чарбасын 2022-жылдарга чейин өнүктүрүү боюнча улуттук программа иштелип чыгат жана кабыл алынат, ал фермерлерге сертификациялоо, маалымдоо, салык жеңилдиктери, техникалык жардам жана тышкы рынокто продукцияны илгерилетүү менен өтүүсүнө дем берет.

Кен байлыктар тууралуу кодекске курчап турган чөйрөнү коргоонун төмөнкү концептуалдуу принциптери жана ыкмаларынын тамырлануусу максатында өзгөтүүлөр киргизилет:

- табигый экосистемалар зонасында пайдалуу кен байлыктарды казып алууну минималдаштыруу;
- жер казынасын пайдалануу процессинде экологиялык тобокелдиктерди камсыздандыруу,

- тоо кен өнөр жайынын ишканаларынын ишинин финансылык ачык айкындыгын камсыздоо;
- тоо кен ишканасынын жергиликтүү коомдун жана жаратыыш чөйрөсүн калыбына келтирүүгө салымы боюнча милдеттүү талаптарды киргизүү;
- тоо кен үчүн өздөштүрүүгө жол берилбеген негизги зоналарды жана жаратылыш объектерин аныктоо;
- кен чыгуучу жердин айланасындагы так санитардык коргоо зонасын белгилөө.

## 5.ӨНҮГҮҮНҮ БАШКАРУУ

### 5.1.БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫН ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮГҮҮ ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ТУЗҮҮ

Өлкөнү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнүн өзүн аныктаган негизги факторлор башкаруу системасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүндө жана бул системанын чоң, анын ичинде өлкөлүк социалдык долбоорлорду/программаларды иштеп чыгууга жөндөмдүүлүгүндө жатат. Башкаруу системасын трансформациялообузулган элементтерди оңдоо аркылуу жүргүзүлөт, өзгөчө өнүгүүнү башкаруу функцияларын түзүү аркылуу маанилүү.

**Өнүгүүнү башкаруунун жаңы системасы.**

Стратегиялоо улуттук мейкиндигин калыбына келтирүү башкарууга катышы жок жүздөгөн стратегиялык документтерди тазалоодон башталат. Ошондуктан Стратегия 2040 чейин кабыл алынган бардык документтер (программаларжана стратегиялар) жок кылынды (анык эмес деп таанылды ).

Ошондой эле стратегиялоо чөйрөсүн демонополизациялоо керек. Бул үчүн бардыккатышууну каалагандар үчүн мүмкүндүк берилет. Мындан тышкары, процесстин катышуучуларынын активдүүлүгүн жана субъекттүүлүгүн жогорулатуунун, алар процесстерге өздөрүнүн жеке программалары\долбоорлору жана ресурстары менен катышуунун мотивациялык механизмдери иштелип чыкты. Мамлекет стратегиялоонун интеллектуалдык продукттарына туруктуу суроо-талапты уюштурат.

Стратегиялоонун көп субъектүү талаасын уюштуруу үчүн жеке баарлашуу тармагы түзүлгөн. Тийиштүү Жоболор менен мыйзамдаштырылган жана өз ара аракеттенүү учурлары макулдашылган Протоколдор менен түзүлгөн байланыштар. Талкуулоо предмети, жыйынтыктарды белгилөөнүн эрежелери жана ыкмалары аныкталды.

Таза Коомресурсунун базасында «Өнүгүүнү башкаруу жана келечекти башкаруу улуттук тармагы» социалдык тармагы тузүлгөн жана иштейт.Тармак Кыргызстандын тарыхый кыймылынын Максаттары, Маңыздары, Келечеги жана мындай кыймылды жүзөгө ашыруу боюнча принципиалдуу мамилелердин маселелери боюнча,

анын ичинде Улуттук программалардын коомдук дискуссиялык жана макулдук аянтчасы катары иш алып барат. Тармактын түйүндөрү болуп Университеттер, Секторалдык жана Кесиптик коомдоштук, кызыкчылыктар боюнча коомчулуктар, аймактык жана башка Жарандык активисттер, Бизнес-ассоциациялар, Коомдук кыймылдар, Партиялар жана башкалар эсептелет. Ошондой эле бардык жарандар жана уюмдар тармактын материалдарын талкуулоого катыша алат.

Кыргыз Республикасынын стратегиялык документтерди даярдоонун жана кабыл алуунун, ошондой эле аны бюджеттик процесс менен байланыштыруунун тартибин, катышуучуларын, документтердин форматын, бирдиктүү регламентти иштеп чыгууну жана бекитүүнү жөнгө салган Мыйзам кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Регламенттерине стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана аларды бюджеттик процесстер менен байланыштыруу жаатында өзгөртүүлөр киргизилди.

ЖМКда ишке ашырууга кабыл алынган программаларды жана стратегияларды талкуулоо баскычында чагылдыруу жана ишке ашыруу баскычында колдоо көрсөтүү боюнча маалыматтык кампания уюштурулду.

Программаларга жана стратегияларга мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы киргизилген. Коомдук жана кесиптик да баалоонун жыйынтыктары сөзсүз түрдө ачык жарыялануууга жана кызыкдар тараптын талкуулоо предмети болууга тийиш. Баалоонун жыйынтыгы боюнча өнүктүрүү программасын оңдоо боюнча чечим кабыл алынат. Мамлекеттик органдын жана анын жетекчилеринин өнүгүү программасын ишке ашыруунун жыйынтыктары менен түздөн түз байланышкан ишин баалоо. Бул максатта зарыл ЧУА кабыл алынган жана финансы ресурстары каралган.

**Өнүгүүнүн башкаруу институттары.**

25 жылдык реформа көрсөткөндөй, ошол эле институттарда күнүмдүк оперативдүү башкаруунунфункцияларынжана өнүктүрүү функцияларын айкалыштыруу биринчилердин дисфункцияларына жана экинчилердин кудуретсиздигине гана алып келди. Ошондуктан долбоорлоо, андан соң өнүгүүнү башкаруунун атайынинституттарын түзүү керек.

Жаңы негиздерде **Туруктуу өнүгүү боюнча улуттук кеңешкайра түзүлөт(ТӨУК).**Кеңештин статусу «Стратегиялык башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган. ТӨУК Кыргызстандын тарыхый кыймылынын Максаттары, Маңыздары, Келечектери жана мындай кыймылды жүзөгө ашыруу боюнча принципиалдуу мамилелердин маселелери боюнча, анын ичинде Улуттук программаларды иштеп чыгат. ТӨУК өнүгүүнү башкаруу жана келечекти башкаруу өлкөлүк системасында негизги түйүндү калыптандырат.

Улуттук программаларды ишке ашыруу үчүн атайын Дирекциялар түзүлгөн. Программанын долбоорлук жана сметалыкдокументинин зарыл топтомун иштеп чыгуу киргизилген. Дирекцияларавтономдуу түрдө программаны ишке ашыруу мөнөөтүндө иштейт жана андан кийин жоюлат.

## 5.2.СТРАТЕГИЯЛООНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Билбестик, белгисиздик, татаал, көп факторлуу динамикалык системаларда өзгөрмөлүүлүк менен иштөө технологиясына негизделген стратегиялоо каражаттарын колдонууга жаңы ыкмалар аныкталган жана колдонулууда.

Мамлекет илимий, эксперттик жана аналитикалык, интеллектуалдык продукттарга буюртма жана туруктуу суроо талапты түздүжана 2020-жылдын бюджетинен тартып бул максаттарга тийиштүү каржылоону бөлдү. Уюмдар, чыгармачылык топтор тарабынан өнүгүүнүн бардык актуалдуу багыттары боюнча системалуу изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Мамлекет тендер аркылуу мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алат.

Изилдөөлөрдүн тематикасынТӨУК аныктайт. Үзгүлтүксүз негизде 3-5, 10 жана 25 өнүгүү жылдарына стратегиянын багыттары боюнча илимий негизделген болжолдор берилет.

Мамлекеттик башкаруу системасында программанын жана долбоорлук иштин технологиялары өздөштүрүлдү. «Максаттар/жыйынтыктар боюнча башкаруу» инструменттери киргизилген. Программаларга жана стратегияларга мониторинг жүргүзүү жана баалоо система киргизилген. Стратегиялык документтерди иштеп чыгуу процесси тийиштүү Регламенттерди өзгөртүү аркылуу бюджеттик процесс менен байланыштырылган.

Максаттар/жыйынтыктар боюнча башкарууну ишке ашырган мамлекеттик органдардагы Улуттук программалардын дирекцияларында каржылоонун үстөмдүк кылуу принциби менен программалык каржылоо киргизилген.

**МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО**

2040-жылга өнүгүүнүн күтүлгөн сыпатталышына жетүү артыкчылыктарды сапаттуу аныктоо, ар бир коюлган максатты так жана отчеттуу аткаруу менен ар бир этапта өзгөрүүлөрдү башкаруудан көз каранды.

Коюлган максаттардын жана милдеттердин жогорку өлчөнүүчүлүгү, прогресске дайыма мониторинг жүргүзүү, индикаторлорду терең изилдөө, ошондой эле тышкы жылышуулардын жыйынтыгында өз убагында мамиле кылууга жана оңдоого мүмкүндүк берген башкаруу системасы Стратегиянын негизги талабы болот.

Стратегия жүктөлгөн милдеттердин ишке ашырылышы үчүн жеке жана институционалдык жоопкерчиликтин шайманын белгилөөгө тийиш.